**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК 373.3.016 (575.2) (043)**

**АСАНАЛИЕВА МЭЭРГҮЛ МАКСУТАЛИЕВНА**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН МАТЕРИАЛДАРЫН КОЛДОНУУНУН ИЛИМИЙ-ДИДАКТИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын**
**изденип алуу үчүн жазылган**
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Сакиева Сайипжамал Салайдиновна**

**Ош-2023**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.......................................................................................3

**БИРИНЧИ БАП. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН КОЛДОНУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРОБЛЕМАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ**

1.1. Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы.......................................................................................14

1.2. Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун максаты, милдеттери................27

1.3. Балдар адабиятындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши.......................................................................................48

*Биринчи бап боюнча корутунду.......................................................................................65*

**ЭКИНЧИ БАП. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору.................................69

2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү.................................88

2.3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары...................................101

*Экинчи бап боюнча корутунду.......................................................................................119*

**ҮЧҮНЧҮ БАП. МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛАНЫН РУХАНИЙ ТАРБИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА БАЛДАР ЧЫГАРМАЛАРЫН КОЛОНУУНУН ФОРМАЛАРЫ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**

3.1. Балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун формалары жана методдору.......................................................................................122

3.2. Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятындагы материалдарды колдонуу аркылуу руханий тарбия, билимин калыптандыруу технологиясы.......................................................................................145

*III бап боюнча корутунду.......................................................................................167*

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**.......... 170

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**.......................................................174

**ТИРКЕМЕЛЕР**.......................................................................................192

# КИРИШҮҮ. ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ар кандай коомдук түзүлүштө анын социалдык-экономикалык түрдүү формациясында адамдын материалдык эмес, руханий жактан калыптануусу биринчи пландагы маселе болуп келген. Анткени адамдын инсандыгы (личносту) анын руханий, адеп-ахлактык абалына жараша калыптанат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-декабрындагы «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгында «Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүн каптаган кризис өндүрүштүк мамилелердин түзүлгөн ыкмасы, тынымсыз керектөөчүлүк жарыш, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, анын натыйжасы катары саясий системанын, экономикалык мамилелердин кризиси жана адамдардын жүрүш-турушундагы руханий, адеп-ахлактык башаттын төмөндөшү менен байланышкан руханий чөйрөнүн үстүнөн материалдык мамилелердин артыкчылыгы дүйнөдөгү, анын ичиндеги Кыргызстандагы системалуу кризистин башталышы жана себеби болуп калды», - деп жазылат [88, 4 б.].

Мектепке чейинки курактагы балага руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү – анын инсандык жан дүйнөсүн ойготуу дегендик. Бул иште балдарга арналган көркөм адабияттын ролу эбегейсиз чоң, анткени ал чыгармалардагы турмуш чындыгы, поэтикасы, акыл-насаатка карк идеясы, чынчылдыкка тарбиялоо – булардын баары баланы жашоодогу жамандык менен жакшылыктын ажырымын аңдоого негиз болуп берет.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына абалтан артыкчылыктуу маани берилип келет. Бул баарынан мурда, илимий, педагогикалык коомчулуктун жана тиешелүү мамлекеттик кызматтардын билим берүүнүн мазмунун гана эмес, республиканын бүткүл билим берүү мейкиндигинде өсүп келе жаткан муунга руханий билим берүүгө учурдагы каражаттарын жана ыкмаларын

тереӊ карап чыгуу зарылдыгын шарттайт. Мектеп жашына чейинки балдардын эмоционалдык, эрктик жана руханий жактан жетиле электигин эске алганда балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды балдар бакчасында (мектепке чейинки курактагы балдарга жаш өзгөчөлүгүнө карата) колдонуунун мааниси, инсанды калыптандырып, руханий таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат. Улуттук жана адамзаттык руханий асыл баалуулуктардын  башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта (балдар адабиятында), анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. Соӊку жылдары балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, балдар адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Балдар адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери системалуу чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илим тармагынын калыптанып өнүгүшүнө М.Р. Рахимова (1967; 1974; 1993), М.Т. Түлөгабылов (1991), М.С. Сулайманов (1992), Н.И. Ишекеев (1994; 2014), К.С. Сейдекулова (1993; 2012; 2016), С.М. Момуналиев (1995; 2011), С.К. Рысбаев (1998; 2014; 2016; 2021), А.Ж. Муратов (2012; 2015, 2021), С.Т. Батаканова (1988; 2011), С.С. Сакиева (1992; 2013, 2019), Г.Орозова (2002), К.А. Исаков (2012), А.А. Алимбеков (2010; 2018; 2020), А.Т. Саттарова (2019; 2020), К.К. Акматов (2014), Т.Н. Каранова (2010), Н.А. Мараимова (2012), Т. Молдогазиев (2013), Н.Э. Абдраева (2016), Ж.А. Эшиев (2006) ж.б. окумуштуу-методисттердин салымдары чоӊ.

Ушул багытта, балдар адабиятын, андагы балдар фольклорунун жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрүн окутуу жана түрдүү методдор менен пайдалануу маанилүү ролду ойнойт. Ошондуктан балдар адабиятын теориялык жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү бир системадагы дидактикалык шарттарын түзүп алуу зарылчылыгы турат жана балдар чыгармаларын заманбап технологияларга ылайык окутуу

методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбаларды жалпылаштыруу, инсанга багытталган окутуу зарылдыгы изилдөөбүздүн ***актуалдуулугун*** аныктайт.

Учурда руханий, адеп-ахлактык тарбия берүүдөгү негизги каражаттардын жаңы технологияларын иштеп чыгуу жана аларды мүмкүн болушунча тез арада окуу-тарбия процессине киргизүү зарылдыгы турат. Окуу-тарбия процессиндеги заманбап инновациялык технология – бул биздин шартыбызда, мектепке чейинки курактагы балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоонун технологиясы, балдар адабиятындагы чыгармалардын мазмуну, формалары, каражаттары жана колдонуу ыкмалары, ага методикалык курал катары интеграцияланган окуу ишмердүүлүгү да кирет.

Билим берүү жана тарбия системасындагы баштапкы жана негизги этап болуп мектепке чейинки билим жана тарбия берүү процесси. Бул Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында да чоң маани берилип көрсөтүлгөн. Мектепке чейинки билим берүү системасындагы окутуп-тарбиялоонун теориясы менен практикасы – бул мектепке чейинки баланы ар тараптан өстүрүүнү камсыз кыла турган теория менен практика. Мектеп жашына чейинки курактагы балада түрдүү базалык сапаттар калыптандырылат. Анын өнүгүшү келечекте канчалык ийгиликтүү болушу мектепке чейинки куракта алган билимине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө түздөн-түз байланыштуу. Кыргыз педагогикасында тарбия ар дайым руханий чөйрөнүн өнүгүшү менен байланышкан жана өзүнүн алдына негизги максатты – баланы дүйнөнү жана адамдарды өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүнө ишенген ойлуу, адептүү, кайрымдуу, абийирдүү тарбиялоону койгон. Бала бакчадагы руханий тарбиялоонун сапаттык жаңы баскычы – бул анын мазмунун балдардын күнүмдүк жашоосуна, балдардын бардык иш-аракеттеринин түрлөрүнө жана мектепке чейинки билим берүүнүн салттуу методдорун интеграциялоо иштери негизги каражаттардын бири болуп келген. Балдар адабиятынын материалдарын мектепке чейинки курактагыларга билим жана тарбия берүүдө колдонуу маселелери айрым

адистердин (М.М. Рахимова, К.С. Сейдекулова, А.Ж. Муратов, С.К. Рысбаев, А.Т. Саттарова Н.Э. Абдраева) кандидаттык жана доктордук диссертацияларында, илимий-макалаларында каралган. Булардын ичинен Н.Э. Абдраеванын диссертациясы биздин изилдөөгө жакын болгону менен ал изилдөө жогорку окуу жайларында балдар адабиятын окутууга арналган [1, 213 б.]. Тарых предмети боюнча Айтымбет кызы Айгүл «Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн абалы жана келечеги» [10, 276 б.] деген темада диссертациялык изилдөө иштерин жүргүзүп, бирок анда балдар адабиятынын чыгармаларын объект катары алган эмес. Соңку жылдары корголгон К.Б. Миңбаеванын «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору», Ф. Дайдиеванын «Жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларын руханий калыптандырууда Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн педагогикалык негиздери» [55, 285 б.] деген темаларда кандидаттык, Г. Карабалаеванын «Заманбап шарттарда үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия берүүнүн өз ара байланышы» [74, 289 б.], ал эми А.Т. Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» [150, 231 б.] деген темаларда доктордук диссертациялар биздин изилдөөбүзгө тике жана кыйыр катышы бар. К.С. Сейдекулова «Мектепке чейинки курактагы балдарды ыймандуулукка тарбиялоо» аталыштагы изилдөөсүн жүргүзгөн [152, 220 б.].

Демек, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен практикасында азыркы мезгилге чейин балдар чыгармаларын пайдаланып заманбап шартка шайкеш уюштурууга карата системалуу изилдөө иштери аздыр-көптүр жүргүзүлдү. Ошентсе да мектепке чейинки курактагы балдарды балдар чыгармалары аркылуу руханий маданияттуулукка ээ болууга жана тарбия процессин калыптандыруунун жалпылыгы, өзгөчөлүктөрү тууралуу түрдүү пикирлер айтылат. Балдар адабиятын изилдөөчү адис М. Түлөгабылов: «Жаш муундар келечек ээси болгондуктан, аларга туура тарбия берүү – балдар адабиятынын ыйык милдети. Ал аркылуу улуттук баалуу мурастар, көркөм

дөөлөттөр балдардын чыныгы инсан болуп калыптануусунда атуулдук сезимин козгогудай, руханий жан дүйнөсүн өстүргүдөй болуп пайдаланылат», - дейт [172, 103 б.].

Балдар адабияты аркылуу билим-тарбия берүү боюнча Б. Апышов, Д. Бабаев, Т. Жоробеков сыяктуу окумуштуулардын пикирлерине ылайык: «Тарбия инсанияттын түбөлүк камы, анткени адам баласы жаралып дүйнөгө келген учурдан баштап эле тарбияга жана тарбиячыга муктаж. Ал тарбиячысыз өсүп жетилмек тургай жөнөкөй эле жашап туруугa да жөндөмсүз. Тарбиячынын жана ата-эненин жардамы менен ал акырындап денеси чыңалып чоңоёт, акылы өнүгүп бойго жетет, инсанга айланат. Анын нагыз руханияттык каражаты көркөмдүгү ажайып көкөлөгөн оозеки адабиятыбызда. Алсак, табышмактар балдардын эс-акылынын зиректигин, баам-парасатын, ой-чабыттарын логикалык жактан өркүндөтүп өнүктүрсө, элдик оюндар айыгышкан татаал кырдаалда түрдүү айла, амал менен туюктан бачым жол таап чыгып, чапчаң, ден-соолугу чың, чыдамкай, күчтүү болууга үйрөтөт. Ал эми жомоктор адамды баарынан күчтүү кылган да, акылдуу, адептүү кылган да адал эмгек экендигин көрсөтүп, адамдагы калыстык, айкөлдүк, ыймандуулук касиетти даңазалайт» [12, 5-7 бб].

С.К. Рысбаев белгилегендей: «...бүгүнкү күндө биздин кыргыз балдар адабиятыбыз теориялык жактан да, практикалык жактан да, б.а., илимий-методикалык жактан жакшы изилденбеген. Кыргыз мектебинде балдар адабияты республикабызда мектеп жаралган күндөн бери окутулуп келатса да, ал эчак эле фундаменталдуу илмий-методикалык изилдөөлөрдүн объектиси болууга тийиш болсо да, илимпоздорубуз менен методисттерибиз ага ушу кезге чейин жең түрүп кирише элек» [141, 4 б.]. 2012-жылы жарык көргөн «Кыргыз балдар адабияты» аттуу эмгекте А.Ж. Муратов менен К.А. Исаков: «Балдар адабияты – келечек муундарды тарбиялоонун маңыздуу, майнаптуу формаларынын бири болсо, неге ал тууралуу келечектеги мугалим, тарбиячылар аз билишет? Ар кайсыл адистиктин предметчи мугалимдери, мейли ал математик болсун, физик болсун, дене

тарбия мугалими болсун, ал биринчи кезекте – тарбиячы, ал эми тарбияны ишке ашыруунун көркөм сөздөн өткөн натыйжалуусу жок, андай болсо педагогикалык адистик берүүчү университеттерде, институттарда, колледждерде, балдар адабияты предметин бала бакчалардын тарбиячылары жана башталгыч класстын мугалимдери менен гана чектелбей бардык гуманитардык адистикте окуп жаткандар үчүн киргизүү мезгил талабы» [114, 33 б], - деп жазышат. А.А. Алимбеков «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы (тарыхы, азыркысы, көйгөйлөрү)» деген эмгегинде мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы бардык предметтерди окутуудагы окуу программаларына токтолуп: «...бул программанын ишке ашыруунун методикалык системасы жеткилең иштелип чыкпагандыктан, мугалим-тарбиячылар көбүн эсе башталгыч класста колдонулган метод жана ыкмаларга таянып келишет» [8, 61-62 бб], - деп баса белгилейт.

Демек, балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий тарбия жөнүндөгү мындай көрүнүш мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы окуу программасына да өз таасирин тийгизип келет.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдарды мектепке даярдоо «Наристе» (480 саат) «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият», 3 жаштан 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасындагы «Көркөм адабият» бөлүмүндө берилген болжолдуу тематикалык план түзүлүп сунуш кылынган.

Балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды пайдалануунун жана мектепке чейинки билим берүүнүн заманбап практикасында адабий чыгармаларды талдоо жана жалпылоо, билим берүүнүн азыркы социалдык-педагогикалык практикасын изилдөө төмөнкүдөй ***карама-каршылыктардын*** бар экендигин шарттады:

• ар бир баланын инсандыгын эркин руханий-адептик жактан өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө коомдун объективдүү муктаждыгы жана мектепке чейинки курактагы балдар менен тикелей иштөө практикасында бул маселенин системалуу технологиясынын жетишсиздиги;

• мугалимдердин, тарбиячылардын инсанды руханий жактан тарбиялоонун практикалык сапаттуу программаларын алуу зарылчылыгы жана колдонууга даяр интегралдык системаларынын аздыгы;

• балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий тарбиялоо коомдун талабы болсо да, жогорудагыларды ишке ашыруунун илимий-усулдук негиздеринин турмушка толук түрдө ашырылбай жаткандыгы;

• бала бакчада руханий жактан тарбиялоонун жана билим берүүнүн зарылдыгы менен көйгөйдү чечүү үчүн балдар адабиятындагы усулдук колдонмолордун жетишсиздиги.

Белгиленген карама-каршылыктардын жыйындысы жана алардын себептерин чечүү бул изилдөөбүздүн проблемасын аныктап, темабызды **«Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары»** деп атадык.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:** Иштин темасы «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашыруу жана Ош мамлекеттик университетинин «Педагогика», «Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы», «Башталгыч билим берүүнүн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы» кафедраларынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** – балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу мектепке чейинки курактагы балдарды руханий жактан тарбиялоонун уюштуруу ченемдерин, илимий-дидактикалык шарттарын, формаларын жана каражаттарын аныктоо жана системалаштыруу, окутуунун азыркы талаптарга шайкеш технологиясын иштеп чыгуу, эксперименттик жол менен текшерүү жана практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:** Изилдөөнүн максаты, объектиси жана предмети төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү шарттады:

- мектепке чейинки курактагы балдарды руханий жактан тарбиялоонун теориялык негиздерин үйрөнүү;

- мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоо процессинде балдар адабиятынын ролун толуктоо;

- балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутуунун алгылыктуу методдорун аныктоо;

- алгылыктуу методдорду педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана аны практикага колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн божомолу:** Мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоодо балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун оптималдуулугун өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоодо балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун методологиялык негиздери туура аныкталса;
- балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонууда алардын тектик, түрдүк, жанрдык, тилдик бөтөнчөлүктөрү, тематикалык багыттары туура табылса;
- руханий тарбия берүүдө балдарга арналган чыгармаларды пайдаланууда балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү туура аныкталса;
- мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун салттуу жана жаңычыл методдору айкалыштырылып натыйжалуу пайдаланылса;
- балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий тарбия берүүдө азыркы коомдугу өзгөрүүлөр, балдардын жеке жашоо-турмушу, социалдык процесстер менен байланыштырылса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**: Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар

адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун илимий-методикалык негиздеринин аныкталышында; мындагы дидактикалык шарттардын, изилдөө методдорунун такталышында; балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун технологияларынын иштелип чыгышында; руханий баалуулуктардын семантикалык мазмунун акырындык менен өздөштүрүү процессинде мектепке чейинки балдардын руханий жактан өсүшүндө балдар адабиятындагы чыгармаларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун педагогикалык шарттары аныкталгандыгында; дидактикалык жана тарбиялык потенциалын аныктоого, ошондой эле балдар чыгармаларын мектепке чейинки, үй-бүлөлүк тарбиялоонун шарттарында колдонуунун өзгөчөлүктөрүн негиздөөгө мүмкүндүк берген концепциялардын иштелип чыгышында.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия жана билим берүүдө балдар чыгармаларынын окуу программалары менен окуу китептериндеги абалы анализденип, балдар адабиятындагы конкреттүү чыгармаларды окутуунун заманбап технологиялары иштелип чыгып, практикада колдонууга сунуш кылынат. Биздин бул аракетибиз мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу багытындагы кийинки изилдөө иштерине өз салымын кошот деген ойдобуз.

Изилдөөнүн натыйжасында түзүлгөн жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын **ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү** илимий база менен, анын ичинде изилдөө методдорунун бүтүндөй комплексин колдонуу менен камсыз кылынды; мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги иштин жыйынтыктары узак мөөнөттүү апробацияланды; көп жылдык эксперименталдык иштерди уюштурууга жана ишке ашырууга катышкан тарбиячылардын тажрыйбасы кенен пайдаланылды.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Мектепке чейинки курактагы балдарда руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү ишинде кыргыз балдар адабиятынын көөнөрбөс кенчи, көркөм мурастары негизги булак катары кызмат кылынгандыгы шарт.

2. Балдар адабиятындагы чыгармаларды пайдалануунун тарбиянын кайсы этабында, канчанчы топтогу жана кайсы көркөм чыгарма канча саат өтүлүп жаткандыгына байланыштуу окутуунун технологиясын тандалып алынышы жана окуу-тарбия процессинде колдонулушу зарыл.

3. Ар бир көркөм чыгарманын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүнө, көтөргөн проблемасына, эстетикалык, руханий барк-баасына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө ылайык маанилик мазмуну жана көркөм формасы балдардын ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө жардам берген чыгармаларды тандап алуу менен сынчыл ойлом, проблемалык окутуу, көркөм текстти интерпретациялоо, топтордо, жекече иштөө сыяктуу интерактивдүү методдорду колдонуу алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык эксперименттин, иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер, практикалык тажрыйбалар изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылып, алар боюнча тыянактар чыгарылды. Балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун технологиялары талданып, алар боюнча аткарылуучу иш-аракеттер жекече жүргүзүлдү. Иштелип чыккан технологияларды педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, алынган натыйжалардын негизинде зарыл толуктоолорду киргизүү изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы:** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары Кыргызстанда (2018; 2019; 2020; 2021; 2022), Казакстанда (2020), Россияда (2020) өткөрүлгөн эл аралык конференцияларда жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Ж. Баласагын атындагы КУУнун, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад

мамлекеттик университетинде ж.б. окуу жайларда өткөн илимий-практикалык, республикалык конференцияларында, Ош мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология факультетиндеги башталгыч билим берүүнүн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы кафедрасынын жыйынында талкууланган. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу диссертациялык кеңеште алдын ала коргоодо талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы**: Изилдөөбүздүн темасы боюнча жана анын жыйынтыктары 17 илимий макалада жарыяланды. Анын ичинен РИНЦ статусундагы 0,1 ден жогору импакт фактору бар басылмаларга 6 илимий макалада, 2 илимий макала (РИНЦ) эл аралык басылмаларда, 9 илимий макала Кыргызстандын басылмаларында басылып чыкты.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы:** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы бети – 196, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 183, таблицалар – 8, сүрөттөр – 4, тиркеме – 3.

# БИРИНЧИ БАП. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН КОЛДОНУУНУН ТЕОРИЯЛЫК – МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРОБЛЕМАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

## 1.1. Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы

Мектепке чейинки курак – баланын жашоосундагы маанилүү мезгил, ал өзүнүн жеке мүмкүнчүлүктөрүн сезе баштайт, өз алдынчалуулукка болгон муктаждыктары калыптанып, аны курчап турган чөйрөнү аңдоонун, элестетүүнүн негизги элементтери пайда болуп, андагы жакшылык менен жамандыктын ажырымы байкалып бараткан учур, үй-бүлөлүк түзүлүштүн, андагы карым-катнаштын сырларын, туулуп-өскөн жер тууралуу алгачкы түшүнүктөрү калыптана баштаган мезгил. Мунун негизи, үй-бүлөдө, ата-энесинин, бир туугандарынын көз алдында калыптана баштаганы менен, мында бала бакчанын, билим жана тарбия берүү мекемесинин да мааниси чоң. Мектепке чейинки курактагы баланын руханий тарбиясы маселесинде кеминде отуз жыл эмгектенген орус окумуштуусу, педагогика илимдеринин доктору, профессор В.И. Логинова кандидаттык жана кийин доктордук диссертацияларында, алардан кийинки илимий изилдөөлөрү [96, 97, 98, 99, 100, 101] абдан керектигин айткан.

Н.К. Рысмендеева «Руханий дөөлөттөрдүн заманбап билим берүүдөгү мааниси» аттуу илимий макаласында элдик оозеки чыгармачылыкты бала тарбиялоодогу баа жеткис каражаты катары төмөнкүчө аныктайт: «Руханий баалуулуктардын бирден бир түгөнгүс булагы – бул улут, эл. Ал эми оозеки чыгармалар улуттун бай мурастарына таянуу менен муундар ортосундагы байланышты түзөт. Оозеки чыгармачылык канчалык көп кырдуу болсо, элдин руханий турмушу да ошончо бай. Ата-бабалардын изги жолундагы кылым карыткан ушундай бай тажрыйбасын үйрөнүү – нагыз руханий

тарбиянын белгиси» [145, 118 б]. Адамдын руханий, адеп-ахлактык тарбиясы, педагогиканын гана изилдөө объектиси эмес, ал философиялык да изилдөөлөрдүн объектси.

Элибиздин дүйнө таанымы, турмушка жана адам тарбиясына, анын тарбиясына болгон принциптүү мамилелерин, көз караштарын белгилеген окумуштуу философтор А. Салиев, А. Какеев, О. Козубаев, М. Осмонов, Ш.Б. Акмолдоева, А. Бекбоев, Р.Ачылова, Ж. Бөкөшевдин бир нече илимий эмгектери, макалалары жарыяланып келди. Алардын ичинен А. Салиев: «Көркөм өнөр (мында ал жалпы эле чыгармачылыкты айтып жатат) – адамдардын реалдуу турмуштук көрүнүштөрү тууралындагы толгонууларынан жаралат», деп оозеки чыгармачылыктагы руханий дөөлөттөрдүн философиялык, таанып билүүчүлүк, этнологиялык жана аксиялогиялык функциясын баса белгилеген [148, 108 б.].

Ал эми балдар адабиятына келсек, ал бүтүндөй чыгармачылык чөйрөдө үлгү болорлук тажрыйбага ээ болду. Өлкөбүздө өспүрүм муундарга заманбап тарбия берүүдө ийкемдүү курал болгон балдардын көркөм бийик көп улуттуу адабияты түзүлдү. Ал жалпы окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, демократиялык турмуштун маданий аренасында татыктуу орун алды.

«Руханий маданият – адамдардын жамааттык аң-сезими, туюп-билүүсү, кабыл алуусу, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, диний ишеними ж.б. тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк иш аракеттердин жалпы системасынын жыйындысы» [Энциклопедиядан, 25 б.].

Окумуштуу Т.М. Титаренконун пикиринде: «Эгерде материалдык өндүрүштүн натыйжасы – материалдык байлыктар, мүлктөр болсо, рухий өндүрүштүкү – рухий байлыктар, идеялардын дүйнөсү. Эгерде материалдык өндүрүш тикелей пайда тийгизчү, колдонмо баалуулуктарды жаратууга багытталса, рухий өндүрүш – билим дүйнөсүн өндүрүүгө багытталат. Рухий өндүрүштүн куралы болуп, тигил же бул ой жүгүртүү формалары кызмат

аткарат да, аларга жардамчы иретинде тийиштүү материалдык каражаттар да пайдаланылат» [168, 229 б.].

Улуттук руханий нарктарга келе турган болсок, кыргыздардын байыртан берки түзгөн, укумдан-тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастары болгону чындык. Алар аздектелген сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылыгы, ырлары, дастандары, эпостору, накыл сөздөрү, бай санжырасы, диний түшүнүктөрү, сырдуу эпиграфикасы, таштагы руникалык керээз жазуулары, балбал таштары, эзелки шаар калдыктары, аземдүү архитектурасы, куттуу боз үйү, кооздолгон күмбөздөрү, кол өнөрчүлүгү, чебер уздардын өнөрү, сызуу-оюулары, залкар күүлөрү жана башкалар. Бул элибиздин накта тарыхы, дүйнө таанымы жана руханий бай маданияты.

Дал ошол руханий азыктын молдугунан, кебелбес кенендигинен кыргыз эли далай тарыхый, тагдыр чечүүчү сыноолордон татыктуу басып өтүп, XXI кылымга жеткендиги жокко чыгаргыс факт. Азыр жогорку окуу жайларында мектепке чейинки педагогика адистиги боюнча билим алып жаткан студенттер үчүн жазылган «Педагогика», окуу китебинин автору И.П. Подласый белгилегендей: «Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому» [133, 77 б.].

Кыргыз элинин руханий жана жалпы эле маданиятынын басымдуу бөлүгүн элдик оозеки чыгармачылык түзөөрү белгилүү. Атадан-балага, муундан-муунга, укумдан-тукумга көркөм мурас катары берилүүчү оозеки чыгармалардын тарбиянын, элдик билимдин, үрп-адаттары менен каада-салттарынын, көркөм чыгармачылыгы, менен диний ишенимдеринин мыкты үлгүлөрү ушул оозеки мурастарда берилген.

Жаңы заман, түп тамырынан бери өзгөргөн коом бүгүн инсандын жаңы тибин талап кылып жаткандыгы шексиз. Алысты көргөн даанышмандар, көсөмдөр жана билермандар адамзат коомунун ургаалдуу, нарктуу, ары бакыбаттуу келечегин аныктаган муунду калыптандыруу милдетин алды. Адам баласы өзү ички туюму, руханий жагынан жаңыланбаса анын жаркын келечегин элестетүү кыйын. Мына ушундан улам бүгүнкү күндө жалпы

адамзаттык дүйнө таанымдык, философиялык, педагогикалык алдыңкы акыл ой инсандын ич жактан жаңыланыш, руханий жактан кайрадан калыптануу маселесинин зарылчылыгын көрсөтүп олтурат.

«Манас» баштаган таалим-тарбияга карк, улуу эпостору, баалуу фольклордук мурастары бар кыргыз эли XXI кылымдын босогосунда руханий, адеп-ахлактык сыноолордун алдында турду. Ал сыноолор руханий, адеп-ахлактык жактан тазалануу менен тыгыз байланышкан. «Эгерде жаңы турмушту куруу процессинде жаңы адам калыптанса гана, башкача айтканда, азыркы адамдын мүнөзүнүн, рухунун структурасында фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп өтсө гана жаны коом курулушу мүмкүн», - деп жазат, философ Эрих Фромм [175, 234 б.].

Рухий баалуулуктар адамдын жан дүйнөсүнүн азыгы, анын эмоционалдык маанайы менен байланышта карала турган көрүнүш. Мисалы, озон катмары жердеги тирүү жандын бардыгын күндүн зыяндуу нурларынан коргоп тургандай эле, руханий, адеп-ахлактын бийик нормалары менен адам жан дүйнөсү ар кандай материалдык азгырыктардан, дүнүйөкордуктун зыяндуу кесепеттеринен сактайт. Рухий баалуулуктар башкалар менен жакшы мамиледе болууга да өбөлгө түзөт. Чыныгы достук, жолдоштук мамилелер байлык үчүн эмес, адамдагы асыл сапаттар үчүн баалагандай болуусу керек. Ошол мектепке чейинки курактагы бала тарбияланып жаткан үй-бүлөдөгү бакты-таалай материалдык нерселерден эмес, акылмандык, руханий жан дүйнөнүн азыгы менен сүйүүдөн көз каранды экендигин түшүнгөнү туура.

С. Момуналиевдин «Педагогикалык, психологиялык терминдердин сөздүгү» аталыштагы көлөмдүү эмгегинде: «руханийлүүлүк» концептин төмөнкүчө түшүндүрөт: «Руханийлүүлүк - материализмдин көз карашынан алганда, инсандын мотивдер системасындагы эки фундаменталдуу керектөөлөрүнүн: 1) таанып-билүүгө болгон идеалдуу керектөө; 2) «башкалар» үчүн аракеттенүү менен жашоого болгон социалдык керектөө – индивидуалдуу туюнтулушу. Руханийлүүлүк катары эки керектөөнүн

биринчиси, ал эми экинчиси-адамгерчиликтүүлүк, мээримдүүлүк катары түшүнүлөт. Руханийлүүлүк категориясына таанып-билүү керектөөсүн дүйнөнү, өзүн, адам өмүрүнүн максаты менен маңызын салыштырууга болот. Мына ушул маселелер жөнүндө канчалык ойлонуп, ага жооп табууга канчалык аракет кылса, ошончолук руханийлүү деп эсептелет. Адамдын руханий иш-аракетинин коомдук пайдалуулугу субьективдүү чын дилдүүлүгү менен диалектикалык жактан айкашат, анын сыйлыгы болуп – курчап турган дүйнөнү таанып билүүдөн жана аткарылган милдеттен алган рахат, канааттануу; жазасы болсо – өз күнөөсүн сезүү менен өз абийиринин алдында уялуу саналат» [110, 622 б.].

Кыргыз Республикасында инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө» мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө» жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигини 2021-жылдын 12-апрелинде №441-буйругу менен бекитилип, иштелип чыккан концепциясы билим берүү уюмдарынын инсанды социалдаштыруу ишмердиги менен алек болуучу башка субъектилери менен кызматташуусун камсыз кылуучу негизги нормативдик документтер катары колдонууга, жетекчиликке алууга сунушталат. Мындай ишмердүүлүктүн негизги максаты – инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылууда жетиштүү деңгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылуу болуп саналат. Иштелип чыккан концепцияда түйүндүү түшүнүктөргө токтолуп, руханиятка, тарбияга карата аныктамалар келтирилген. Рухaният – ар кандай доорлордо кайсы бир элди рухтук жактан ички ишеним, аң-сезим деңгээлинде бириктирип турган эң бийик баалуулук жана символ, руханий

баалуулулуктардын жыйындысы. Тарбиялоо – бул адамдын өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн, инсанды коомдо кабыл алынган социалдык маданий жана руханий адептик баалуулуктардын алкагында өзүн-өзү аныктоосу, социалдашуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган ишмердүүлүк [Концепция. media-center.kg/kg/news, 5 – 6 б].

Ал эми «руханий» концептинин (түшүнүгүнүн), бирдиктүү аныктамасы жок. Ошентсе да, бул түшүнүктүн мазмунун түшүндүрүүдө жогоруда айтылган багыттарды эске алып, социологиядагы мындай кубулуштун жашообуздагы ар түрдүүлүгү жөнүндө башка окумуштуулардын түшүндүрмөлөрүн карап, айрым тыянак-бүтүмдөрдү чыгарууга болот (муну таблица түрүндө сунуш кылабыз).

**1.1.1 – Таблица. Руханиятка карата түшүндүрмөлөр.**

| Автор | Аныктаманын маниси | Түзүүчү компоненттер |
|---|---|---|
| Р.Л. Лившиц | Руханият – бул адамдын дүйнөгө карата болгон позициясы, анда адам өзүн дүйнөгө, жалпы адамдык маңыздын жалгыз алып жүрүүчүсү катары көрүнөт. Руханий өсүп-өнүгүүдө социалдык позитивдүү, гуманисттик баалуулуктарга умтулууда, анда адамдын инсан катары жалпы маңызы ачылат. | адам өзүн дүйнөгө, башка адамдарга ачкан дүйнөдөгү инсандын абалы; социалдык, позитивдүү, гумандуу баалуулуктарга умтулуусу; адамдын жалпы ички маңызынын өнүгүшү. |
| С.Л. Франк | Руханият – бул ар бир жеке адамдын үстүнөн болгон чындык. | инсандан тышкары чындык |
| А.И. Подберёзкин | Руханият – бул руханий жогорку моралдык кызыкчылыктардын материалдык кызыкчылыктардан | руханий адеп-ахлактык кызыкчылыктар; |

| | | |
|---|---|---|
| | үстөмдүгү, жогорку жарандык этикалык, эстетикалык идеалдардын болушу. | жогорку жарандык этикалык, эстетикалык идеалдар менен камсыз болушу. |

Ошентип, бул түшүнүккө карата окумуштуулардын мамилелери да ар кандай экендигин көрөбүз. Мектепке чейинки курактагы балдардын тарбия проблемасынын үстүндө көп жылдардан бери иштеп жүргөн окумуштуу В.И. Логинова өз изилдөөсүндө окумуштуулар руханиятты (духовность) төрт багыттын алкагында карашат деген тыянакка келет [97, 125-128 бб.].

***Биринчи багыт*** – руханият адамдын өзүндө жана анын инсандык өзгөчөлүктөрүндө эмес, жалпы адамзаттын баалуулуктары, руханий маданият менен таанышуунун натыйжасында жашоонун продуктыларынан жана аны аныктоодон издөө.

***Экинчи багыт*** – адамдын руханий абалдарынын пайда болушуна өбөлгө түзгөн кырдаалдык жана жеке факторлорду изилдөө.

***Үчүнчү багыт*** – бул багыттын өкүлдөрү, руханий инсанды өзүн-өзү өркүндөтүү жана өзүн-өзү ишке ашыруу принциби, инсандык курулуштун жогорку баалуулуктарына кайрылуу катары карашат. Руханият адамдын өзүнүн ички дүйнөсүн түзүү жөндөмдүүлүгү деп аныкталып, анын аркасында адамдын өзгөчөлүгү ишке ашат жана ар дайым өзгөрүп турган кырдаалдардын алдында көз каранды болбошу.

***Төртүнчү багыт*** – диний мүнөздөгү рух түшүнүгүн билдирет. Мындагы «рух» түшүнүгү «Кудай» түшүнүгүнүн эквиваленти. Кудай бул абсолюттук тазалык. Анын ичинде эч кандай жамандык же күнөө жок. Руханийлүүлүк – бул Кудайды жогорку деңгээлде кабыл алган жана ошону ыйык туткан адам. Кудайды кабыл алуунун биринчи шарты – бул өзүң жөнүндө аң-сезимдүү, жоопкерчиликтүү түшүнүк менен жашоо дегендик: Мен киммин? Мен кандай адаммын? Ишенимдин руханийлүүлүгүнүн негизги көрсөткүчү – бул кичипейилдик, ар нерсеге таза мамиледе болуу.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык, тарбия жалпы адамзаттык жана үй-бүлөлүк баалуулуктардын негизинде жеткинчектердин руханий өнүгүүсүнө шарт түзүүгө багытталган билим берүү тутумунда жүргүзүлгөн максаттуу иш-аракеттер катары каралат да, аларга жашоону өз алдынча аныктоодо, адеп-ахлактык, жарандык жана кесиптик деңгээлин көтөрүүдө, жеке өзүн-өзү реализациялоого шарттарды түзүүдө жардам көрсөтүү болуп саналат.

Руханий жактан өнүгүүнүн, билим берүүнүн жана социалдаштыруунун негизги мазмунун улуттук баалуулуктар түзөт. Адеп-ахлактын салттуу булактары, биздин көп улуттуу эл жана жарандык коом, үй-бүлө, эмгек, искусство, илим, дин, жаратылыш жана адамзат. Демек, негизги улуттук баалуулуктар төмөнкүлөр менен аныкталат:

• патриоттуулук – Ата Мекенге кызмат кылып, өзүнүн кичинекей мекенине, өз элине, Кыргызстанга болгон сүйүүсү;

• социалдык тилектештик – жеке жана улуттук эркиндик, адамдарга, мамлекеттик институттарга жана жарандык коомго ишеним, акыйкаттык, кайрымдуулук, ар-намыс, кадыр-барк;

• жарандык – абийир жана дин тутуу эркиндиги, мыйзамдуулук;

• үй-бүлө – сүйүү жана ишенимдүүлүк, ден-соолук, бакубат жашоо, ата-энени урматтоо, улууларга жана кичүүлөргө кам көрүү, тукум улоо үчүн кам көрүү;

• эмгек жана чыгармачылык – урматтоо, берилгендик жана туруктуулук;

• илим – билимдин баалуулугу, чындыкка умтулуу, дүйнөнүн илимий сүрөтү;

• салттуу кыргыз диндери – диндер аралык диалогдун негизинде калыптанган ишеним, руханият, адамдын диний жашоосу, толеранттуулук идеясы;

• искусство жана адабият – сулуулук, гармония, адамдын руханий дүйнөсү, адеп-ахлак тандоосу, жашоонун мааниси, эстетикалык өнүгүү, этикалык өнүгүү;

• жаратылыш – эволюция, туулган жер, коруктар, Жер планетасы, экологиялык аң-сезим;

• адамзат – дүйнө тынчтыгы, маданияттардын жана элдердин ар түрдүүлүгү, адамзаттын прогресси, эл аралык кызматташтык.

Билим берүү жана тарбия берүү жаатында каралып келген ушул баалуулуктар мектепке чейинки курактагы балдардын жашоосунун өзөгүн түзүшү керек, андагы билим берүү жана тарбия процесси мына ушуга багытталышы керек. Тилекке каршы, азыркы ааламдашуу учурунда бүтүндөй коомдогу терең кризисти, анын таасири менен жаралган руханий баалуулуктардын деградацияланышы жогоруда айтылган иш-чараларга жолтоо болушу толук ыктымал.

Руханий, адеп-ахлактык жактан тарбиялоо – бул инсандын «жүрүм-турум адаттарын жана көндүмдөрүн, анын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процесси» [КРнын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынан].

Мектепке чейинки билим берүү уюмдардагы ар бир курактан баштап балдардын руханий маданияттуулугун калыптандырууда интеллекттик, акыл-эс, эмгек, эстетикалык, экологиялык жана экономикалык жактан тарбиялоого, оюн жана мамилелешүү аркылуу өнүктүрүүгө ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо маселелерине көңүл буруу керектигине чоң маани берилет. «Ким руханий турмушта да практикалык турмуштагыдай билимге таянса, өнүгөт жана ийгиликтерге жетишет», - деп белгилейт окумуштуу педагогдордун бири Е. Аркин [15, 71 б.].

Тарбиячы мектепке чейинки уюмдар үчүн түзүлгөн мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык иштелип чыккан ар бир ишмердүүлүк боюнча балдар жетишүүчү билим, билгичтик жана көндүм-адаттарынын негизги көрсөткүчтөрүнө ылайык иш алып барат.

Коомчулукта элдик оозеки чыгармачылык аркылуу руханий тарбияны калыптандырууда тигил же бул аспектилерин П. Ирисовдун «Балдарга арналган элдик чыгармалардын үлгүлөрүнөн» [72, 123 б.] деген жыйнактан жана Т. Чотбаеванын «Балдарга арналган элдик чыгармалар» [177, 144 б.],

М. Түлөгабыловдун «Кыргыз балдар фольклору, анын жанрдык түрлөрүн окутууга кеңеш», «Элдик оозеки чыгармачылыктагы балдарга арналган ырлар жана алардын түрлөрү» [172, 13 б.]. М. Мамбетакун, К. Токомбаевдин «Кыргыз эл оозеки маданияты» деген эмгектеринде терең изилдөөгө алынган.

Алардын изилдөөлөрүндө элдик оозеки чыгармачылык балдардын дүйнөсүн ар тараптан толук чагылдырып, өткөн доордо балдарга азыркыдай кам көрүлбөсө да, алардын балалык учуру өз мезгилине жараша беймарал өткөн, чоң кишилер менен бирге турмуштун чордонунда болуп, ал тургай ар кандай түйшүктү ата-энелериндей эле көтөргөнүн балдарга арналган чыгармаларында көркөм таасирдүү, элестүү баяндалат деген пикирге келишет. Элдик педагогиканын түгөнбөс булактары, тажрыйбалар, идеялар, акыл-ой мурастарынын өзгөчөлүктөрүн окумуштуу-этнопедагогдор Г.Н. Волков, И. Бекбоев, А.А. Алимбеков, С. Байгазиев, Б. Апышов, А. Аттокуров, Ф. Анаркулов, А. Бердиев, Т. Жоробеков, С. Иптаров, С.К. Рысбаев, А.Ж. Муратов, Т. Ормонов, А. Калдыбаева, Т. Кыдыралиев, З. Кусеинова, Ж. Орозбаев С.М. Саипбаев, С. Чыныбаев, Г.А. Абдымомунова, Ф. Баитова, М. Колдошев ж.б. эмгектеринде терең изилденген.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды илимий-теориялык жактан изилдөөгө алган М.Түлөгабылов элдик оозеки чыгармачылыкты жалпы классификациясын терең карап, буларга токтолгон. «Балдарга арналган оозеки чыгармалар элдин тарыхый жашоо-шартына жараша жаралып, өнүгүп, жеткилең бүткөн түрүнө келсе да такай динамикалык кыймылда, өсүштө турат. Ошондон улам тигил же бул көркөм жанрлар коомдук өсүштүн процессинде жаңы мазмун менен кайрадан жашарып же кээде алардын айрым түрлөрү кадимкидей өмүрүн токтотуп коюшу да мүмкүн» [172, 105 б.].

Ошондуктан, оозеки чыгармачылыктын ар бир жанрына өзгөчө басым жасап, балдар фольклоруна жомоктун бардык түрлөрү – уламыш, болумуш,

тамсил, жөө жомок, дастандар түз жана кыйыр түрдө бала тарбиялоодогу руханий кенч деп эсептеген.

Кыргыз оозеки чыгармачылыгынын азыркы балдар үчүн тааныткыч маңызын терең изилдөөгө алган М. Сулайманов буларга токтолуп, мындайча жазат: «Айталы, фольклордогу лирикалык жана дидактикалык мазмундагы көөнөрбөс мурастар дегениңиз эмне? Алардын бири адам-инсандын улуулугу, экинчиси Ата Журт, анын биримдиги менен ыйыктыгы жөнүндөгү ыр болсо, дагы бири адамзат пендесинин кимдиги? Кантип жана кандайча болору тууралуу эреже-бүтүм, адилет-акыйкаттык, боорукер-кайрымдуулук жөнүндөгү билими катары кызмат өтөп келет» [160, 33-34 бб.].

Балдар адабиятын изилдөөчүлөрү кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын бардык жанрларына кеңири токтолуп, айрыкча мектепке чейинки балдар үчүн айбанаттар тууурасындагы жөө жомокторду 3-4 жашар курагынан эле түптөлүп, барган сайын өнүгүп отурат деген пикирлерин айтышып келет. Адегенде алар жандуу жаныбарлар менен «адам тилинде» сүйлөшүүнүн жактырышат, ансыз аралашуунун кызыгы эмнеде? Балдардын жан дүйнөсүндөгү ушул белгилерди кезегинде В.И. Ленин кылдат байкап: «Ооба, балдар кызыктуу жомокторду жан дилинен берилип сүйүшөрүн мен дагы жакшы билемин. Эгер сиз балдарга короз менен мышык адам тилинде сүйлөшпөгөн жомокту айта турган болсоңуз, буга алар түк кызыгышпаган болор эле» [92, 146 б.], - деп айтканы бар.

Бул пикирди улуу педагог А.С. Макаренко кубаттап, бардык жомоктордун ичинен жаш балдар үчүн аябай жагымдуусу жаныбарлар дүйнөсү жөнүндөгү жомоктор экенин белгилеген. «Бала там-туң басып, тили чыккан күндөн тартып, жети-сегиз жашына чейин өзүн жандуу жаныбарлар дүйнөсүнөн кескин бөлүп кете албайт. Алардын жорук-жосундары менен зоологиялык инстингдерин жактырып, кайталап жана туурап өсө берет. Жаш балдарды ошол шыбагасынан бөлүп кароо, аларды балалык баёлугу менен ыктыярдуу эркинен ажыратууга барабар» [102, 77-79 бб.], - деп жазган болчу. Айталы, кыргыз элдик «Чокчолой баатыр» жомогундагы мышык

өзүнүн жаныбар катары аткаруучу кызматына караганда, социалдык кызматты көбүрөөк туюндуруп турат. Ыңгайлуу учурдан пайдаланып, ал өзүнөн бир нече эсе чоң жолборсту жеңип алат. «Койчу, жолборс жана түлкү» жомогунда баарынан адамдын акыл-эси артыкчылык кылат деген идея ырасталат. «Ач карышкыр» жомогунда болсо, колунда бар дүйнөгө алымсынбаган «ач көз бай өлгөн аттын такасын издеп, алты ай убара болуптур» деген мыскыл, шакаба айтылат.

Бала тарбиялоодо жомоктордун маанисин өзгөчө белгилеп, балдар үчүн жомокторду, ырларды жазып келе жаткан балдар жазуучусу жана окумуштуу С.Рысбаевдин: «Турмуштук жөө жомокторубузда урпактардын тарбиялуу болуусуна коюлуучу мындай таасир этүүчү методдор, методикалык элдик ыкмалар ачык, даана чагылдырылган. Элдик накыл кептерибизде, макал-лакаптарыбызда айтылгандай аларда да терс жоруктары үчүн уяткаруу, жолдон чыгып баратса теске салуу, тыюу, талап коюу, буйрук кылуу, айрым жоосунсуз иштери үчүн зекүү, какыс-кокус кылуу, жазалоо, коркутуу сыяктуу, тарбияга чакыруунун форма-методдору колдонулган эпизоддор жыш. Элибиз мына ошондой эпизоддор, айтылган ойлор, сыпатталган образдар аркылуу урпактарга таалим-тарбия берүүнү көздөгөн» [139, 113 б.], - деген пикири колдоого арзырлык.

Балдар адабиятын ар тараптан изилдөөгө алган окумуштуу А.Ж. Муратов «Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки учурда дагы бир берекелүү иштеген автор Сулайман Рысбаев болду. С. Рысбаевдин жомоктору эркин жана жеңил жазылган, балдарга ылайыктуу тил табылган» деп, ал оюн андан ары терендетип, мындайча жазат: «Турмушта жомокторду укмуштуудай айткан, турган жеринен оозеки жомокторду токуп кете берген кишилер болот, бул алардын таланты, көркөм токуусунун реалдуулуктан алыс нерселерди чыгара алуу деңгээлинин бийиктиги» [111, 253 б.].

Элдик оозеки көркөм мурас тарбиялагыч жана тааныткыч маңызынан, жагымдуу жана ийкемдүү касиетинен бери бардык курак баскычтагы балдар үчүн универсалдуу касиет-белгилерге ээ. Ал аркылуу наристе 2-3 жашынан

тартып биринчи жолу чоң дүйнөгө аралашат, агарат, сүйүнүч менен кайгыга кезигет, адилет менен карөзгөйлүк сыяктуу түшүнүктөр бул курактагы бала үчүн бир кыйла татаал, ачыгын айтканда, күтүлбөгөн жагымсыз жаңылыктарды туят жана моюнга алууга мажбур болот. Эл жомогу болсо бала үчүн аалам-дүйнө таануунун биринчи жана жападан жалгыз татыктуу куралы.

«Кыргыз жомок, эпостору тарыхтын из кубары, сүрөмө-ширетмеси, бейкут, тынчтыкта, көз каранды эместикте, коопсуздукта жашоонун романтикасы, үмүт, күдөрдүн түпкүлүктүү мүдөөсү, түп акыйкаты бар божомолдун туундусу, кутман элдин балдарым үчүн деп кастар уруп ойдон кураштырып, көркөм жалпылаган улуттук алиппеси, эреже бүтүмү эле десе да жарашат» [160, 36 б.], - дейт, М. Сулайманов. Жомоктор адамды баарынан күчтүү кылган да, амалдуу кылган да, акылдуу, адептүү кылган да жомок, алар адал эмгек экендигин көрсөтүп, инсандагы калыстык, айкөлдүк, ыймандуулук касиетти даңазалайт. Жомок – элдик таалим-тарбиянын таасирдүү каражаты гана эмес, кылымдардан бери топтолгон элдик педагогикалык салттарды урпактарга жеткирүүнүнү да жолу болуп кызмат кылат.

М. Сулаймановдун пикиринде «Мектепке чейинки жана тестиер курактагы балдар жомоктой периштелүүлүгү менен мүнөздөлөт, алардын ар бири жомок стадиясында жашашат. Балага бүткөн периште анын кыял жебесине бекем уялайт. Ошондуктан кубулуш менен нерсеге, буюм, затка бүткөн сапаттык касиеттеринен мурун, андагы жашыруун сырлар баланы өзүнө тартып, ээрчитип алат» [160, 34 б.].

Ошентип, кыргыз балдар адабиятынын теориядагы жана окутуу методикасындагы изилдениши анын канчалык маанилүү экендигинен бир эсе кабар берсе, экинчи жагынан, аларды мектепке чейинки курактагы балдарга терең  билим менен татыктуу тарбия берүү ишинде баа жеткис ролу менен ордун таасын белгиленген ойлор, пикирлер, буга чейинки илимий жоболор системалаштырылыптыр.

## 1.2. Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун максаты, милдеттери

Балдарга арналган оозеки чыгармачылыктын максаты жана милдеттери эмнеде? Баарыдан мурда, балдарды кичинесинен эле рухий дүйнөнүн кучагына алып, аларды ар тараптан сезимтал, сергек өстүрүүгө кам көрүп тарбиялаганында жана алардын жан-дилине нукура элдик адеп-ахлак, эстетикалык түшүнүктү сиңиргендигинде. Демек, жаш муундарды туюнуу, кабылдоо сезимине жалпы элдик сапатты, адептүүлүктү, боорукердикти, адамгерчиликти байыр алдырганы, аларды асыл идеалдарга тарбиялап келгендиги боюнча балдар фольклору нагыз элдик педагогиканын милдет-максаттарын аткаруучу илим тармагы экен. Россия федерациясындагы чуваш элинин этнопедагогика мектебин түзүүчүсү Т.Н. Волков «Элдик педагогика – улуу педагогика, улуу педагогдордун баары элдик болушат» [41, 234 б.] деген оюн айтып, элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштерин, кылымдар бою сакталып, байытылып келген рухий-педагогикалык дөөлөттөрүн аздектеп, калк арасына жайылтуу, анын нугунда балдарга туура тарбия берүү, келечекте баланын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсүндө өзгөчө маани берген, демек, мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүү ишинде балдар адабиятынын көркөм чыгармаларын колдонуунун максат-милдеттери да мына ушундай ойлорго үндөшпөй койбойт. Жалпы эле кыргыз балдар адабиятынын теориясын, тарыхын, терминологиясын, адабий процессти, этнопедагогикалык жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасын изилдеп, талдоого алган илимпоздорубуздун эмгектериндеги пикирлери да муну ырастап турат.

Балдар жазуучусу С.К. Рысбаевдин акыркы жылдарда жараткан эмгектери да өзгөчө кызыгууну жаратпай койбойт. Алсак жазуучунун али сыясы кургай элек «Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы»

[142] аталган эмгегинде «Антологиянын мазмунун байыткан – кыргыздын улуттук руханий казынасынын уңгулары болгон акылмандарынын, эртеңин көрө билген көсөмдөрү менен кеп корун сактап, сөз баалаган чечендеринин, улуттук рухий байлыктарыбызды топтогон жазгыч акындарыбыз менен алтын жаак-жез таңдай акындарыбыздын оозунан төгүлгөн акыл мурастары жана ыйманга чакырган ыр саптары экендиги талашсыз» [142, 13 б.] дегени руханий тарбиялоого карата кайрадан жаңыртып, талдоого алганы учурдун эң баалуу мурас-байлыгы деп эсептөөгө болот. Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү анын китептерининде балдарга руханий тарбия берүүгө карата бир катар олутту маселелер каралып, изилдөөгө алынган.

Анын эмгектерде кыргыз элинин байыркы мезгилинен тартып, XXI кылымдын 20-жылдарына чейинки таалим-тарбиялык ойлорунун, көз караштарынын урунттуу учурлары камтылган. Анда кыргыздын оозеки элдик адабиятындагы таалим-тарбия идеялары, бүгүнкү мезгилдеги акын-жазуучулардын чыгармаларындагы жана окумуштуу педагогдордун эмгектериндеги адамды ар тараптан тарбиялоо боюнча урунттуу көз караштар, системалуу ойлор  орун алган.

Улуттук тарбиялоо маданиятына жана элдик билимдер багытындагы окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор  А.Ж. Муратовдун «Кыргыздардын элдик билимдери  жана тажрыйбалары» аттуу эмгегинде да элдик оозеки чыгармачылыкка кеңири токтолуп, жазганы бар: «Этнопедагогика – элдик педагогика тууралуу илим. Ал эми элдик педагогика эки чоң багыттан турат: биринчиси, элдик салттар жана калктын түптөлгөн тажрыйбалары аркылуу тарбиялоо, б.а, элдик тарбиялык ыкмалар, жолдор каражаттар; экинчиси, элдин салттуу билимдери жана эмпирикалык тажрыйбалары аркылуу балдарды, жаштарды үйрөтүү, б.а. элдик билимдер» [110, 11-12 б.].

Мына ошол себептүү балдарга арналган оозеки чыгармачылык педагогикадагыдай же этнопедагогикадагыдай эле мектепке чейинки

курактагы балдардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынып, таалим-тарбия берүүнүн максат, талаптары логикалык ырааттуу жана ар дайым кыймылда болгон динамикалуу келет.

Чындыгында элдик оозеки чыгармачылыкта баяндоонун жөнөкөйлүгү, окуянын ийкемдүү өнүгүшү көркөм образдардын жандуулугу, максаттуу аракети, жаркын менен күүгүмдү таасын ажыратуу жана бекем логикалык ырааттуулугу менен айырмаланып турат. Башкача айтканда, турмуштук татаал карым-катнашты, мыйзам ченемдерди, мамилелерди балдар оңой түшүнгүдөй жана өз алдынча жалпылоого үйрөнгүдөй, ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттыргыдай кылып оозеки чыгармачылык көркөм ой-акылдын системасын иштеп чыгыптыр.

Кыргыз элдик оозеки мурастарын системалуу изилдеп келишкен окумуштуулар К. Мифтаков, К. Рахматуллин, Б. Богданова, Т. Байжиев, З. Бектенов элдик оозеки чыгармачылыкты жанрдык түрлөрүн эске алуу менен балдарды окутууга, тарбиялоого карата да сунуштарын беришкен.

Кыргыздар балдарын эр жүрөк, баатыр, акылман, акыл-эстүү болсун деп, жакшы тарбия берүүгө аракеттенишкен, ошондуктан балдары да ак сөзгө таазим этип, кичинесинен эле улууну урматтоо, ата-эненин айтканын угуу, карынын сөзүнө маани берүү керек экендигин билип чоңоюшкан. Акылман карыялар, нарктуу энелер бала төрөлгөндөн тартып эле аны өмүр бою коштоп жүрүүчү «элиңе керек уул бол», «акыл-эстүү, ыймандуу, кайрымдуу бол», «эне сүтүн акта», «киндик каның тамган жерди сыйла» ж.б. таалим-тарбиялык маанидеги баталарын берип келишкен. Батадагы нускалуу сөздөр менен улуу муун жаш жеткинчектердин жүрүм-турумун багыттап, жөнгө салып турган. Элибизде «Карынын кебин капка сал» деп бийик адеп-наркка ээ болгон улуулардын сөзүнө, акылына, билимине баа берип келишкен.

Муундан муунга берилип келген элдик чыгармалар таалим-тарбия берүүнүн ар кыл каражаттарын жана формаларын өзүнө камтыган. Мындай каражаттардын катарына элдик чыгармаларды киргизсек болот. Элдик

оозеки чыгармачылык аны жараткан эл сыяктуу эле түгөнгүс көркөм байлык, андыктан ал түбөлүктүү. Фольклордун эң башкы белгиси – ал оозеки аткаруучулук мүнөзгө ээ болушу жана коомдун өнүгүүсү, өзгөрүүсү менен улам жаңыланып, байытылып, бирок өзүнүн түпкү көркөм касиетин жоготпой кийинки муундарга оозеки түрүндө өтүп келгендиги. Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын маданияты, оозеки чыгармачылыгы да ошончо көөнө. Анткени жаңылмач, табышмак, апыртма, макал-лакаптар өзүнчө бир жанрдык уруудан турат. Алар бир бүтүн көркөм туюнтманын тобун түзүп, демейдеги ырлардай ритмикалык кубулуштарды, куюлушкан уйкаштык ажары менен руханий сезимге күчтүү таасир калтырат.

М. Түлөгабылов жана М. Сулаймановдун өз изилдөөлөрүндө кыргыз балдар фольклорунун жанрдык тегин, анын ички тармактанган түрлөрүн аздыр-көптүр факты-материалдарга, элдик аныктамаларга, өнүккөн адабий тажрыйбаларга негизделип отуруп, классификациялаганганын  көрсөтүшөт:

***Ырларга*** бешик ырлары, дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар, беймарал маанайдагы ырлар, эмгек ырлары, насаат ырлары, тиричилик ырлары жана тарыхый ырлар кирет.

***Жамак*** **–** буга жаңылмачтар, табышмактар, апыртмалар (калптар), макалдар жана  ылакаптар кирет.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыкта балдар ыры көрүнүктүү орунду ээлейт. Балдардын жаш өзгөчөлүгүн камтыган мазмуну, көңүлдү уюткан көркөм формасы менен ал жаш муундарга руханий гүл азык болуп кызмат кылат. Фольклордогу балдар ырынын тарбиялык мааниси терең. Балдар адабиятын изилдөөчү М. Түлөгабылов «баланын кичинесинен дени сак, сезимтал, сергек, акылдуу, адептүү өсүшүн көзөмөлдөп, эмгекчил болууга тарбиялоо» оозеки чыгармачылыктагы балдар ырынын негизги максатын көздөйт. Ошондуктан кадимки педагогикадагыдай эле мында да дене, акыл, адеп-ахлак, эмгек, эстетикалык тарбия балдар ырынын өзөгүн түзүп турат.

Бешик ыры бала төрөлгөндө эле аны менен бирге жашап, дүйнө

таануусундагы эң алгачкы руханий азык болгон. Бешик ырларында эненин балага болгон сүйүүсү, ага карата каалоо-тилектери берилет. Мисалы, баланын саламаттыгы жөнүндөгү камкордукту төмөндөгүдөй бешик ырларынан көрүүгө болот:

Алдей-алдей, алдей ай,
Жакамдагы кундузум.
Алдей-алдей, алдей ай,
Башымдагы жылдызым.
Алдей-алдей, алдейим,
Ак набат кошкон балдайым.
Ыйлаба балам, ыйлаба,
Энеңдин жанын кыйнаба.
Алдей, алдей, ак бөпөм!
Ак бешикке жат бөпөм.
Ыйлабачы ак бөпөм, ыйлабачы,
Жилик чагып берем сага чучугун.
Байкутанды (итти) байлап жипке,
Берем сага, күчүгүн! [172, 3 б.].

Элдик ырлардын негизги өзгөчөлүгү – балдардын кооздукка болгон сүйүүсүн пайда кылуу, эстетикалык дүйнө таанымын, көз карашын иштеп чыгууда мааниси абдан чоң. Тил каражаттар, композициялык курулуштар элдик оозеки ырларда балдардын жаш-курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша иштелгендиктен, наристеден өспүрүм учурга чейинки аралык өз ырааттуулугу боюнча татаалданып ар бир курактын (наристе, бөбөк, жеткинчек, тестиер жана өспүрүмдүн) кабылдоо жөндөмүн, дүйнө таануусун, көз карашын, билимин арттырып турат. Баланы жашынан инсан катары калыптандыра турган элдик оозеки балдар ырлардын тарбиялык маңыз, маанилери ушунда. Мисалы бешик ырларында ымыркайга кайрылып жатып эле аткаруучулар өзүнүн ички сезимин, көңүл маанайын ой толгоосун,

жашоо абалын билдирет. Ал тургай наристенин келечектеги соболосу, анын болочоктогу жары, бүлөсү тууралуу кыялданат.

Бала чоңоё баштаган сайын ага адам, аалам, теребел жөнүндө маалымат берген, түшүнүгүн арттырган, туюнтмалуу жандуу элес тарткан чыгармалар жаралып келген элдик оозеки чыгармачылыкта. Алар аркылуу эми тили чыгып, сөз маанисине түшүнүп калган наристелерге кылдат, этият жана орчундуу да, олуттуу да тарбия берилген. Ошондуктан дүйнө таануу ырларынын тематикасы, мазмуну, образдары көп тармактуу болуп, бир баштан бөбөккө эсетикалык элестер калтырыла берет. Ачыгыраак айтканда дүйнө таануу ырлары аркылуу жаратылыш, табият, турмуш бөбөккө татынакай, кооз, сонундугу менен системалуу кабылданат. Табият, жаратылыш адам баласынын жашоо булагы, тиричилик байлыгы экенин бала алдырттан туят жана ырайымдуулук, боорукердик сезими калыптанат, өрчүйт. Бул дүйнөгө ээ – адам гана экенин түшүнүүдө болуп, башкаларга жардам кылуу, кам көрүү сезими анын жан-дүйнөсүнө сиңе баштайт. Балага жашында эле адам ыманынын тазалыгын негиздеп, адам ниетинин түзүн түптөп коюу – дүйнө таануу ырларынын максаты. Дүйнө таануу ырларынын түрлөрү төмөнкүдөй: өсүмдүктөр жөнүндө ырлар, макулуктар жөнүндө ырлар, айбанаттар жөнүндө ырлар, мезгил-маал ырлар, жөрөлгө ырлар.

***Эмгек ырлары*** – балдар фольклорунда кеңири орунду ээлейт. Алардын тематикалык мазмуну терең жана ар кыл. Баланын бардык кыймыл-аракетинин өзү чындыгында – эмгек. Баланын бешикте жаткан кезинен баштап, кол арага жарап калган мезилден тарта кыймыл-аракетин акылга салып, билгичтик менен колунан келер жумуштун түрүнө кызыктыруу улуулардын милдети. Көркөм адабият мындай учурда түздөн-түз жардамга келип, балдарга таалим-тарбия берүүдө зор милдеттерди аткарат.

***Насаат ырлары*** – өзүнүн максат, милдети боюнча негизинен абийирдүүлүккө, ыймандуулукка байланыштуу адеп-ахлак маселесин көтөрөт да, элдик турмуштук тажрыйбалардан жыйынтыкталып келип, адамдын жакшы мүнөзү, сапаты жөнүндөгү үлгүлөрдү тартуулайт. Мына

ошондуктан насаат ырлардын тематикасы, мазмуну кыйла тереңдеп, кооздугу, таасирдүүлүгү артылып, көркөм жалпылаштырылган жыйынтыктар канаттуу учкул, накыл жана улуу сөздөрдөн болуп калат. Насаат ырлардагы элдик акылман кеңештер жаш муундардын дайыма өмүр жолунда эске ала турган акыл-оюна жандооч болот.

***Тарыхый ырлар*** – балдар фольклорунда турмуштагы нагыз окуядан алынып чагылдырылган чакан чыгармалардын түрү. Эл-журттун башына түшкөн алаамат учур мындай ырларда психологиялык маанайда кыйла таасын берилген. Эл башына келген андай кыйын кезеңге лирикалык каарман кандай абалда болот, ырлардын максат-милдеттери ошол каармандын эрдигин даңазалоого арналат.

***Жамак*** (кенже жанрлар) – элдик оозеки чыгармачылыкта ырга да, кара сөзгө да анча кошула бербеген поэтикалык чыгарма. Алар жаңылмач, табышмак, апыртма (калп), макал, ылакаптар. Булар бир бүтүн ойдун, көркөм түшүнүктүн жыйынтыктуу бүтүмүн көздөшкөндүктөн, же тээ алыстап барып кайрылып, же чукулунан эле бурулуп эмоционалдуу бүтөт. Мындай учурда көркөм форманын туруктуу ыр өлчөмү сакталып отурганга караганда, куюлушкан жорго сөздөр күчүнө кирип, үстү-үстүнө сабалап, канаттуу, учкул акылман улуу ойлор, түшүнүктөр, элестер менен угармандардын руханий дүйнөсүн байытар максат-милдеттерди аркалайт.

***Жаңылмач*** – көбүнчө балдарды так сүйлөөгө көнүктүрүп, айтууга оор болгон сөздөрдү ачык, туура колдонууга жатыктырат. Сөз байлыгы али жарды балдарга жаңылмачтардын тарбиялык мааниси, таалими чоң экендигинде күмөн жок. М. Түлөгабылов бул боюнча мындай деп жазат: «Жаңылмач өзүнүн табияты боюнча жайдары маанай, тамаша, күлкүнү көздөйт. Балдарга дал ушул керек. Муну менен алар чоң ийгиликке жетишет, б.а. өзүнчө эле чиеленип чырмалган түркүн түймөк фонетикалык жолтоолуктардан өтүшүп, кандай татаал сөздөр болсо да так айтууга машыгат. Жаңылмач – чынында балдардын сөз оюну» [172, 61 б.].

***Табышмак*** **–** балдар фольклорундагы өтө кеңири таркалып келген кенже жанрдын бири. Балдардын сезимталдык жөндөмү өсүп, ар кандай каймана элестердин маанисин тез түшүнүүгө, тез таап алгыдай болуп айлана-чөйрөгө карата назар салуусуна табышмактар зор роль ойнойт. Табышмактар берилиши жана жандырылышы балдардын акылын, сөзүн, билимин өстүрүүгө шарт түзөт, тез, учкул ойлонууларын жетилтет, реалдуу элестер менен дүйнө таануударын байытат.

Мектепке чейинки курактагы балдарды көркөм адабият аркылуу руханий жактан тарбиялоо иштери мугалим күн сайын бала менен руханий байланышта болууну шарттайт. Табышмактар баланын акыл-эси үчүн пайдалуу көнүгүү. Балдар бакчасында тарбиячылар табышмактарды ар кандай иш-аракеттерде колдонуп, аны балдардын курагына байланыштуу, ошондой эле сейилдөө учурунда татаалдаштырып пайдаланса болот.

Табышмактар баладан өзүнө берилген тапшырманы чечүү үчүн өтө кыраакылыкты, акыл-эсин чыңдоону талап кылат. Бул ой жүгүртүүнү, изденүүнү, байкоону өрчүтөт. 4-5 жаштагы балдар менен макал, ылакаптарды колдонуу оң натыйжасын берет. Педагогикада алар элдик чыгармачылыктын бермети деп аталат. Алар акылга гана эмес, адамдын сезимине да таасир этет, андагы окуулар оңой кабыл алынып, эсте калат. Ошондой эле, макал, ылакапты окуу-тарбия ишинин бардык процесстеринде колдонсо болот. Байкоо учурунда аба ырайынын календарын түзүүдө ар кандай макал, ылакаптарды колдонууну тарбиячы шартка жараша аныктап алуусу кажет. Акырындан балдар макалдарды, макал, ылакаптарды оңой эле жаттап алып, күнүмдүк жашоодо колдонушат. Ошентип, макал, ылакаптар тарбиячыга балдардын жүрүм-турум адеп-ахлак нормаларын сиңирүүгө, аларга адеп-ахлак нормаларын көрсөтүүгө жардам берет.

«Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынын дүйнө таанытуучу жана таалим-тарбиялык мааниси – элдик жомокторубуз, балдар ырлары, табышмактар, уламыштар, жана макал, ылакаптар ж.б. илимий теориялык педагогикалык, этнопедагогикалык ошону менен катар эле, философиялык

жактан да кыйла деңгээлде изилдөөгө алынып келди. Ал изилдөөлөрдө элдик оозеки чыгармаларда элибиздин дүйнөгө болгон көз караштары гана эмес, урпак тарбиясынын көөнөрбөс системасы түзүлгөндүгү ачыкталган» [141, 18 б.], - деп жазат С.К. Рысбаев.

Мектепке чейинки курактагы балдар жомоктой периштелүүлүгү менен мүнөздөлөт, алардын ар бири жомок жашоосунда жашайт. Ошондуктан кубулуш менен нерсеге – буюм-затка бүткөн сапаттык касиеттеринен мурун, андагы жашыруун сырлар баланы өзүнө тартып, ээрчитип алат. Дал ошол улуу эстеликтердин мазмунунда деле балдар үчүн, баланы тарбиялоого багышталган эң сонун дидактикалык багыттагы акыл-эс корутундулары, адептүү жүрүм-турумдун эрежелерин бекемдөөчү жоболор бар.

Элдик педагогиканын элементтери болгон накыл сөздөр, элдик оозеки чыгармалар, миңдеген жылдардан бери топтолгон элдик руханий жана маданий мурастардын баалуу үлгүлөрү камтылган «Манас» эпосу, элдик оюндар, элдик кол өнөрчүлүктүн элементтери балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. Мындай мамиле акылмандыктын кенчи болгон элдик педагогиканын бай үлгүлөрү аркылуу, балдарды жалпы адамзаттык баалуулуктарга аралаштырууга шарт түзөт, муундар ортосундагы байланышты, интеграциялык процесстердин үзгүлтүксүздүгүн сактайт. Таалим-тарбия иштери балдарды кичинесинен баштап эле эли жерин сүйүүгө, улууларды сыйлоого, маданияттуу жүрүм-турумга, адеп-ахлак адаттарына, өзүнө берилген тапшырмаларды жана милдеттерди так аткарууга, ага жоопкерчилик менен мамиле жасоого, ынтымактуу ойноп биргелешип иштөөгө үйрөнүүгө, өзүнүн жана башка балдардын кылык-жоруктарына адилет баа берүүнү тарбиялоого, жөнөкөй турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

Жогорудагыдай багыттуу, системалуу таалим-тарбия иштери камтылган иш-чараны балдар бакчасында системалуу пландаштыруу гана баланы кенже курактан баштап аң-сезимдүүлүккө, тартипке жана турмушка тарбиялоого

жана балдарда гумандуулук, толеранттуулукка, өз ара боорукерлик мамиледе болууга жана айлана-чөйрөдө туура социалдашууга шарт түзүлөт.

Адеп-ахлак сапаттардын, этикеттин жана ыймандуулуктун негиздерин калыптандыруу үчүн зарыл болгон коомдук моралдын нормалары тууралуу заманбап билимдердин, талаптардын мазмуну, анын негиздери балдарга жаш курактарына ылайык конкреттештирилип окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүндө ырааттуу берилгени оң. Анткени баланын күндөлүк жашоосундагы иш-аракетинин бардык түрлөрүн камтыгандыгы менен айлана-чөйрөгө оң мамилени тарбиялоонун чоң мүмкүнчүлүктөрүн өзүнө алып, бир катар адеп-ахлак белгилери (тартиптүүлүк, уюшкандык, сарамжалдуулук, жөнөкөйлүк, кыйынчылыктарды жеңе билүүнү калыптандыруу) менен шартталат. Мектепке чейинки курактагы балдарды этикетке (жүрүм-турум маданиятына), көндүмдөргө, жакшы адаттарга калыптандырууга тарбиялоону чоң кишилер жана курдаштары менен мамилелешүү процессин уюштуруу жана иш-аракет маданиятын сактоо, сырткы көрүнүшүн күтө билүүгө тарбиялоо боюнча педагогикалык талаптардын мазмунуна өзгөчө көңүл буруу аркылуу ишке ашырылат.

Руханий билим берүүнү, тарбиялоону өнүктүрүүдө мектепке чейинки курактагы балдарды турмуштун терең сыноосунан өткөн элибиздин ой-пикири, накыл сөздөрү, макал-ылакаптары, санжыралары, каада-салттары жана көркөм өнөрчүлүктөрүнүн дөөлөттөрү, кыргыз эли үчүн тарыхтын, турмуш-тиричиликтин, философиялык жана педагогикалык бийик ойлору камтылган ырлар, жомоктор, кенже эпосторундагы кызыктуу окуялар менен тааныштыруу маанилүү, алар бала үчүн турмуш менен айкалышкан чоң мектеп.

Кыргыз эли нечен кылымдар бою жаш муундарды ыйманга, адептүүлүккө тарбиялоонун көөнөрбөс үлгүлөрүн муундан-муунга оозеки түрүндө калтырып келген. Элдик педагогиканын бай үлгүлөрү эл арасында сакталып, азыркы күндө да өзүнүн маанисин жоготпой, актуалдуу. Ошол эле учурда таалим-тарбияга чоң маани берип, ыйман-ызаатты аздектеген. Улууну

урматтоо, кичүүнү ызаттоо өтө жогорку деңгээлде болгон. Улуу адамдарды урматташып, анын коомдогу орду өтө бийик тутулуп, аларды кичүүлөр сыйлашкан. Укумдан-тукумга уланып келе жаткан бабалардан калган сөз жаштарга таалим-тарбия болуучу окуялар, жомоктор, уламыштар, макал-ылакаптар, ал тургай тамашалар да, балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ болгон. Кыргыздар ар бир жаш курактагы балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, күч колдонбостон эле үлгүлүү сөз, сөздүн күчү менен тарбиялашкан. Бул адеп-ахлак, накыл сөздөрдү уккан жаштардын түшүнүктөрү өркүндөп, жашоого болгон кызыгуусу артып, жомоктордогу айтылган каармандардай болуп эли-жерин сүйүүгө, аны коргоого дилгирленишкен. Улуу инсандардын айткан накыл сөздөрүн, осуяттарын жана окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн жетишкендиктерин айкалыштыруу аркылуу элдик оозеки чыгармаларды, акын-жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм сөздүн бай үлгүлөрүн балдардын жаш курактарына ылайык колдонуп, руханий тарбия берүүгө карата эстетикалык сезимдеринин өркүндөшүнө, калыптанышына, образдуу көркөм сүйлөөсүнө, окуяларды туура айтып берүүсүнө, эне тилинин байлыктарын түшүнүүсүнө жана аларды турмушунда пайдалана алуусуна таасир берүү ошол көркөм мурастарды пайдалануунун максат-милдеттеринин негизи болмокчу. Көркөм сөз, чыгармалар бөбөктөрдүн түшүнүгүн кеңейтип, акыл-эсин өстүрүп, алардын айлана-чөйрөгө болгон кызыгуусун, эне тилине жана башка тилдерге болгон жөндөмдүүлүктөрүн активдештирет жана өздөрдү тыбыштык жактан туура, так, таза сүйлөөгө, сөздүктөрүн, байланыштуу кебин туура калыптандырууга өбөлгө болот.

Мектеп жашына чейинки бөбөктөр өздөрү китеп окуй алышпагандыктан аларга мазмуну кызыктуу, түшүндүрүүгө ылайыкталган: кыска, кооз, көркөм сүрөттөрү бар чыгармаларды окуп берип, сүрөттөрүн бирге карап, мазмуну боюнча суроо-жооп, интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен аңгемелешүү ийгиликтерге жетишүүгө шарт түзөт.

Ошондуктан, тарбиячылар ата-энелерди көркөм чыгармаларды методикалык ыкмалары менен тааныштырып, аларды окулган чыгармалар боюнча балдар менен аңгемелешүүгө, инценировкалоого (куурчак театрлары, манжа, ролдор боюнча аткаруу) катыштырып, керектүү атрибуттарды ата-энелер, балдар менен чогуу даярдашып, кыймыл аракетти сөз менен айкалышта колдонууга үйрөтүүлөрү керек.

Мектеп жашына чейинки баланын турмушунда элдик оози чыгармалар маанилүү орунду ээлейт жана негизги ишмердүүлүгү болуп эсептелет. Элдик оозеки чыгармачылыктын таасири менен балада, сөз байлыгы артат, акылы өсөт, мамилелешүүсү активдешет, өз ара сыйлашуу, эрежелерге баш ийүү, достук, ж.б. нравалык сапаттары калыптанат. «Бала канчалык жаш болсо – деп жазат В.Г. Белинский – аны адептүү жорук-жосундарга үйрөтүү ошончолук жеңил болот. Жакшы салттарга таянуу менен наристе баланы асыл сезимдерге, шыкка жана жакшы адаттарга окутуу эмес, көнүктүрүү гана зарыл» [29, 19 б.].

Баланы дал ушул салттарга көнүктүрүү үчүн элдик оозеки көркөм чыгармадагы каармандардын жоруктары оң таасирин берет. Анткени өзүнө жаккан каармандарынын жоруктарын сөз менен сүрөттөп айтып берүү наристе үчүн «окутуу эмес, көнүгүүгө» айланып, анын өзү образдуу-логикалуу ойлоого өтүүнүн өткөөл шартын түзүп калат. Баланын ойдон көркөм кураштыруусу-чыгармачылыгы алда канча өөрчүйт. Буга жараша анын өздүк мотивдери бир кыйла такталып, эмоциясы күчөйт, ар тараптан чыйрала баштайт. Албетте, бул багытта ата-бабаларыбыздын көркөм жаратмалары ар кыл жана бай болгону белгилүү. Алар чакан жана чоң жанрлардан турган нарктуу, эң абалкылары бейаң, баёо аңгемелер жана уламыштар, жөө жомоктор менен жомоктор, лирикалык жана дидактикалык чыгармалар катары өсүп чыкты. Элибиздин мына ошол асыл кенчи түгөнгүс азык катары азыркы балдарыбыздын кызыктуу көркөм окуучусуна айланды.

Элдик оозеки чыгармалар баланын руханий жан дүйнөсүн ойготуу менен акылына, мүнөзүнө, эркине таасир тийгизип, адеп сезимин өстүрөт.

Ошону менен бирге баланын мүнөзүндө баалуу сапаттардан болгон кайраттуулук, туруктуулук, чынчылдык, бири-бирине жардамдашуу, коллективге баш ийүү, өзүнүн күчүнө ишенүү сезимдерин  пайда кылууда элдик оозеки чыгармачылык тарбиялоонун эң күчтүү каражаты боло алат.

Баланы башынан тарбиялап, баатыр жетилтүүнүн илимине, каада-салтына айландырылган элдик оозеки чыгармалардын урунттуу касиетинин бири оозеки аткаруучулук мүнөзүндө турат. Себеби кайсыл жанр, кандай гана көлөмдүү чыгарма болбосун, жеке адам же коллектив тарабынан аткарылат да, ал мына ошондо гана көркүнө чыгып, искусствонун атайын бир түрү катары калыптанып жетилет. Оозеки чыгармачылыктын өзгөчөлүгүн Ф. Энгельс «Оозеки чыгармачылык – бул баланы келечек жашоого даярдоочу баштапкы мектеп» [183, 347 б.] катары белгилептир.

Эл атайын балдар үчүн жараткан фольклорго оюн ырлары кирет. Бала көз ачып көргөнү оюн аркылуу гана ааламды таануу жолуна бет алат. Ойногон оюндарынын мазмунунан улам, баланын эртеңкисин ачык байкаса болот. Н.К. Крупская: «Оюн мектеп жашына чейинки балдар үчүн чөйрөсүн аңдап билүүнүн жолу» [80, 169 б.] десе, М.Г. Горький «Оюн – балдардын өздөрү жашап турушкан чоң дүйнөсү, балдар аны таанып-билүүгө жана жаңыртууга чакыртылган» [51, 46 б.] дейт. Оюн жана салт ырлары аркылуу Ата-Журтту коргоого, кыраакы, шамдагай, баам-парасаттуу, душманга карата өктөм жана чечкиндүү болууну таспиеттесе, макал менен ылакаптар, санат менен насыят ырлары баладагы жүрүм-турумдун жана көз караштын калыптанышын камсыз кылат. Демек, оюн, баарыдан мурда, баланын жетиктигин, билермандыгын, көзөмөлдүүлүгүн талап кылат жана өнүктүрөт. Тагыраак айтканда, кадимки турмуш түйшүгүндөй, анын жарамдуулугун же жарамсыздыгын ылгайт. Буга эл илгертен ойноп келген «Ак чөлмөк», «Уюм тууду», «Чикилдек», «Ак терек менен көк терек» оюндары  көбө.

Элдик оозеки чыгармачылыкта эс тартып келе жаткан тестиерлерге жана кенже мектеп балдары менен өспүрүмдөргө жарашыктуу чыгармалар көп. Алар көп варианттуу «Бешик ырлары» менен көңүлдүү «Оюн ырлары»,

наристе баланын келечек жолу тууралуу асыл ойлорун жыл маалына толуп, талпынып калган учурдагы «Сал билек» жана каз-каз туруп, алгачкы кадамын шилтеп, басып кетүү учурунда аткарылуучу «Тушоо кесүү» ырларында не деген педагогикалык ойлор жатат. Булардын негизги артыкчылыгы – мугалим же тарбиячынын түшүндүрмөсүн талап кылбайт, күндөлүк турмуш агымы менен эле балага жетип келет жана өмүр бою аны менен бирге жүрөт.

Оозеки көркөм мурас тарбиялагыч жана тааныткыч маңызынан, жагымдуу жана ийкемдүү касиетинен бери бардык курак баскычтагы балдар үчүн универсалдуу жөрөлгөгө ээ. Ал аркылуу мектеп жашына чейинки, наристе 2-3 жашынан тартып биринчи жолу чоң дүйнөгө аралашат, сүйүнүч менен кайгыга беттешет, адилет менен карөзгөйлүк сыяктуу түшүнүктөр бул курактагы бала үчүн бир кыйла татаал жана күтүлбөгөн жагымсыз жаңылыктарды туят жана моюнга алууга мажбур болот.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги окуу программасында жомоктор менен жөө жомокторго кеңири орун берилген. Себеби жөө жомоктордун башка түрлөрүндө чанда гана кезиге калчу гиперболалар менен апыртмалар, жер жарып чыга келген сыйкырчылар менен эл таламын талашкан адилет күчтөр беттешишет. М. Горький: «Жомок дегениңиз негиздүү, ишенимдүү божомолдун чыныгы булагы болгон» [51, 83 б.] деп жазган. Тестиер балдардын каалоосу боюнча реалдуу дүйнөнүн көзгө урунбаган жашыруун сырлары, сыйкырдуу-керемет күчтөрү бар сыяктуу туюлат. Наристе чоң адамдардан айырмаланып алсыз макулук курт-кумурскалар менен канаттуу досторуна боор төшөп, камкордук көрсөтөт, ата-энеден жашырынып барып жем төгүп, уя жасайт, кезегинде аларды ысык жайга узатып, келгендерди биринчи болуп тосуп алат. Ошол аракети менен эле балага алгачкы жолу дүйнө таанууга активдүү түрдө аралаша баштайт.

Айбанаттардын жорук-жосундары тууралуу элдик оозеки чыгармачылыкта балдардын жан дүйнөсүнө ылайык шарттарда пайда болгон десек болот. Анткени ар кайсы элдин кенжетайлары менен тестиер курактагы

балдары, бар болгону адам тилинде сүйлөбөй, көзүн жалдыратып, кишиге жан тарткан макулуктарга балдар боор ачытып, дайыма жакын болушат. Алар менен тил таап сүйлөшкүлөрү келет, мүмкүнчүлүгү жеткенче кам көрүп жана бирге жүрүүгө ынтызар болушат.

Өзгөчө мектеп жашына чейинки курактагы балдар жандуу фантазиянын кубаты менен жаныбарлардын ролун аң-сезимдүү түрдө өз орду менен алмаштырып көрөт. Дал ошол учурда айбанаттардын атынан өзү сөз козгоп, алардын жоругун кандай гана мааниде болбосун айтып бере алат. Негизи, жандуу макулуктар дүйнөсү мектепке чейинки наристелердин турмушунда оң орунду ээлейт, балдардын дүйнө таанып-билүү сезимине урунттуу фактор болуп кызмат өтөйт. Биздин эрага чейинки бешинчи кылымдарда жашаган философ Демокрит: «Жаныбарларды тууроо жолу менен биз көп нерселерге үйрөнгөнбүз, ырдоо жагынан сайрагыч куштар ак куу менен булбулдун, турак-жай кубулушу боюнча чабалекейдин окуучусубуз» деп жазыптыр.

Жаш курагы өскөн сайын балдардын таанып-билүүгө болгон талабы менен кызыгуу чөйрөсү жана жалпы маданий деңгээлдери артып, байып отурары белгилүү. Бала улам кезектеги курак баскычына өткөн сайын, аны руханий жана социалдык активдүүлүгү күчөйт, балалык чөйрөнүн чегинен өтүп, ал чоңдордун дүйнөсүнө аралашууну самайт. Ошондой эле бала менен чоң адам бир эле коомдо, бирдей шартта, а тургай, бир үйдө жанаша жашашканы менен, ар бири аларды эки башка даражада кабыл алышат. Мына ошондуктан, бала кыял-жоругу менен ой-санаасынан, каада-салты менен тулку-турпатынан бизге салыштырмалуу баёо келет.

Бала күн сайын аралаш бирге жүргөн чоң адамдардан деле үлгү алары бышык, бирок ал чыгармадагы каарманындай натыйжа бербейт. Анткени көркөм эмоциянын, образдардын таасири менен күчү аркылуу пайда болгон өспүрүмдүн социалдык активдүүлүгү анын өсүп жетилишиндеги негизги факторлордун бири болуп калат. Анын натыйжасында баладагы саясий-моралдык, адеп-ыймандык, мекенчилдик сезимдери кошо өнүгө баштайт. Н.А. Добролюбов: «Баарынан мурда балдарды образдуу ойлонууга

кызыктырышыбыз керек, ошону менен бирге, алардын акыл-эсине жардам берип, демилгесин, таанып-билүүгө болгон аракетин алоолонтуп, мүмкүн болушунча анын өзүн курчап турган чөйрөдөгү чындык менен кеңири тааныштыруу зарыл» [58, 22 б.] экендигин белгилейт. Ал эми кыргыз окумуштуу – педагогу А. Алимбековдун айтуусунда: «Бабаларыбыздан калган бай мурас, оозеки чыгармаларыбыз биздин рухий дүйнөбүздүн күлазыгы. Акыл дөөлөттөрдү туу тутуп, аздектеп, алгылыктуу табылгалары – оозеки көркөм чыгармачылык азыркы учурда балдарга үйдө болсун, бала бакчадабы, мектептеби, айтор этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп калууда» [9, 43 б.].

Балалык курак – адам-инсандын данек-маңызы, эртең ким болуунун көрсөткүч аныктагычы. Баланы тээ түп башатынан турмуш көзүн таанып-билүүгө, аруу актыкка көнүктүрүп, кыянатчылыкты жерүүгө ынандыруунун саяпкери менен данекери деп эсептелип, байыртадан эле көзөмөл устаттар тарабынан атайын тилек менен даректүү даярдалган көркөм сөз өнөрү – балдардын курак баскычына багышталып жаралган көркөм чыгармалар экени чын. «Кайсы бир себептерден улам, бала кезиңизде окулбай калган нарктуу китеп – түбөлүк жоготкон мүлккө барабар дей бериңиз»-деп айтышат байыркы грек ойчулдары.

Ааламдашуу мезгилинде баланын адабий чыгармалар менен таанышуусу улам солгундап, түшүнүү деңгээли төмөндөп бара жатат. Жеткилең курактан баштап эле баланын башын компьютердик техника, эс тутумун интернет, кулагындагы телефон заманында жашап калышты. Заманбап технологиялардын өнүгүүсү бир жагынан жакшы деп айткан менен бир тарабынан адамзаттын ички жан дүйнөсүн бош, робот инсандарды тарбиялап жаткандыгы өкүнүчтүү. Ушундай кыйын мезгилде баланын жан дүйнөсүн тазарта ала турган эң чоң курал бул – китеп. Китепте жаш курагын эске алуу менен жазылган балдар чыгармалары. Башкача айтканда, кыргыз адабиятынын бир бөлүгү болгон – балдар адабияты. Балдар адабиятындагы чыгармаларды күндөлүк турмушта колдонуу менен баланын руханий,

эстетикалык, адептик тарбиясын калыптандырууга жана оңдоого жетише алабыз. «Балдар адабиятына келген автор окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эсепке алышы зарыл – деп жазат М. Горький – андай болбосо китеби талапкерин жоготуп, же балдарга, же чоңдорго татыксыз болуп кала берет» [51, 15 б]. Дагы бир жазуучу А. Толстой «Балдар китептери кандай болушу керек?» деген макаласында мындай дейт: «Кайсыл бир нерселерди бала түшүнбөй калбагай эле деп, абайлай берүү жарабайт, мейли, ал анча-мынчасын түшүнбөй кала берсин, түшүнбөй калган учуру баланы чыгармачылыкка шыктандыруучу күч болуп эсептелет, түшүнбөгөндөрүн издеп үйрөнөт» [167, 10 б.] деп жазат.

Китепти көп окубаган, көркөм элестетүүсү жарды балдар үчүн биринчи жолу окуган чыгарманын баары жаңы, баары акыл айткандай кабыл алынат да, автор таңуулап жаткан жасалмалуулук менен иши жок. Бир эле курактагы, бирок эки башка маданий деңгээли бар окурман балдардын көркөм чыгармага болгон дал ушул мамилелеринде балдар адабиятынын дагы бир өзгөчөлүгү.

Балдар үчүн жазылган көркөм чыгармалар адамдар, буюмдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр жөнүндөгү түшүнүктөргө келип, жөнөкөй тил менен жазылып, балдардын өз оюн ачык, так бере билүүгө үлгү көрсөтүп, логикалык ойлоосун өстүрүүгө багыт берип, руханий азык боло тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. К.Д. Ушинский: «Балдар адабиятында, айрыкча тилине, стилине маани берип, тил аркылуу гана балдар элдин руханий дүйнөсү менен жеткилең тааныша тургандыгын» [173, 65 б.] белгилеген.

Руханий азык биздин түшүнүгүбүздө өсүп бара жаткан жаш адамга эң оболу ата сөзү, эне сөзү, улуулардын сөзү менен катар эле балдар адабиятындагы чыгармалар менен калыптанат. Бул сөздөр күн сайын таалим-тарбия, акыл-насаат иретинде айтылгандыктан, алар акырындап мээге сиңет, көкүрөккө отурат.

Балдарга арналган чыгармаларды – билим алуудагы көркөм курал, мыкты тарбиячы жана турмуштун окуу китеби катары эсептөө менен өз

кезегинде балдар адабиятын улантуучу Н.Г. Чернышевский балдарды учкул кыял, сезимтал жана акылы да жетик келишээрин айтып, алар менен жөнөкөй тил, эркин сүйлөшүүгө чакырган.

Кыргыз балдар адабиятынын жаралуу, калыптануу тарыхында балдар үчүн мыкты чыгармаларды жараткан белгилүү жазуучулар менен акындар катары: Ш. Бейшеналиевди, К. Эсенкожоевди, Б. Сартовду, К. Тыныстановду, А. Осмоновду, Т. Кожомбердиевди, М. Гапаровду, А. Кыдыровду, А. Токомбаевди, К. Баялиновду, Ж. Бөкөнбаевди, Т. Сыдыкбековду, С. Жусуевди, Ч. Айтматовду, Б. Асаналиевди, С. Рысбаевди ж.б. атоого болот. Булардын чыгармачылыгынын тематикасы да ар түрдүү. Буларда жүрүш-туруш, этика эрежелеринен баштап, коомдук түшүнүктөр – патриоттуулук, атуулдук, гумандуулук, улуттар аралык мамилелелерден тартып турмуштун бардык жактары чагылдырылган.

«»Ш. Бейшеналиевдин «Чыныгы достук», «Сарбайдын уулу», «Ак тайлак» сыяктуу чыгармаларында адеп-ахлактык жана татыктуу жашоо образы жөнүндө жазылып, каармандардын максатка жетүү үчүн кандай күрөшүү керектигине үйрөтөт. Бул чыгарманын күчтүү каармандары баланы жашоодо чыйралтып, өз абийири менен жашоого үйрөтсө, терс каармандар алардын жолун кайталабоого тарбиялайт. Ошентип, балада соолубас руханий азыкка ээ болуу калыптана баштайт.

Мектеп жашына чейинки балдар үчүн адабият жаратуудагы эң негизги нерселердин бири алардын – лексикалык байлыгы менен катар эле руханий тарбияга карк мүнөзү. Н.К. Крупская: «Балдар адабияты өтө жөнөкөй болушу кажет, бирок жөнөкөй десе эле айрым акындар сыяктуу «күчүкчөлөр менен мышыкчалардан турбашы керек», аларда да татаал дүйнөнүн көп тарабы чагылдырылганынын [81, 265 б.] белгилеген.

Кыргыз балдар адабияты жөнүндө сөз болгондо Б. Асаналиевдин чыгармаларына карата сөз айтпай өтүү мүмкүн эмес. Анткени, анын ырлары негизинен мектеп жашына чейинки бөбөктөр менен мектеп жашындагы кенже балдарга арналган. Б. Асаналиев – улуттук балдар адабиятыбыздагы

чыгармачылык салттуулукту карманган акындардын бири. Анын бир белгиси – тематиканы ар тараптуу жана да балага дүйнө таанытуу, балалык кыял-чабыттарын, балалык дүйнөсүн поэтикалуу чагылдыруу, ошону менен бирге эриш-аркак, ажырагыс түрдө улуу катары таалим-тарбия, акыл-насаат берүү идеяларынын мол экендиги талашсыз. Акындын чыгармачылындагы мындай багыттар анын алгачкы эле чыгармачылык чыйырынан байкалган. Анын «Жаз боёгу» аттуу биринчи жарыяланган жыйнагында айтылгандай, баланын кыялы, таттуу тили, ички табияты, психологиясы эне менен баланын эмоционалдык байланышы, табият менен адамдын алакасы, ага жылуу мамиле жасоо, балдардын табият табышмагын билүүгө болгон куштарлыгы, бала жашап жаткан коом, анын балдардын аң-сезимине тийгизип жаткан таасири, эмгектин ролу, эмгекчилдикке тарбиялоо, жана башка багыттардагы таанытуучулук мүнөзүндөгү педагогикалык идеялары чагылдырылган.

Балдар жазуучусу Б. Асаналиевдин ырларындагы дагы бир өзгөчөлүк – баланын жан дүйнөсүн, анын рухий портретин сөз менен тартып, таза дилин, ширин тилин мыкты бере алгандыгы талашсыз. «Мурас» деген ырында бүгүнкү чет элдик фильмдерге кызыгып, улуттук сапаттарыбызды унутуп, атыбыз кыргыз болуп туруп, затыбыз башка болуп кетер коркунуч алдындагы руханий бөксөлүк улуттук нарктарыбыздын кадырын кетирер чакта балдарыбызды нагыз кыргыз атанын наркы менен чоңоюусун самап, минтип жазат:

Ар бир кыргыз баласы,
Ак калпакты кийишсин.
Ак боз үйдө олтуруп,
Комуз черте билишсин!
Элин-жерин сүйүшсүн! [20, 26 б.].

«Эртенки коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык көрөнгөсү көп жагынан мектепте чейинки билим жана тарбия берүүгө байланыштуу болгондуктан ал жерде окутулуучу предметтерди гумандаштыруу, адамзаттын байыртадан бери келе жаткан салттарын улантууну көздөөсү,

жаштарды ыйман-ынсапка үйрөтүүсү башкы милдеттердин бири болуп саналат» [114, 134 б.] деп белгилейт А.Ж. Муратов.

Мектеп жашына чейинки балдардын психологиясындагы урунттуу белгилердин бири – тил маселеси, сөз байлыгы жана анын өсүп жетилиши жөнүндөгү маселе болуп саналат. Бул курактагы балдар «сөзмөр» келишет. Сүйлөп жаткан сөзү маани береби же бербейби? Эшитип жаткан адам түшүнөбү же түшүнбөйбү, аны менен иши жок. Иши кылып, өзү божурап көп сүйлөгөндү жактырат, өзүнүн сөзүн өзү кубаттайт. Маектешип жаткан адамдын сөзүнө анчалык маани бере бербейт, аны баш катырма суроолор менен улам-улам такып сурап, кээде туурап да сүйлөй берет. Демек, көп сөздүүлүк, такып суроо, туурап сүйлөөсү аркылуу мектеп жашына чейинки балдардын сөз байлыгын өстүрүү менен бирге руханий азыкты кошо калыптандырат экенбиз. Ошол эле учурда мектеп жашына чейинки балдардын сөздүк фондусуна караганда, сөздүк составы өтө бай, арбыштуу болот. Ошонун өзү эле алардын жан дүйнөсүндөгү өсүүнүн өзгөчөлүгүн белгилейт. Балдар жазуучулары кичинекейлердин психологиясындагы ушул белгилерди автор бир топ дурус чечет. Көркөм чыгармалар аркылуу баланын түшүнүгү байыйт, кабыл алуу процесси активдешет, көркөм табити өөрчүйт, сүйлөгөн сөзү, койгон суроосу улам тактала берет.

Бүгүнкү жаш адам эртенки кыргыз элинин жүзү. Кандай билим тарбия алганына жараша эртен мамлекетибизди башкарат. Мектепке чейинки билим берүүдө кыргыз оозеки чыгармасынан баштап, азыркы жаш муундардын адабиятына чейин окутулат. Бирок, тилекке каршы, ааламдашуу мезгилинде балдардын китеп окуусу экинчи планда тургандыгы, экран маданиятына көбүрөөк маани берип келе жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес.

Балдар жазуучуларынын ичинен Ч. Айтматовдун кыргыз балдар адабиятынын ырыс-тагдырына тартуулаган көркөм эстетикалык энчиси менен руханий тарбияга эгедер кылган наркы мына ошого барабар. Балдар дүйнөсүнүн өзүнчө катмарлары, өзүнчө түйүндөрү, таанып-билүүнүн жана кабылдоонун өзүнчө манералары бар, ар бир курактагы баланын коом

алдында, ата-эне алдында, өз курбуларынын алдында аткаруучу парзы да, укугу да бар. Жазуучу мына ошонун закон-ченемдерин изилдейт, тилин таап, талуу жерден кармай билгендиги менен айырмаланат. Баланын жашы канчалык кичик болсо, чоңдорго салыштырмалуу анын жан дүйнөсү ошончолук татаал экенин Ч. Айтматов жакшы билет. Ал үчүн жазуучуга өзүнүн ошол курактагы тажрыйбасы жардамга келет. Бул сыноодон өткөн чындык. Балалык мезгилдердин образын түзүүдө Ч. Айтматов дагы өзүнүн балалык тажрыйбасына бекем таяна алган. Мунусун жазуучунун көркөм - эстетикалык концепциясынан ачык эле байкайбыз. Мектеп курагына чейинки баланын жан дүйнөсүн толук ачкан «Атадан калган туяк» аңгемесиндеги Авалбектин образы буга далил.

Адамдын татаал дүйнөсү жакшылык менен жамандыкты, ыпластык менен тазалыкты, аруулук менен сулуулукту алып жүрөрүн түшүнүүсү көркөм чыгарма аркылуу инсанда  калыптана тургандыгын баса белгилеп, мектеп жашына чейинки курактан баштап эле балдар чыгармаларын түрдүү шарттарда колдонуунун заманбап технологияларын иштеп чыгуу зарылдыгы азыр күн тартибинде турат.

## 1.3. Балдар адабиятындагы чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши жана методикалык эмгектерде изилдениши.

В.А. Сухомлинскийдин түшүнүгүндө «Тарбиячы, мугалим баланын руханий дүйнөсүнүн инженери, анын мүнөзүнүн архитектору, инсандык жетилүүдөгү түрдүү илдеттердин дарыгери, акыл-эсиниин тренери, сезим жана ой чабыттарынын дирижёру, адамдын биринчи жүрүм-турумунун адилеттүү соту, роза өңдүү кооз гүлдөрдү өстүрүүчү багбаны» - деп жазганы балдарды инсан катары калыптандырууда, алардын акыл-эсин өстүрүүдө мектепке чейинки билим берүү системасынын ордун өзгөчө бөлүп көрсөтөт [160, 25 б.].

Кыргызстандагы мектепке чейинки мекемелер Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле пайда болгондугу маалым. Ошентсе да азыркы өнүгүү, телчигүү мезгилине чейин деле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектеп жашына чейики балдарды үйүндө тарбиялап жаткан үй-бүлөлөргө усулдук, диагностикалык жана консультациялык жардам берүүнү уюштуруп, координациялап келген. КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин «Совет балдар адабиятынын абалы жана аны мындан ары карай жакшыртуунун чаралары жөнүндө» (1969) деген токтомунда адабияттын бул тармагынын ошондогу абалы терең талдоого алынып, жетишкен бийиктиги менен орун алган кемчиликтери көрсөтүлгөндүгү айтылган. Ошол токтомдон кийин балдар адабиятынын тарыхый-теориялык маселелерин ар тараптан изилдеп чыгуу жана ошону менен катар, аны тиешелүү бала бакча, мектеп, окуу жайларда окутулуш абалын жакшыртууга өзгөчө көңүл буруу жагы орун алгандыгын байкоого болот. Балдар адабиятынын предмети «Көркөм окуу» деп аталып, жалпы билим берүүчү мекемелерде окутулуп баштаган.

Ал эми «Балдар адабияты» курсу дүйнөлүк, анын ичинен, советтик билим берүү системасында узак убакыттардан бери карай эле өзүнчө илим курс катары бир катар атайын орто билим берүүчү жана жогорку окуу

жайларында окутулуп келген. Мисалы, маданият таануу жана педагогикалык, мектепке чейинки тарбияны уюштуруу жана мектеп бөлүмдөрү, атайын орто окуу жайлары менен жогорку билим берүүчү désinституттардын мектепке чейинки тарбия, китепкана иштерин уюштуруу, башталгыч класстын мугалимдерин даярдоо, искусство таануу институттарынын бир катар адистерин даярдоодо колдонулган [160]. Аталган окуу жайларынын ар кайсы адистери үчүн мамлекеттик окуу пландарында «Балдар адабияты» курсу боюнча ар башка көлөмдөгү окуу сааттары белгиленип, ага жараша окутуунун мазмуну – окуу программалары аныкталган. Демек, алардын ар кимисинин спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша окуу куралы зарыл болгон. Сексенинчи жылдар аралыгындагы А. Сыдыков, М. Сулайманов тарабынан түзүлгөн «Кыргыз балдар адабиятынын программасында» [160] балдар адабиятын окутууга карата бир катар орчундуу маселелер каралган. Анда, улуттук көркөм сөз өнөрүнүн алкагындагы тикеден-тике балдарга арналган адабий тек, түрлөрдү, жанрларды кайсы курактагы балдар үчүн тааныткыч, тарбиялоочу мааниге ээ экендиги, бул же тигил чыгарманын жанры, автору, же коллектив тарабынан белгилүү бир баскыч курактагы балдарга даректелген болсо, алардын зарылчылыгын аныктоо аракеттери көрүлгөн.

Демек, программаларды, окуу куралдарын системага салып чыгууда жана жашоо тажрыйбасынан, сыноодон өткөн тарыхый негиздемелерге таянуу милдети турган. Балдар адабиятындагы дидактикалык ырааттуулук, идеялык-тематикалык жактан уламалуулугу боюнча изилдөөлөрүн жүргүзгөн окумуштуу, методисттерибиздин салымдары чоң. Программа түзүүчүлөрүнүн бири М. Сулайманов белгилегендей «...балдар адабиятынын менчигине бүткөн наркы менен касиетин кайсы бир даражада так аныктоо да кыйын. Анын купуя сырлары жакшы чыгарманын өз наркына окшоп, улам окуган сайын жаңырып чыга бере турган кенч» [160, 12 б.].

Сексенинчи жылдардын экинчи жарымында жаңыча ойлонуп, адамдын жан-дүйнөсүн тазартып, жаңыртуу доору башталганда, көркөм нарктарды баалоонун жалпы адамзаттык критерийлери биринчи планга көтөрүлүп

жатканда, балдар адабиятындагы чыгармаларга жаңыча мамиле жасап, баа жеткис көркөм мурасты жаш муундарга окутуу мезгилдин ыйык милдети болду. Балдар адабиятындагы чыгармалардын маданий-руханий ордун, маанисин аныктап алуу милдетин иш жүзүнө ашыруу зарылдыгы кайрадан күн тартибинде турду. Натыйжада, улуттук балдар адабиятыбыздын тек-жайын, өзгөчөлүгүн тактап алууга гана өбөлгө түзүлбөстөн улутубуздун тарыхый таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, социалдык маанисин ачуу баарынан зарыл болгон.

Коом тарабынан мектепке чейинки билим берүү системасына коюлган талаптарды турмушка ашыруу максатында 1980-жылы Ош педагогикалык институтунун ректору тарабынан «Башталгыч билим берүүнүн, мектепке чейинки педагогикасы жана психологиясы» кафедрасы «Педагогика» кафедрасынын курамынан бөлүнүп, өзгөчө структуралык кафедра катары уюштурулган. Кафедра музыкалык-педагогикалык факультетинин базасында уюштурулуп, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын кесиптик жактан даярдоону ишке ашырып келген. 1985-жылы педагогика факультетинин курамында мектепке чейинки билим берүү ачылып, 1989-жылы башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынан «Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы» кафедрасы уюштурулган.

Кыргызстандагы билим берүүнүн бардык звенолору сыяктуу эле мектепке чейинки бидим берүү мекемелеринин өнүгүү багытын көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки жүргүзүлгөн реформалардын таасиринде кароо маанилүү. 1950-жылдардын акырында Кыргыз ССРинде жалпы жети жылдык билим берүү ишке ашырылгандан кийин, сегиз жылдык милдеттүү окутуу (1959-ж.), андан соң жалпы орто билим берүү (1966-ж.) киргизилген. Бир катар кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрүндө жалпы орто билимди киргизүү боюнча маселелердин алкагында жаңы окуу пландары менен аныкталуучу билим берүүнүн мазмунуна өтүүнүн уюштуруучу – педагогикалык проблемалары чагылдырылган. Баалуу

эксперименталдык изилдөөлөр, айрыкча, эне тили жана орус тили боюнча алты жашар балдарды окутуунун мазмунун, методдорун жана каражаттарын аныктоо боюнча жүргүзүлгөн иштерди айтууга болот. Бул жылдары Магрифа Рахимова тарабынан жазылган окуу жана методикалык куралдар мектепке чейинки мекемелердин практикалык иштеринде колдонула баштайт. Кыргыз бала бакчалары менен реформаланган мектептердин даярдоо класстары үчүн ал тарабынан жарыяланган хрестоматия (1988), окуу программасы балдар бакчаларынын тарбиячылары, методисттери жана педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн баалуу методикалык курал болуп саналат. А. Калдыбаева: «М. Рахимова тарабынан жазылган китептерди анализдөө менен эмгектеринде көп маданияттуулук идеясы кеңири орун алгандыгын ишенимдүү айтууга болот, бардык китептеринде ал достукка, тынчтыкты сүйүүгө жана ынтымакка чакырган. Мектепке чейинки балдарга арналган «Мөл булак», «Балдар бакчасы» китептери мына ушундай маанайга сугарылган. Башка улуттарга, динге, расага толеранттуу мамиле – бул эң башкы сапат, маданияттуулук экендиги, ал балдарды тарбиялоодо башынан аягына чейин керек экендиги М. Рахимованын китептери аркылуу өтөт» [138, 45 б.], - деп жазат. М. Рахимова 1967-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, педагогика илимдеринин кандидаты, 1978-жылы докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, мектепке чейинки педагогикалык илим боюнча Орто Азиядагы аялдардын ичинен чыккан алгачкы илимдин докторлорунун бири болгон. Педагогика илиминин тарыхында М. Рахимованын ысымы өзгөчө орунда турат. Анын эмгектери Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн түзүлүшүн жана өнүгүшүнүн тарыхын чагылдырат. Мугалим кадрларды даярдоонун актуалдуу проблемаларын изилдеген монографияларын жана илимий иштерин, о.э. «Совет өкмөтүнүн жылдарындагы Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүү» (1967), «Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүүнүн пайда болушу жана аны андан ары өнүктүрүүнүн перспективалары» (1974), «Балдар бакчасында окуу үчүн хрестоматия»

(1974), «Эмгектеги адеп-ахлактык тарбия» (1978), «Бүчүр» ж.б. жогорку окуу жайларынын студенттери жана бала бакчаларынын тарбиячылары үчүн окуу куралдарын өзгөчө белгилеп кетүү керек.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары учурда Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү системасы оор мезгилди баштан кечирген. Эгерде Республикада 1990-жылы 1604 балдар бакчасы болуп, анда 144 миң 700 бла таалим тарбия алса, 2000-жылдары алардын 448-гана иштеген [10, 57-б]. Өлкөдө жумушсуздуктун кескин көбөйүшү завод, фабрикалар, мамлекеттик жана коллективдүү айыл-чарба субъектилеринин иштебей калышына байланыштуу мектепке чейинки мекемелер дээрлик 4 эсе кыскарган. Аларда 54,4 миң бала же тийиштүү курактагы балдардын санынын 11,1 пайызы тарбияланып келген. Иштебей калган бала бакча имараттары мыйзамдуу да, мыйзамсыз да жолдор менен менчиктештирилип кеткен. Албетте, башка мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин имараттарынын башка максатта колдонуу жана сатууга тыюу салуу боюнча бир катар жарлыктар чыкканы менен, бул процесс 2000-жылга чейин тымызын уланып келе берген. Министрликтин маалыматы боюнча өз кезинде 400гө жакын бала бакчанын имаратын башка мекеме уюмдар ээлеп алышкан.

Республикада мектепке чейинки билим берүү иши 2002-жылдан баштап гана олуттуу көңүл буруунун объектине айлана баштаган. Жалпысынан 2002-2009-жылдары Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү ишинин жанданыш этабы болду. Бул тармактын өнүгүш багытын аныктаган иш - чаралар катары төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот: 2003-жылы «Жакырчылыкты жоюуу боюнча улуттук стратегияда» – ата-энелер, коомдук уюмдар, социалдык шериктештер, демөөрчүлөр менен бирдикте мектепке чейинки билим берүүнүн формаларын, мамлекеттик стандарттарын өнүктүрүү, балдарды бала бакчаларга көбүрөөк тартуу маселелери белгиленген.

2004-жылы ЮНЕСКОнун жардамы менен мектепке чейинки билим берүүнүн мүмкүн болгон институционалдык механизмдери жана

программалары талдоого алынган. Анда аныкталган проблемаларды чечүү максатында өкмөт Азия Өнүктүрүү Банкы (АБР) менен бирдикте «Эрте курактагы балдарды коомчулук деңгээлине өнүктүрүү» долбоорун иштеп чыккан. Бул долбоордун негизинде жергиликтүү коомчулуктар менен бирдикте ачылган кыска мөөнөттүү бала бакчалар аталган тармакты реформалоонун маанилүү фазасы болгон. 2007-жылы Кыргыз Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасында «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча мамлекеттик стандарт бекитилип, анда бул багыттагы бирдиктүү талаптар аныкталган.

2009-жылы кабыл алынган «Мектепке чейинки билим берүү боюнча мыйзамда»бул багыттагы мамлекеттик саясаттын принциптери, укуктук уюштуруу жана финансылык негиздер аныкталган. Ошентип, 2009-жылдарда мектепке чейинки билим берүүнүн мыйзамдык-нормативдик базасы түзүлүп калган деп айтууга  болот.

Мектепке чейинки билим берүүнүн кийинки этабы катары 2010-жылдан баштап азыркыга чейинки мезгилди камтыйт. Бул жылдар аралыгында мектепке чейинки билим берүү адамдын билим, тарбия алуу сапатынын аныктоочу пайдубал таризинде коомдук масштабдагы приоритеттүү тармакка айлана баштады. Айрыкча мектепке даярдоону башталгыч мектепте ийгиликтүү окуунун зарыл шарттары катары кеңири жайылтуу максатында бир катар расмий чечимдер кабыл алынды. 2013-жылы министрлик тарабынан кабыл алынган 2020-жылга чейинки «Билим берүүнүн өнүктүрүү концепциясында» 2020-жылга чейин 3-5 жашка чейинки балдардын 20%ын бала бакчаларга тартуу максатында 500дөн ашык кошумча альтернативдүү мекемелерди ачуу каралган. Ал эми билим берүү министрлигинин 2012-жылкы маалыматына караганда жалпы Республика боюнча булардын 14,8% гана камтылган.

Балдарды мектепке даярдоо программалары, мектепке чейинки билим берүүгө тартылбаган балдардын тең старттык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу үчүн жалпы билим берүүчү уюмдардын алдында 5-7 жаштагы

балдарды мектепке даярдоо боюнча республикалык бюджеттен каржыланган программалар ишке ашырылып келе жатат. Билим берүү жана илим министрлигинин 2010-жылдын 5-ноябрындагы №683/1-буйругу менен мектепке даярдоонун 100 сааттык программасы киргизилип, ал программага тартылган балдардын саны жыл сайын орто эсеп менен 10 000 балага көбөйүп отурган. Өткөн жылдарга кайрылсак бул көрсөткүч 2006-жылы – 40 000 балага, 2010-жылы 70 436 балага, 2015-жылы 75 000 балага көбөйгөн.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды бала бакчаларда окутуунун программаларына акыркы жети-сегиз окуу жылынын ичинде жакшы көңүл бурулуп келе жатат. Түзүлгөн программанын негизинде балдар чыгармалары баары болуп 480 сааттын өлчөмүндө окутулуп баштаган. 2011-жылдын мартынан баштап окуу планын оптималдаштыруудан бошогон каражаттардын эсебинен мектепке милдетүү даярдоонун 240 сааттык программасы мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдар үчүн иштеп келген. Тажрыйба бул программалардын натыйжалуулугу төмөн экенин көрсөттү, анткени балдар менен туруктуу жана системалуу түрдө гана иш алып баруу оң жыйынтык берери анык. Буга байланыштуу бардык мектептерде жана бала бакчаларда балдарды мектепке даярдоо боюнча 480 сааттык «Наристе» программасы иштеп келе жатат. Ал да балдарды мектепке толук даярдоо үчүн аздык кылары аныкталып, жогоруда белгилегендей, 2015-2016-окуу жылынан баштап программанын кеңейтилген жаңы варианты түзүлүп, ошол эле жылы бала бакчаларда «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы бүтүндөй республика боюнча иштей баштаган. «Наристе» (480 саат) программасы жаңы стандартта билим ала турган башталгыч класстын балдарына коюлуучу талаптардын негизинде иштелип чыккан. Мында аталган, өркүндөтүлгөн программада принципиалдуу өзгөрүүлөр, толуктоолор бар. Бул программа боюнча балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутууга карата 64 саат берилген. Мындай окутуунун милдети – балдар адабияты боюнча программалык материалдарды тереңдетип үйрөтүү, мектепке чейинки курактагы балдардын

адабий, көркөм-эстетикалык билимин руханий жактан арттыруу максатын көздөйт. Бирок, бул программаны иш жүзүндө ашырууну материалдык жана илимий методикалык жактан камсыздоо жагында айрым мүчүлүштүктөр бар.

Биринчиден, бардык эле жерлерде 6 жаштагы балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш класс кабинеттер (кааналар), окуу китептер, көрсөтмө куралдар жетишсиз.

Экинчиден, бул программаны ишке ашыруунун методикалык системасы жеткилең иштелип чыкпагандыктан мугалим-тарбиячылар көбүнчө башталгыч класста колдонулган метод жана ыкмаларга таянып келишет.

Ошондуктан, бул программанын натыйжалуулугун арттыруу максатында А. Токтомаметовдун «Балдарды мектепке даярдоо программасы ишке кирип, балдар бир жыл мектепте болгондон кийин, 1-класстын, жалпы эле башталгыч класстардын окуу программаларына да өзгөртүү киргизүү керек» - деген пикири да жүйөлүү.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды бала бакчаларда окутуунун улам өзгөрүлүп, кеңейтилип, кайрадан түзүлүп отурган программасынын акыркы вариантында болжолдуу тематикалык планын карай турган болсок, анда «Менин үй-бүлөм» темасында элдик оозеки чыгармаларга кайрылып «Чамгыр» жомогун окуу жана драмалаштыруу жагы каралган. Ч. Айтматовдун «Чыпалак бала» чыгармасын окуу. Б. Асаналиевдин «Апам жакшы баары бир» ырын окуу, А. Кыдыровдун «Жалгыз алма» ырын окуу. И. Токтогуловдун «Дарбыз» аттуу ырын окуу. Ошондой эле мезгилдердин убактысына карай дидактикалык оюндарды уюштуруу жагын эске алуу менен макал, ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтарды окутуу сунуш кылынган. Элдик каада-салттарды окутууга карата эмгек, оюн ырларды, жазма акындардын чыгармаларынан А. Осмоновдун «Бешик ыры», тушоо тойго карата Ш. Кемелгазиеванын «Чоңойгондо ким болом?» аттуу ыры жана башка элдин балдар үчүн жазылган чыгармаларынан Л. Толстойдун «Өрт өчүргүч иттер», К. Чуковскийдин «Мойдадыр» ж.б. атоого болот. Адатта,

программанын талаптарына ылайык акын же жазуучунун өмүр жолун жана чыгармаларын үйрөтүүгө карата мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги ар бир тарбиячы мугалим алар жөнүндө адабий-теориялык маалыматка ээ болушу керек. Орто жана негизги билим берүүчү мектептердин, атайын жана орто окуу жайларынын, мектеп-гимназия, лицейлердин жана жогорку окуу жайларынын адабият программаларында сааттар бөлүштүрүлүп, авторлордун өмүр жолу жана чыгармалары тереңдетилип үйрөтүлөт. Бирок, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдар чыгармалары алардын курак жашына карата айрым чыгармалар баштапкы фундамент катары окутулат. Балдар чыгармаларын республиканын бала бакчаларында руханий жактан окуп-үйрөтүүнүн проблемалуулугу, *биринчиден,* алардын көпчүлүгүнүн окуу программасында болжолдуу тема катарында ырааттуу берилбегендиги менен түшүндүрүлсө, *экинчиден,*ошол эле балдар чыгармаларын окутууга карата методикалык эмгектердин аздыгы, сабакта балдар чыгармачылыгын окутууда мугалим, тарбиячылардын проблемалуу маселелери да ушуну менен түшүндүрүлөт. Буга карата А. Турдугуловдун пикирине көңүл бөлөлү, ал мындай дейт: «Дидактиканын принциптерине ылайык балдарга же ал курактан өтүп калган окуучуларга сабакта программалык материалды супсак сүйлөп отуруунун канчалык пайдасыз экендиги белгилүү. Айрыкча адабият сыяктуу, көркөм сөз өнөрү сыяктуу маанилүү сабакта окуучуларга программанын алкагынан ары кеңири чыгып, кызыктуу аңгеме жасап берүү ар бир мугалимдин милдети» [171, 214 б.].

Азыркы учурда бала бакчалардын басымдуу көпчүлүгү көнүмүш салттык көз караштардын негизинде иш алып барышат. Айрым балдар бакчаларында ийгиликтүү ишке киргизилген бүт дүйнөгө орток инновациялык тажрыйбаларды жалпыга жайылтуучу методикалык механизмдер жетиштүү иштелип чыккан эмес. Айрыкча, бала бакча балдарды курак жашын эске алуу менен балдар адабиятындагы көркөм чыгармалар аркылуу руханий тарбияны калыптандыруу, түрдүү

ишмердүүлүккө чегерүү, балдарды жеке өзгөчөлүктөрүнө атайын негизги каражаттар аркылуу окутуу, тарбиялоо иши жетиштүү колго алынган эмес. Жогорудагылардан улам А.Ж. Муратовдун «...балдар адабиятынын эң башкы белгиси жана коомго пайдасы – анын дидактизми. Дидактизм болсо – идеялуулуктун көрүнүшү, идея болсо, адабияттын каны, идеясыз жазуучу да, адабият да жок, демек, адабияттын балдарга арналган салаасы өзгөчө идеялуу болгондо гана анын дидактикалык мааниси артат» [114, 22 б.] деген пикири биз үчүн маанилүү болуп турат. «Натыйжада, – деп жазат адабият изилдөөчүсү, А. Турдугулов, – маданий адабий мураска тиешеси бар бир катар маселелер кайра каралып, бөлөк позиция, жаңы талаптардан чыгып, териштирилип, «агы-акка, көгү-көккө» чыгарылып, ар нерсе өз баасын акыйкат алып жаткан мезгил келди» [171, 115 б.]. Балдар адабиятын деги эле адабият изилдөөчүлөрүнүн пикирлерине таянып ой айта турган болсок, алгач эле мына буларды эске алганыбыз оң: Көркөм чыгармаларды мектепке чейинки курактагы балдарга курак баскычына карай руханий жактан окутуунун кыйла өзгөчөлүктөрү бар. Ал эми А.Ж. Муратов муну төмөнкүчө түшүндүрөт: «Балдар адабиятынын ар бир окулган чыгармасы жаш окурмандын дилине ой-пикир жаратып, ички сезимдерин козгоп, таасир этип анын эстетикалык табитин туура тарбиялап, өстүрүүгө көмөктөшүп, айжаркын образдар алдыңкы идеаларды жаратып, чоң жана пайдалуу иштерге балдарды үндөп турушу ылайыктуу» [114, 22 б.]. Бул түшүндүрмөгө толук кандуу жыйынтык ой катары М. Сулаймановдун «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» эмгегиндеги: «Балалык курак – адам-инсандын данек-маңызы, эртең ким болуунун көрсөткүч – аныктагычы. Бирок ал туңгуюк нерсе эмес, үйрөтүүнүн, көнүктүрүүнүн, тарбиянын заты. Ал эми баланы тээ түп башатынан турмуш көзүн таанып-билүүгө, аруу актыкка көнүктүрүп, кыянатчылыкты жерүүгө ынандыруунун саяпкери менен данекери деп эсептелип, байыртадан эле көзөмөл устаттар тарабынан атайын тилек менен даректүү даярдалган көркөм сөз өнөрү – балдардын курак баскычына багышталып жаралган көркөм чыгармалар экени чын» [160, 67 б.], - деп

жазганы орундуу. Бул иштердин жүзөгө ашышына мамлекеттик уюмдар, коомчулук эң оболу ата-энелер кызыктар жана активдүү салымын кошууга даяр. Анткени, адамдагы баардык сапаттар жерден боор көтөрө баштаган чакта түптөлөөрүн бала кезинде угут катары пайда болгон сапаттар гана өмүрдүн кийинки баскычтарында чындыкка айланаарын баардыгы түгөл түшүнө башташты.

Руханий тарбия – бул инсандын баалуулук-семантикалык чөйрөсүн ырааттуу кеңейтүү жана чыңдоо, адамдын өзүнө, башка адамдарга, коомго, мамлекетке, бүтүндөй дүйнөгө мамилесин аң-сезимдүү жөндөмүн калыптандыруу процесси экендигин коом өзү эле ачыктап койду. Ошондуктан мектепке чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий, адеп-ахлак нормаларынын идеалдарынын негизинде китеп окууну жаш муундарды тарбиялоонун каражаты деп эсептөө мезгили келди.

Балдар адабиятынын өзүнө гана мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүнүн бири окурмандардын жаш өзгөчөлүгүнөн, билим, тарбия берүү талабынан келип чыгат. Көркөм чыгармалары балдардын ар кайсы курак баскычына ылайык дифференцияланып даректүү жаралышы, аны балдар психологиясы менен педагогикалык психология илимдерине жалпылаштырат. Наристе, кенжетай жана тестиер балдардын баары тең көзү менен көрүп, кулагы менен укканга алымсынбайт, аларга болуп көрбөгөндөй шумдуктуу, небир күчөткүч, кыял жаңырыгындай баяндама-түшүнүктөр керек болот, ошолор гана анын жан-туюмун канааттандырат. Дал ошол фантазиянын өзү ага чыгармачылык – ойдон кураштыруу ылхамын ойготот. Бала жөн жатпай изденет, кыял туундуларына жетүүнү самайт.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынан тарта, таамай айтканда бала тарбиялоого кылдат-усулчулдук мамиле жасоо менен көркөм сөз мурасын алардын курак баскычына, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша өөрчүтүп отурган. Бала улам кезектеги курак баскычына өткөн сайын, анын руханий жана социалдык активдүүлүгү күчөйт, балалык чөйрөнүн чегинен өтүп, ал чоңдордун дүйнөсүнө аралашууну самайт. Белгилүү сынчылар балдар

адабиятынын спецификасын жана коомдук зарылчылыгын ишенимдүү аныкташып, эбегейсиз күч жумшашып, ар бири оңдогон атайын макалаларды жазып беришкен. Бул адабияттын тарыхый-теориялык маселелерин кең-кесири иштеп чыгууга өзгөчө назар салышып, аны андан ары көздөй өнүктүрүү жумушун жалпы коомчулуктун алдына милдет кылып коюшкан.

Негизинен китеп дүйнөсүнө аралашып, андан акыл азыгын талап кылган үч жашар балдардан тартып, он алты жашар балдарды төмөндөгүй курак баскычтарына бөлүштүрүп, балдар үчүн жазылган чыгармалар алардын талаптары менен кабыл алуу жөндөмдөрүнө жооп беришин күтсөк болот. Мектеп жашына чейинки китептин талапкерлери 3-5 жаштагы балдар, 6-9 мектеп жашындагы кенже балдар, 10-12 тестиерлер, 13-14 кенже өспүрүмдөр, 15-16 өспүрүмдөр болуп бөлүнөт.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине тартылган күндөн баштап, баланын керектөө-муктаждыктары бир кыйла арбыйт. Сүрөт тартууга, бир катар оюнчуктарды конструкциялоого, окуп берилген жомок-аңгемелердин сюжет мотивдери боюнча кыймылдуу оюндарды уюштурууга жетишет. Жасаган оюнчуктары менен буюмдарын бөлүктөргө бөлүп, кайра жыйноо аркылуу аны ойдо башкарып, талдай билүүгө да үйрөнөт. Бул курактагы баланын кыял чабыттары бир кыйла өөрчүйт, чоң адамдардын жоруктарын туурап, алардын айрым элестерин кайталашат.

Көркөм чыгармалар балдарга инсандын, баатырдын ички дүйнөсүнө кызыгуусун арттырып, адамдык сезим дүйнөсүн ачат. Көркөм чыгармалардын каармандарына боорукердик менен мамиле жасоону үйрөнүп, балдар жакындарынын жана анын айланасындагылардын маанайын байкай башташат. Аларда адамгерчилик сезимдери ойгоно баштайт т.а. өз ара мамилелешүү, боорукердик, адилетсиздикке каршы чыгуу жөндөмү ж.б. Мына ушул негизде принциптерди кармануу, чынчылдык жана чыныгы жарандык тарбияланат. Баланын көркөм адабият менен таанышуусу элдик чыгармачылыктын миниатюралык ырларынан башталат, андан кийин ал элдик жомокторду угат. Терең гумандуулук, өтө так моралдык багыт, жандуу

юмор, тилдин образдуулугу – ушул фольклордук миниатюралык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү. Акырында, балага автордун жомоктору, ырлары, окуялары окулат.

Ошентип, балдарга көркөм чыгарманын тилин өздөштүрүүгө жардам берип, мугалим, тарбиячы билим, тарбия берүү милдеттерин да аткарат. Учурда мектепке чейинки балдарды тарбиялоодо фольклордук проза ийгиликтүү колдонулуп жатат, бул элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү. Кыргыз энциклопедияларында макал элдик поэзиянын жанры, кыска, логикалык жактан толук диктум катары аныкталат. Макал, ылакаптар биздин сөзүбүздү кооздоп, жаркыраган жана эмоционалдуу кылып, ошондой эле адамдардын кылымдарды карыткан акылмандыгын, дүйнө жүзүн, курчап турган жаратылышты жана адамдардын ортосундагы мамилелерди байкоолорун топтоштурулган түрдө чагылдырат. Ата-бабалар биз менен сүйлөшүп, тигил же бул боюнча көз караштарын коргоп, үйрөтүп, турмуштук тажрыйбасын бөлүшүп жатышкандай. Ошентип, илгерки замандарда элдик прозанын жанры катары пайда болгон макал, ылакаптар элдик билимдин энциклопедиясы, ошондой эле элдин «моралдык кодекси» болуп саналат. Алар элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү.

Мектепке чейинки курактагы балдарга билим, тарбия берүү процессинде мугалим балдарга окуу материалынын кайсы жагын ачып берерин ойлонушу керек; буга ылайык, суроолорду тандап алуу; балдарга өтө көп суроолорду берүү орунсуз; суроолор мектепке чейинки курактагы балдардын иш-аракеттерине, каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерине, алардын ички дүйнөсүнө кызыгуусун шартташы керек; суроолор мектепке чейинки курактагы балдардын иш-аракеттерине, каармандардын жүрүм-турум мотивдерине, алардын ички дүйнөсүнө кызыгуусун шартташы керек; суроолор окуганда баланын жан-дүйнөсүн түшүнүүгө жардам берет, талкууну жандандырат. Окулган нерсени окуу жана этикалык сүйлөшүүдөн тышкары, көркөм адабият менен иштөөнүн дагы башка жолдору бар: оозеки – көркөм чыгармаларды окуу; окулган чыгарма боюнча маектешүү; жаттап

үйрөнүү – чыгармалардын мазмунун кайрадан айтып берүү; мазмундуу окуу же түшүнүп окуу. Практикалык: оюндарды уюштуруу, коюу (драматургия); дидактикалык оюндар; сахналаштыруунун элементтери; визуалдык ишмердүүлүктө окулган адамдын образы (моделдөө, сүрөт тартуу, аппликация); театрлаштырылган иш-чаралар. Визуалдык: иллюстрацияларды, сүрөттөрдү, оюнчуктарды көрсөтүү; видеолорду, тасмаларды көрүү; көргөзмөлөрдү жасалгалоо; театрдын ар кандай түрлөрүн колдонуу.

Мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөө боюнча соңку мезгилдердеги жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жоболоруна ылайык бул курактагы балдар менен иш-аракеттер жүргүзүлүшү керек: Балдар менен иштөөнүн формалары: сабактар (көркөм адабият – жомоктор, макал, ылакаптар, жазуучулардын өмүр баяны менен таанышуу); маданий жана эс алуу иш-чаралары: адабий сынактар, майрамдар, көңүл ачуу, интеллектуалдык оюндар; кесиптик иш-аракеттердин жыйындысы. Ата-энелер менен иштөөнүн формалары: ата-энелердин чогулуштары; жеке консультациялар; семинарлар-тренингдер; папкалар-слайддар; фото презентациялар; долбоордук иш-чараларга, адабий сынактарга, топтун китеп бурчун түзүүгө, көргөзмөлөрдү түзүүгө ата-энелердин катышуусу. Үй-бүлөлүк өз ара аракеттенүү – балдардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусун арттыруунун ажырагыс бөлүгү.

Бул багытта жүргүзүлүп жаткан Россия Федерациясынын айрым изилдөөчүлөрүнүн пикиринде мектепке чейинки курактагы баланын тарбиясына бала-бакчага караганда үйдөгү ата-эненин, жакындарынын таасири маанилүү экендигин белгилешет да соңку илимий изилдөөлөрдө ата-энелер менен иштөөнүн төмөнкү формалары менен методдорун сунуш кылышат. Булардын баарын жетекчиликке алуу менен биз изилдөөбүздө пайдаланган формалар менен методдор катары буларды сунуш кылабыз: Мектепке чейинки курактагы балдардын ата-энелери менен иштөөнүн салттуу ***методдору менен формалары:***

1. Жамааттык иштер (ата-энелердин жалпы чогулушу, ата-энелердин катышуусу менен өткөрүлүүчү конференциялар, тематикалык конференциялар, педагогикалык жана топтук жыйындар, «тегерек стөлдөр», мектепке чейинки мекемелерде уюштурулуучу ачык сабактар (ата-энелердин катышуусу менен), бала-бакчалардагы «ачык эшиктер» күндөрү, бала-бакчаны презентациялоо, ата-энелердин клубу, оозеки форматтагы педагогикалык-психологиялык журнал, ролдорго бөлүштүрүлгөн имитациялык оюндар, ар кандай темаларга арналган тренингдер, камкордук кеңештери (попечительский совет).

2. Жеке (индивидуалдык) иштер (ата-энелер менен жүргүзүлүүчү педагогикалык жана психологиялык аңгемелешүүлөр, бала бакча кызматкерлеринин мектепке чейинки курактагы балдардын үйлөрүнө барып турyуусу, индивидуалдык консультациялар, индивидуалдык блокнот, тайпанын же топтун коногу, бала бакчага ыктыярдуу камкорчулар).

3. Майрамдык иш-чаралар (календардык ар кандай күндөргө карата майрамдарды уюштуруу, утренниктер, ата-энелердин жана балдардын жасаган иштеринин көргөзмөсү, үй-бүлөлүк вернисаж, чогуу уюштурулган экскурсиялар, кайрымдуулук акциялары, кружоктор менен секциялар, ата, эненин, чоң ата, чоң эненин клубу, дем алыш күн клубу, дубал газеталарын даярдап чыгаруу, үйдөн алынып келинген белек-бечкектер көргөзмөсү, театрлаштырылган топтордун иши, чогуу спектакльдерди коюу, үй-бүлөлүк жолугушуулар, музыкалык салон, адабий-чыгармачылык салон, ар кандай буюмдардын коллекциясын уюштуруу).

4. Көргөзмө – маалыматтык иш-чаралар (ата-энелердин бурчу, көргөзмөлөр, балдардын жасаган буюмдарынын вернисажы, маалыматтык баракчалар, ата-энелер үчүн кеңештердин памяткалары, ата-энелердин газетасы, аудио-видео фильмдер).

5. Мааламаттык – аналитикалык иш-чаралар (анкеталоо, брошюралар, пособиелер, методикалык колдонмолор, бюллетеньдер, өздүк блокноттор, маалымат тактайчасы, ата-энелерге арналган ящик, отчеттор).

Айрыкча мектепке чейинки курактагы балдардын классик акыны Турар Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай» китебиндеги бөбөктөр үчүн жазган ырлар топтомундагы руханий жактан тарбиялоодо «Жалакай Жантай» ырынын мааниси эбегейсиз чоң, тексти карап көрөлү:

Жалбыракка шыбырап,
Жамгыр септи дыбырап.
Чөп үйгөнү бараттык,
Бир топ балдар ыр ырдап.
Бир кезекте Жантайбек,
Жатып калды чалкалап,
Энекелеп бакырып,
Эки бутун калкалап.
- Ашымахун бутумду,
Басып кетти талкалап.
- Кой, тур, – десек болбостон,
Жантай жатты бырылдап.
Бир кездерде арт жактан,
Күчүк чыкты ырылдап.
Сынайлы деп Жантайды,
Чуркап калсак дырылдап.
Жантайбекти карасак,
Бардыгынан ири алда,
Качып барат зырылдап.

Дагы бир балдар жазуучусу А. Кыдыровдун «Балдарга базарлык», Т. Самудиновдун «Кол чатыр», «Чаң баспасын сөздөрдү», «Ар бакчадан бирден гүл», «Бешик ыры» ж.б. ушул сыяктуу оргиналдуу балдар чыгармалары учурда балдар бакчасында терең өздөштүрүүнү талап кылат.

Балдар жазуучусу С.К. Рысбаевдин «Миниграфия – балдар адабиятына мүнөздүү өзгөчө адабий форма» деген илимий макаласында, көлөмү жана формасы жагынан алганда балдарга айрыкча бөбөк курактагыларга арналган

чыгармалар башка чыгармаларга дээрлик окшошпой тургандыгын баса белгилеген [141, 5 б.].

Ал мазмуну менен мүнөзү боюнча да өз алдынча бааланууга акылуу экенин жазган. Атап айтканда, ырлардын бөбөктөргө руханий азык катары анын көңүлдүүлүгү, күлкүлүүлүгү, тилинин элпектиги, таанытуучулугу, үйрөтүүчүлүгү ж.б. максатттуулугу сыяктуу өзгөчөлүктөрү тууралуу айтат.

Ошентип, балдар адабияты теорияда, окутуу методикасында жетишерлик изилденген, аларды ылайыгына жараша пайдалануу, алар боюнча ой айтуу, биздин түшүнүгүбүздө, келечекте бул боюнча илимий изилдөө изилдөөлөрүн жүргүзө турган адистердин иши.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун теориялык-методологиялык маселелери жана аталган проблеманын изилдениш абалын караган биринчи главасында маселенин ички логикасы талап кылып турган үч ири, ары маанилүү маселелерди карадык, алар:

*Биринчи бап «***Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун теориялык методологиялык маселелери жана проблеманын изилдениши»** деп аталат. Анын *«Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы» деп* аталган биринчи бөлүмүндө коом руханий жактан социалдык жоопкерчилик менен ажырагыс байланышта экенин, адамдын руханий өнүгүүсүн камсыз кылуучу каражаттарсыз муну ырастоо мүмкүн эместигине токтолдук. Ушул багытта, балдар адабиятын, андагы балдар фольклорунун жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрүн окутуу жана түрдүү методдор менен пайдалануу маанилүү ролду ойнойт. Кыргыз балдар адабияты жана анын теориядагы (адабият таануудагы), окутуу методикасындагы изилденишинин деңгээли (абалы) каралып, мында балдар адабиятына карата адабий-теориялык анализ жүргүзгөн адабиятчы-окумуштуулардын, балдар адабиятынын өкүлдөрүнүн (акын-жазуучулардын) жарыяланган эмгектерине карата ойлорубузду айттык. Буга удаа балдар адабиятынын чыгармаларынын окутуу методикасындагы изилдениши кошо каралды.

Элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштерин, кылымдар бою сакталып, байытылып келген рухий-педагогикалык дөөлөттөрүн аздектеп, калк арасына жайылтуу, анын нугунда балдарга туура тарбия берүү, келечекте баланын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсүндө өзгөчө маани берген, демек, мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүү ишинде балдар адабиятынын көркөм чыгармаларын колдонуунун максат-милдеттери да мына ушундай ойлорго

үндөшпөй койбойт. Жалпы эле кыргыз балдар адабиятынын теориясын, тарыхын, терминологиясын, адабий процессти, этнопедагогикалык жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасын изилдеп, талдоого алган илимпоздорубуздун эмгектериндеги пикирлери да муну ырастап турат.

Билим берүү жана тарбия берүү жаатында каралып келген ушул баалуулуктар мектепке чейинки курактагы балдардын жашоосунун өзөгүн түзүшүп, андагы билим берүү жана тарбия процесси мына ушуга багытталышы керек. Тилекке каршы, азыркы ааламдашуу учурунда бүтүндөй коомдогу терең кризисти, анын таасири менен жаралган руханий баалуулуктардын деградацияланышы жогоруда айтылган иш-чараларга жолтоо болушу толук ыктымал.

*«Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонунун максаты, милдеттери»* аттуу 2-бөлүмдө мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды пайдалануунун максаттары менен милдеттери тууралуу сөз кылдык. Көркөм чыгармалар балдарга инсандын, баатырдын ички дүйнөсүнө кызыгуусун арттырып, адамдык сезим дүйнөсүн, жакындарынын жана анын айланасындагылардын маанайын байкай башташат. Аларда адамгерчилик сезимдери ойгоно баштайт т.а. өз ара мамилелешүү, боорукердик, адилетсиздикке каршы чыгуу жөндөмү ж.б. Мына ушул негизде принциптерди кармануу, чынчылдык жана чыныгы жарандык тарбияланат. Адеп-ахлак сапаттардын, этикеттин жана ыймандуулуктун негиздерин калыптандыруу үчүн зарыл болгон коомдук моралдын нормалары тууралуу заманбап билимдердин, талаптардын мазмуну, анын негиздери балдарга жаш курактарына ылайык конкреттештирилип окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүндө ырааттуу берүү жагын карап, көркөм адабият аркылуу руханий жактан тарбиялоо иштери ата-эне, мугалим күн сайын бала менен руханий байланышта болуусу керек экендигине токтолдук. Ошондой эле тарбия берүү процессинде балдар адабиятын пайдалануу жагы кыргыз окумуштууларынын көбүнүн изилдөө

объектисине айланган, алардан ишибизде ылайыгына жараша шилтемелерди жасап, ал пикирлерге карата өз ойлорубузду да айттык.

*«Балдар адабиятындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши, методикалык эмгектерде изилдениши»* деп аталган 3-бөлүмдө балдар адабиятындагы чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши жана методикалык адабияттарда, илимий изилдөөлөрдөгү абалы да ушул главада каралып, кыргызстандагы билим берүүнүн бардык звенолору сыяктуу эле мектепке чейинки бидим берүү мекемелеринин өнүгүү багытын көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки жүргүзүлгөн реформаларды карадык. Бала бакчаларда «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы бүтүндөй республика боюнча иштеп келе жатат. «Наристе» программасы жаңы стандартта билим ала турган башталгыч класстын балдарына коюлуучу талаптардын негизинде иштелип чыккан. Мында аталган, өркүндөтүлгөн программада принципиалдуу өзгөрүүлөр, толуктоолор бар. Бул программа боюнча балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутууга карата 64 саат берилген. Мындай окутуунун милдети – балдар адабияты боюнча программалык материалдарды тереңдетип үйрөтүү, мектепке чейинки курактагы балдардын адабий, көркөм-эстетикалык билимин руханий жактан арттыруу максатын көздөйт. Бирок, бул программаны иш жүзүндө ашырууну материалдык жана илимий методикалык жактан камсыздоо жагында айрым мүчүлүштүктөр бар экендигине токтолдук. Негизинен китеп дүйнөсүнө аралашып, андан акыл азыгын талап кылган мектепке чейинки курактагы балдар үчүн жазылган чыгармалар алардын талаптары менен кабыл алуу жөндөмдөрүнө жооп беришин эске алуу менен кыргыз тилиндеги китептердин дээрлик шаардык жана алыскы мектепке чейинки билим берүү уюмдарында бул көйгөйлүү маселе экендигин көрдүк. Жалпысынан биринчи главада илимий изилдөөбүздүн теориясын, тарыхый эволюциясын, проблеманын азыркы абалын, методологиясын туура аныктап алууга, ошол

материалдарды анализдөөгө жана синтездөөгө, жекелештирүүгө жана жалпылаштырууга арналды.

# ЭКИНЧИ БАП. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА РУХАНИЙ ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ БАЛДАР АДАБИЯТЫН ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү – учурда билим берүү ишмердүүлүгүнүн приоритеттүү (артыкчылыктуу) багыты. Муну Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамы жана башка бир катар нормативдик документтер да ырастап турат. Соңку мезгилдерде коомдо өкүм сүргөн материалдык баалуулуктардын руханий баалуулуктарга караганда үстөмдүк кылуусу менен өспүрүмдөрдүн аң-сезиминде бурмаланган түшүнүктөр калыптанып бара жатат.

Дал ушул мектепке чейинки курак – руханий, адеп-ахлактын нормаларын жана эрежелерин тарбиялоо, башка бирөөнүн түйшүгүн түшүнө билүү түшүнүктөрүнүн калыптанып баштаган курагы. Мектепке чейинки куракта баланын инсандыгынын, анын дүйнө таанымынын, жакшылык менен жамандыкты түшүнүүсүнүн, башкалардын иш-аракеттерине жана өзүнүн жүрүм-турумуна болгон реакциясынын пайдубалы түптөлөт. Дал мектепке чейинки куракта жакындары, теңтуштары, чоңдордун жетекчилиги астында балдар жүрүм-турумдун тазалыгына, жаратылыш менен болгон мамиленин биринчи тажрыйбасына ээ болуп анын нормаларын үйрөнүшөт. Алар адам үчүн боорукердик жана айлана-чөйрөнү кастарлоо, адамдардын эмгегинин натыйжасын урматтоо, аларга жардам берүүгө умтулуу сыяктуу маанилүү нерселерди калыптандырат.

Илимий изилдөөбүздө негизги материал мектепке чейинки курактагы балдар үчүн жазылган балдар адабиятындагы чыгармалар болуп эсептелет.

Учурда Кыргыз Республикасынын Мыйзамына Кыргыз

Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана кароо» мамлекеттик стандартына ылайык балдарды мектепке даярдоо «Наристе» (480 саат) жылдык программанын окуу планына ылайык саттар төмөнкүдөй бөлүнгөн.

**2.1.1 – Таблица. 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоо классындагы/тайпасындагы «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» предметине сааттардын бөлүштүрүлүшү**

| класс/тайпа | предметтик чөйрө | сааттардын (сабактардын саны) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жума | ай | окуу жылы |
| 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоо тайпасы | кеп өстүрүү жана көркөм адабият | 2 | 8 | 64 |

**2.1.2 – Таблица. КРнын билим берүү жана илим министрлиги бул класс/тайпаларда болжолдуу түрдө төмөнкүдөй окуу китептерин жана балдар чыгармаларынын авторлорун сунуш кылган.**

| клаас/ тайпа | авторлору |
|---|---|
| 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоо тайпасы | Б.З. Субанова ж.б. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо программасы боюнча окуу үчүн жыйнак;<br>«Кыргыз жазуучулары – балдарга» «Китеп дүйнөсүнө саякат»;<br>С.Ишенов «Мекеним»;<br>Ч. Айтматовдун «Чыпалак бала» чыгармасы;<br>Б. Асаналиевдин «Апам жакшы баары бир» ыры;<br>А. Кыдыровдун «Жалгыз алма» ыры;<br>И. Токтогуловдун «Дарбыз» ыры;<br>А. Токомбаевдин «Кайсы кез» ыры;<br>М. Жангазиевдин жашылча-жемиштер тууралуу ырлары;<br>Cооронбай Жусуевдин «Оюнчуктар» чыгармасы;<br>Акбар Рыскуловдун «Музоо капты» ыры;<br>Муса Жангазиевдин «Чымчыктарды сактайлы» ыры;<br>Алыкул Осмоновдун «Чыйырчык» ыры ж.б. |

Мектепке чейинки курактагы балдарга балдарга  балдар адабиятындагы чыгармаларды пайдаланууда тематикалык план болжолдуу болгондуктан, чыгармаларды тандап киргизүү укуктары берилгендиктен, башталгыч класстардан айырмалуу алар акын-жазуучулардын чыгармаларын өздөрү тандап алышат. Бирок КРнын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен нормативдик документтин жалпы жобосун эске алат. Тематиканын тартиби жана аталыштары төмөндөгүдөй берилген:

- Саламатсыңбы, мектебим!;
- Менин үй-бүлөм;
- Күз. Күзгү айлар;
- Жашылча-жемиштер;
- Оюнчуктар;
- Үй жаныбарлары жана канаттуулар;
- Жапайы жаныбарлар жана канаттуулар;
- Курт-кумурскалар;
- Кыш. Кыш айлары;
- Жаратылыш кубулуштары;
- Идиш-аяктар жана тамактар;
- Эмеректер жана тиричилик техникасы;
- Транспорт, анын түрлөрү;
- Ден-соолук жана коопсуздук;
- Бакубат жашоо образы: гигиена жана денени чыңдоо;
- Жаз жана жай айлары;
- Кийим жана бут кийим;
- Каада-салт менен адаттар;
- Өсүмдүктөр дүйнөсү;
- Менин шаарым (айылым);
- Мекеним – Кыргызстан;

Бул бөлүмдүн бардык темаларында элдик оозеки чыгармачылыктан тарта балдар адабиятындагы материалдарды пайдаланууда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр эске алынган:

• Диалогго жана диалог түрүндөгү тексттерге көп көңүл бурулат. Анткени диалог, эки тараптуу кеп аркылуу баланын ой жүгүртүүсү, кеби калыптанат;

• Балдардын курактык, эстетикалык, көркөм деңгээлин эске алып, текст менен иштөөнүн жөнөкөй ыкмалары кеңири колдонулат;

• Буюмдардын, жер-суу аттарынын келип чыгышына байланыштуу кызыктуу окуяларга көңүл бурулат;

• Изденүүчүлүк, өз алдынчалуулук, өз күчүнө ишенүү жана чыгармачылык;

• Балдардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, аларды изденүүгө, өз алдынчалыкка, чыгармачылыкка шыктандыруу зор мааниге ээ болот;

• Зарылчылыгына жараша музыкалык чыгармаларды пайдалануу зарыл, анткени бул предмет музыка сыяктуу эле балдардын эстетикалык, көркөм табитин калыптандырууга багытталган.

Демек, жогоруда көрсөтүлгөндөй кеп өстүрүү жана көркөм адабият предметинин негизги *максаты* – мектепке чейинки курактагы балдардын оозеки кебин жана пикирлешүү маданиятын өстүрүү менен руханий тарбия берүү болуп саналат.

Ал эми предмет боюнча негизги *милдеттер* – балдардын *сөз байлыгын* өстүрүү, аларда *кептин грамматикалык жактан туура түзүлүшүн* калыптандыруу, *кепти туура айтууга* көнүктүрүү, алардагы *байланыштуу кепти* калыптандыруу (диалог жана монолог), балдарды *көркөм-адабий чыгармаларды кабыл ала билгенге* үйрөтүү, алардын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, *өз алдынчалуулугун, чыгармачылыгын* өстүрүү аркылуу ишке ашырылмакчы.

Мектепке чейинки курактагы балдардын калыптануусу боюнча көп жылдык илимий изилдөөлөрүн жүргүзгөн окумуштуу, педагогика

илимдеринин доктору В.И. Логинованын түшүнүгүндө: «Адам – айлана чөйрөнүн гана продуктысы. Адам акылдуу болуп да, келесоо болуп да, мыкаачы же айкөл болуп да төрөлбөйт, ал тарбия менен гана түрдүү инсандык сапатка ээ болот» [98, 63 б.]. Буга түздөн-түз таасир берүүчү каражаттардын бири – көркөм адабият.

Көркөм адабият бардык курактагы окурмандардын көз карашын кеңейтет, эмоционалдуу абалын тескейт. Айрыкча, мектепке чейинки курактагы балдар көркөм адабият менен канчалык эрте таанышса балада боорукердик, кусалык, адилеттик, абийир, намыс, эрдик, адеп-ахлактык сыяктуу түшүнүктөр калыптанат. Анткени мектепке чейинки курактагы учурдун өзү, кабыл алынган нерселердин баары эмоционалдуу болот. «Анткени, – деп жазат, В.Г. Белинский – балдар китептери тарбия үчүн жазылат, ал эми тарбия – улуу иш, аны менен адамдардын тагдыры чечилет. Жаш муундар келечек ээси болгондуктан, аларга туура тарбия берүү – балдар адабиятынын ыйык милдети. Ал аркылуу улуттук баалуу мурастар, көркөм дөөлөттөр балдардын чыныгы инсан болуп калыптануусунда атуулдук сезимин козгогудай, руханий жан дүйнөсүн өстүргүдөй пайдаланылат» [29, 109 б.]. Баланын эмоциясы – латын сөзүнөн «толкундоо, козголуу» дегенди түшүндүрөт. Бул боюнча К. Миңбаев, А. Закиров сыяктуу психологдор да ойлорун айтышкан: «Адам баласынын эмоциясыз чындыкты изилдөө эч качан болбогон жана болбойт. Жазуучулардын, акындардын улуу эмгектери да дайым эмоциянын таасиринде жаралган. Анткени тигил же бул иш-аракетти аткарууда эмоционалдык абал адамдын өзүндөгү ички жашыруун энергиясын колдонууга мүмкүндүк берет» [30, 183 б.].

Руханий баалуулуктарды калыптандыруу абийирдүүлүктүн, көз карандысыздыктын жана жоопкерчиликтин эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири. Жаш муундарды руханий жактан тарбиялоо – коомдун негизги милдеттерине кирет. Кичинекей адам өзүн боорукердик жана адилеттүүлүк, баатырдык жана берилгендик менен гана эмес, чыккынчылык, арамдык жана ырайымсыздык менен да жолуккан татаал көп кырдуу дүйнөдө жашайт. Бала

жакшы менен жаманды ажыратууну үйрөнүшү керек. Ал үчүн дүйнө таанымы бекем, адептүүлүгү бийик, эмгек жана жүрүм-турум маданияты бар адамды калыптандыруу зарыл. Баланын турмуштук тажрыйбасы жаңыдан топтоло баштаганда анын дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрүн тарбиялоо жана калыптандыруу зарыл. Бала кезинде инсандын келечек багыты аныкталат, биринчи кезекте ички руханий пайдубал пайда болот. Руханий тарбиянын негизги каражаттарынын бири – китеп, көркөм чыгарма. Педагогикадагы руханий тарбия – бул адамдын туруктуу, гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылган, жашоого болгон баалуулук мамилесин калыптандыруу жана аны эңсөө, адилеттүүлүк сезимдерин тарбиялоону камтыйт. С.К. Рысбаев жазгандай: «... бүгүнкү күндө биздин кыргыз балдар адабиятыбыз теориялык жактан да, практикалык жактан да, б.а., илимий-методикалык жактан жакшы изилденбеген. Кыргыз мектебинде балдар адабияты республикабызда мектеп жаралган көндөн бери окутулуп келатса да, ал эчак эле фундаменталдуу илимий методикалык изилдөөлөрдүн обьектиси болууга тийиш болсо да, илимпоздорубуз менен методисттерибиз ага ушу кезге чейин жең түрүп кирише элек» [141, 4 б.].

«Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизги ***милдеттеринде*** көрсөтүлгөн:

- баланын дене күч, психикалык жана руханий ден-соолугун сактоо;

- жарандуулукка, атуулдукка, мамлекеттик символдорго, мамлекеттик, расмий жана эне тилге урматтоо менен мамиле кылууга, ар кайсы маданиятка жана айлана-чөйрөгө сый мамиле жасоого тарбиялоо;

- баланын жаш курагына, интеллектуалдык жана дене-күч жактан мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, анын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүү;

- мектепке чейинки курактагы балдардын, дене-күч, социалдык, эмоциялык, психологиялык, руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана эстетикалык өсүшүн кошкондо, шайкеш өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле эмгекке тарбиялоо.

Мындай маанилүү багыттарды сапаттуу жүргүзүү ишинде балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун ролу чоң. Муну мектепке чейинки билим берүү системасын илимий-методикалык жактан камсыз кылууну, билим берүүнү башкаруунун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, ага баш ийген илимий-методикалык мекемелер жана педагогикалык профилдеги мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячылары ишке ашырышат.

Педагогикалык эксперименттин методологиясы жана методдору изилдөөнүн материалдарын көрсөтүүгө арналган. Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын колдонуу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн изилдөөнүн обьектиси жана предмети төмөнкүдөй аныкталды.

**Изилдөөнүн объектиси -** мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети -** балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу аркылуу мектепке чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоонун мазмуну, методдору, технологиялары.

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын окутуу боюнча изилдөөбүздүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн биз анын методологиясын, дидактикалык принциптерин аныктап алуубуз керек. «Методология» термини грек тилиндеги (методос) – изилдөө, ишмердүүлүк; (логос) – окуу, теория деген сөздөрдүн курамынан турат. Демек, «методология» биздин шартыбызда педагогикалык же эксперименталдык изилдөө жөнүндөгү, педагогикалык ишмердүүлүк жөнүндөгү окуу. Методология узакка созулуучу татаал процесс, ансыз, методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес. Педагогиканын методологиясы – таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим

берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы мыйзамченемдерин билүүнү жана практика жүзүндө пайдаланууну көздөйт.

Педагогиканын методологиясынын объектиси – адамды окутуунун жана тарбиялоонун, инсандык касиеттерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары. Педагогиканын методологиясынын предмети – адеп-ахлактуу, ички сезими бай адамды калыптандыруунун, аны бардык жактан шайкеш өнүктүрүүнүн, активдүү чыгармачыл ишмердүүлүккө даярдоонун законченемдери. Соңку мезгилде илимдер системасындагы методологияны **үч багытта** аныкташат:

1. Теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын системасы;
2. Таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу;
3. Илимде колдонулуучу бардык методдордун жыйындысы;

Методолог окумуштуулар жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша анын төмөнкү функцияларын белгилешет:

а) гносеологиялык;

б) прогноз түзүү;

в) кайра түзүү;

г) уюштуруу.

Ал эми «дидактика» гректин окутуу, үйрөтүү деген сөзүнөн келип чыккан, б.а. окутуунун жана билим берүүнүн теориясы. «Дидактика илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин жана окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алып, жаш жеткинчектерди билим, ык, машыгууларга ээ кылуунун оптималдуу көлөмүн аныктоо аркылуу билим берүүнүн максатын жана мазмунун илимий жактан негиздейт» - деп белгилейт Б. Апышев [12, 134 б.]. Дидактика элдик педагогика менен да, элдин маданияты, адабияты менен да, элдик салт, үрп-адаты менен да, элдик оюндар, элдик фольклор менен да өтө тыгыз байланышта.

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө көркөм чыгармаларды окутуунун методикасында балдар адабиятын окутуу боюнча

методикалык изилдөөлөр, педагог классиктердин эмгектери, балдардын кайсыл курагында кандай ишмердүүлүктү жүргүзүү керектигин аныктаган психологиялык изилдөөлөр, балдар чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк сапаттарын ачып көрсөткөн эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер, билим берүү системасынын багыттарын чагылдырган нормативдик документтер: мыйзамдар, окуу планы, балдар адабиятын окутуунун концепциялары, стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары, педагог, мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячылары, мугалимдердин тажрыйбалары  бул ирет биздин изилдөө ишибизге таяныч болуп берди. Жогорудагы эмгектерге негизденип, руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын үйрөтүүнүн үлгүлөрүн түздүк, азыркы мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, бала бакчалардагы практикасына ырааттуу жана максаттуу талдоо жүргүздүк, анализден-синтезге келдик, педагогикалык эксперименттин максатын, багытын, жүрүшүн белгилеп, анын натыйжаларын  алдык.

Балдар адабиятын окутууга байланыштуу изилдөө методологиясы Е.М. Мелетинскийдин, Б.Н. Путиловдун, В.П. Аникиндин, В.Я. Пропптун ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде ар тараптуу иштелип чыккан.

Балдар адабиятындагы көркөм чыгарманы окутуу педагогикалык иш-аракеттин бир бутагы болгондуктан, анда педагогиканын спецификалык бөтөнчө касиетине таандык иликтөө ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу өз алдынча бир нече категориялар бар. Ал белгилүү бир илимий көз караштар менен жалпылаштырылып келет да, азыркы мезгилде бир бүтүндүк (целлостный), инсандык (личностной), ишмердүүлүк (деятельностный), ар тараптуу субьективдүүлүк же полусубьективдүүлүк, маданий таануучулук, этнопедагогикалык, антропологиялык концепцияларда мамиле кылууну шарттайт.

*Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин* мектепке чейинки курактагы балдарга багытталгандык, балага көркөм чыгармалар аркылуу билим, руханий тарбия берүүнүн, аны калыптандыруунун жана

өнүктүрүүнүн жалпы мыйзам ченемдери, улуу ойчулдардын, классик педагогдордун, психологдордун, философтордун фундаменталдуу эмгектери, балдар чыгармаларын окутууга байланыштуу илимий-методикалык, илимий-дидактикалык шарттарын изилдөөлөрү жана көркөм чыгармаларды окутуу боюнча методикалык эмгектер, билим стандарты, окуу планы, окуу программалары, педагогика илиминдеги инсандын жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга жана руханий баалуулук багыттарын тескөөгө багыттаган негизги жоболор түзөт. Изилдөөбүздүн обьектисине жана предметине байланыштуу белгилеп кете турган нерсе, балада руханий тарбияны калыптандырууда, балдар адабиятын колдонуунун тарбиялык каражат контекстинде кароо зарылчылыгы жатат.

«Мугалим - окутуучу жаш балдарга тамгаларды таанытууда, окутууда, тарбиялоодо көптөгөн көнүгүүлөрдөн, жазуу кыймылдарынан өтөт. Баланын тез эле окуучу катары жазууга, билим алуу зарылчылыгы жөнүндө түшүнүк пайда болот, бул болсо мектепке чейинки мекемелерде билим берүүнүн методикасынын, жалпы методологиянын талабына жараша иштелип чыгуусуна жетишүүгө мүмкүндүк берет» [102, 123 б.], - дейт, белгилүү орус педагогу, мектепке чейинки билим берүүнүн методикасынын негиздөөчүсү А.С. Макаренконун шакирти, психология жана педагогика илимдерине чоң салымын кошкон окуучуларынын бири.

Көркөм чыгарманы үйрөнүүнүн башкы шарты аны адабият туундусу катары талдоо. Балдар адабияты деген эмне? Окулуп жаткан чыгарма кайсыл текке, кайсыл түргө, кайсыл жанрга кирет, андагы образдар кандайча аракет кылат, образдуулук деген эмне?, - деген сыяктуу маселелерди бизге адабият таануу жана адабий сын үйрөтөт. Бул багытта тарбиячы жана мугалим орус адабият теоретиктеринин (Г.Л. Абамович, Н.А. Гуляев, М.И. Тимофеев ж.б.) эмгектери, энциклопедиялары жана сөздүктөрү, кыргыз адабиятчыларынын (К. Артыкбаев, М. Борбугулов, А. Садыков, Е.К. Озмитель, К. Рысалиев, Ж. Шериев, А. Муратов), адабият таануу терминдери боюнча сөздүктөр (К. Асаналиев, Р. Кыдырбаева, Ж. Шериев, А. Муратов), энциклопедиялар,

адабий сын боюнча изилдөөлөр (К. Асаналиев, Т. Аскаров, К. Бобулов, М. Борбугулов, К. Даутов, О. Ибраимов, С. Жигитов, А. Садыков, А. Эркебаев ж.б.), коллективдүү жыйнактары биздин изилдөөбүзгө аздыр-көптүр салым кошот.

Көркөм чыгарманы үйрөнүүдө салыштырма-типологиялык багытта үйрөнүү өзгөчө эффективдүү метод. Кыргыз балдар фольклорунун материалдарын орус, түрк элдеринин фольклору менен салыштырып, байланыштыруу изилдөө методологиясы да бизге алгылыктуу көмөк көрсөттү.

***Педагогикалык изилдөөнүн методдору*** катары педагогикалык, психологиялык жана философиялык адабияттардагы руханий тарбияга байланышкан изилдөөлөргө, балдар адабиятынын окуу программаларына жана бул багыттагы окуу-методикалык колдонмолорго илимий-теориялык талдоо жүргүзүү иштери;

- мектепке чейинки курактагы балдардын, тарбиячылардын балдар адабиятындагы чыгармаларга карата түшүнүктөрүн изилдөө максатында алардын арасында сурамжылоо, анкеталык иштерди жүргүзүү;

- балдар чыгармаларына карата жүргүзүлгөн анализдин жардамы менен педагогикалык талдоо жүргүзүү;

- аныктоочу жана калыптандыруучу тажрыйбаларды жүргүзүү;

- мектепке чейинки курактагы балдардын бала бакчаларда өз алдынча иштөөлөрүнө, өздүк чыгармачылыгына, жомокторго талдоо жүргүзүп, тарбиячылар менен аӊгемелешүүлөрдү өткөрүү иштери болду. Тема боюнча иштөөдө биз төмөнкү изилдөө методдорун колдондук:

- изилдөө маселеси боюнча адабий булактарды изилдөө жана талдоо;

- сабак учурунда жана эркин иш-чараларда балдарды көзөмөлдөө;

Бала бакчалардагы балдар менен иштөөнү уюштуруу төмөнкү принциптерге негизделди:

*Интеграция принциби.* Ушул принципке ылайык, биз бала бакчада баланын эмоционалдык бакубаттуулуктарын калыптандыруга жетишебиз, анткени бул анын баалуулуктарын өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты.

*Системалык принцип.* Бул жакшы пландаштырылган системаны билдирет: бала бакчадагы сабак өтүлүүчү класстар, оюндар, жалпы максат, көйгөй менен бириктирилген жеке иш.

*Этапташуу принциби.* Система жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн негизинде курулган, башкача айтканда, ар бир этап кийинкисине өтүү үчүн негиз болуп берет.

*Жеткиликтүүлүк принциби.* Бул балдардын жаш мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен түшүнүктүү түрдө материалды берүүнү билдирет.

Эмгекте балдарды көркөм адабият окуу аркылуу руханий-адептик жактан тарбиялоо ийгиликтүү ишке ашырылып жаткандыгы, инсандын ар кандай сапаттарын калыптандырууда жетекчи катары мугалимдин ролу аныкталып, тарбиялык тармактардын интеграциясы байкалган.

Изилдөө ыкмалары: оозеки, визуалдык, эксперименталдык, эмпирикалык байкоо жүргүзүү.

Балдар чыгармаларынын негизинде мектепке чейинки курактагы балдардын руханий тарбиялык, жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жолдорун жана каражаттарын аныктоо максатында педагогикалык төмөнкүдөй ***методдорду*** колдондук:

- **Теориялык изилдөө методу:** педагогика, психология, балдар адабияттардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга теориялык талдоо жана руханий тарбия боюнча контент-анализ жүргүздүк;
- **Илимий-методикалык эмгектерди талдоо аркылуу** мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды окутууну тактоо максатында кыргыз, орус жана дүйнөлүк балдар адабиятынын окумуштууларынын эмгектеринде, балдар чыгармалары аркылуу руханий тарбия берүү боюнча илимий-методикалык эмгектерди теориялык жана практикалык жактан талдоого алып, зарыл маалыматтарды алдык.

- **Байкоо жүргүзүү жана аңгемелешүү методдору аркылуу** балдарды көркөм адабият менен тааныштыруу боюнча иштердин милдеттерине ылайык балдар бакчасында көркөм адабият менен иштөө методикасына таяндык.
- **Көркөм окуу жана аңгемелөө ыкмалары.** М.М. Конина бул методдун бир нече түрүн бөлүп көрсөтөт:

- бир темага бириктирилген бир нече чыгармаларды окуу (жаз жөнүндө, жаныбарлардын жашоосу жөнүндөгү ырларды жана аңгемелерди окуу) же образдардын биримдигин (түлкү жөнүндөгү эки жомок) окуу. Бир жанрдагы (моралдык мазмундагы эки аңгеме) же бир нече жанрдагы (ыр, аңгеме, жомок) чыгармаларды айкалыштыруу. Бул топтордо жаңы жана мурдатан тааныш болгон материалдар айкалыштырылат;

- искусствонун ар кандай түрлөрүнө таандык чыгармаларды айкалыштыруу. Адабий чыгарманы окуу жана белгилүү сүрөтчүнүн сүрөтүнөн репродукцияларды кароо. Музыка менен айкалыштырып окуу. Мындай сабактарда чыгармалардын баланын сезимине тийгизген таасири эске алынат;

- көргөзмө материалды колдонуу менен окуу жана баяндоо. Оюнчуктар менен окуу, жомок айтуу («Үч аюу» жомогун кайра айтып берүү оюнчуктарды көрсөтүү жана алар менен болгон кыймыл-аракеттер менен коштолот). Стол театры картон же фанера менен иштөө. Куурчак жана көлөкө театры, фланелограф, диафильмдер, мультфильмдер, телешоулар.

- мектепке чейинки курактагы баланын кебин (речин) өнүктүрүү сабагынын алкагында окуу. Сабактын мазмуну менен логикалык жактан байланыштырса болот (мектеп жөнүндө сөз кылууда, ыр окууда, табышмак жасоодо). Окуу сабактын өз алдынча бөлүгү болушу мүмкүн (ырларды кайра окуу, материалды бекемдөө).

Мектепке чейинки курактагы баланын көркөм адабият менен таанышуунун ыкмаларына кыскача токтолуу зарылдыгы бар.

Балдарды көркөм адабият менен тааныштыруу үчүн кабыл алуунун негизинде төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

- көркөм адабиятка кызыгууну өстүрүү;

- ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды ар тараптуу кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүү;

- чыгармалардын мазмунун өздөштүрүү жана ага эмоционалдык жооп берүү;

- көркөм адабияттын өзгөчөлүктөрү жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу;

- жанрлар (ыр, жомок, табышмак, анекдот, проза, поэзия, драма ж.б.);

- алардын спецификалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө;

- композиция жөнүндө, тилдеги образдардын эң жөнөкөй элементтери жөнүндө;

- адабий-көркөм табитти;

- чыгарманын маанайын түшүнүп, сезе билүү;

- аңгемелердин, жомоктордун, ырлардын музыкалуулугун, үндүүлүгүн, ыргагын, сулуулугун сезе билүүсү [89, 188-195 бб.].

Бала бакчанын милдети, бул боюнча адис окумуштуу К.Сейдекулова белгилегендей, «мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо бөтөн жактан келген идеалогияларды, методикалык жана программалык материалдарды түздөн-түз кабыл албай, кылым карыткан, турмуштун терең сыноосунан өткөн элдин ой-пикири, накыл сөздөрү, макал-ылакаптары, санжыралары, каада-салттары жана көркөм өнөрчүлүктөрүнүн дөөлөттөрү, кыргыз эли үчүн тарыхтын, турмуш-тиричиликтин, философиялык жана педагогикалык бийик ойлору камтылган ырлар, жомоктор, макал-ылакаптар, кенже жана чоң эпосторундагы кызыктуу окуялар менен тааныштыруу маанилүү, алар бала үчүн турмуш менен айкалышкан чоң мектеп болот» [152, 101-б].

Балдарды адабий билимге даярдоо маселесин чечип, аларга жазуучулар жана акындар, элдик чыгармачылык, китептер жана иллюстрациялар

жөнүндө билим берүү сунушу бар. Көркөм адабият аркылуу ар тараптуу тарбиялоо маселелерин чечүү үчүн баланын инсандыгын калыптандыруу, анын көркөмдүк жактан өсүүсү, окууга да, аңгемеге да, аткаруучулук ишмердүүлүккө да адабият чыгармаларын туура тандоо чоң роль ойнойт. Тандоо эстетиканын жалпы принциптеринин негизинде иштелип чыккан педагогикалык принциптерге негизделет. Китепти тандоодо адабий чыгарма когнитивдик, эстетикалык жана адеп-ахлактык милдеттерди аткарууга тийиш экендигин эске алуу керек, б.а. акыл-ой, руханий жана эстетикалык тарбиялоонун каражаты болууга тийиш.

Мектеп курагына чейинки балдарды окутууда кыскача киришүү маек балдарды чыгарманы кабыл алууга даярдайт. Мындай сүйлөшүү эмнелерди камтышы мүмкүн: жазуучу жөнүндө кыскача окуя, анын балдарга мурунтан эле тааныш болгон башка китептерин эскерүү. Мурунку иштери менен балдар китепти кабыл алууга даярдалса, алар табышмактар, ырлар, сүрөттөрдүн жардамы менен кызыктуу болушу мүмкүн.

**Салыштыруу жана жалпылоо методу аркылуу** салттуу жана интерактивдүү методдорду колдонуу, сабак өтүлгөндө баланын ээ болгон билим, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, кандай компетенттүүлүктөргө ээ болгондугун аныктоого аракет кылдык. Аларды салыштыруу аркылуу жалпылаштыра алдык.

**Балдардын курак жашына карата китеп менен таанышуусу.**

***Кенже тайпа:*** Балдар китепке жана иллюстрацияларга болгон сүйүү жана кызыгуу, текстке көңүл буруу, аны аягына чейин угуу, мазмунун түшүнүү жана ага эмоционалдуу жооп берүү жөндөмүнө тарбияланат. Балдарды кичүү топтон баштап жанрларды айырмалоого жетелейт. Бул куракта балдар жомокту түшүнүп, эстей алышат, ырды кайталай алышат, бирок алардын сүйлөө жөндөмдүүлүтөрү жетиштүү экспрессивдүү эмес.

***Ортоңку тайпа:*** Мектепке чейинки орто куракдагы балдардын адабий чыгарманы кабылдоо жөндөмдүүлүгүн, сүрөттөлгөн окуяларга эмоционалдуу жооп берүү каалоосун тарбиялоо боюнча иштер күчөйт. Класста балдардын

көңүлүн чыгарманын мазмунуна да, ырга, прозага, кулак менен айырмалануучу формасына да, адабий тилдин айрым өзгөчөлүктөрүнө да (салыштыруу, эпитет) бурат. Жаш тайпалардагыдай эле мугалим чыгарманын жанрын атайт, чыгармага кичине талдоо жүргүзүүгө, башкача айтканда, окулган нерселер жөнүндө сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Балдарга жомок жактыбы, эмне жөнүндө, кандай сөздөр менен башталып, кандай сөздөр менен аяктайт деген суроолорго жооп берүүгө үйрөтүлөт. Сүйлөшүүдө ой жүгүртүү, каармандарга болгон мамилесин билдирүү, алардын кыймыл-аракетине туура баа берүү, руханий тарбиялык сапаттарды мүнөздөй алуу жөндөмдөрү калыптанат, көркөм сөзгө болгон кызыгууну сактап калууга шарт түзөт.

***Жогорку тайпа:*** Мектепке чейинки куракта китепке туруктуу кызыгуу, аларды окуганды угуу каалоосу пайда болот. Топтолгон турмуштук жана адабий тажрыйба балага чыгарманын идеясын, каармандардын кыймыл-аракетин, жүрүм-турум мотивдерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Балдар автордун сөзүнө аң-сезимдүү мамиле жасап, тилдин өзгөчөлүктөрүн, образдуу кепти байкап, аны кайталай башташат.

Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында **анкета алуу, суроо-жооп методдорун** да колдондук. Суроо-жооп көбүнчө аңгемелешүү, суроолорго жооп алуу, тигил же бул кырдаалды, көйгөйдү чечүүгө карата пикир алышуу, ой бөлүшүү түрүндө жүргүзүлдү. Анкета алуу жана суроо-жооп методдорунун мазмунун төмөнкү маселелер түздү. **Талдоо жана анализдөө методу** салттуу эмес, интерактивдүү, методдор аркылуу «көркөм адабият» сабагынан өтүлгөндөн кийинки балдардын өздөштүрө билүүлөрү талдоого алынып, анализденди.

Бала бакчалардагы практик мугалимдердин, тарбиячылардын, методисттердин иш тажрыйбаларына **илимий талдоо, жыйынтыктоо методу.** Руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын окутуу боюнча алдыңкы мугалимдердин, тарбиячылардын, методисттердин чоң тажрыйбасы топтолгон жана алар биздин изилдөөдө кеңири пайдаланылды. Мындай иш

тажрыйбалардын башында, албетте, көркөм адабият сабактары турат, мына ошол сабактар бала бакчаларда салттуу жана жаңычыл формаларда уюштурулуп келет.

**Моделдештирүү методунун** негизинде биз балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун кичирейтилген үлгүсүн, компоненттерин төмөнкү таблицалар аркылуу көрсөттүк.


**2.1.1 – Таблица. Мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун компоненттери.**

| | |
|---|---|
| **максат** | Мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун мазмунун, максатын аныктоо, аларды үйрөтүүнүн дидактикалык шарттарын, методикасын илимий-теориялык багытта иштеп чыгуу, натыйжалуулугун педагогикалык тажрыйбаларда текшерүү |
| **милдет** | Кыргыз балдар адабияты жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Балдар чыгармаларын колдонуу багытындагы педагогикалык, психологиялык, адабият таануу боюнча эмгектерди талдоо, теманын изилдениш тарыхына обзор берүү. Балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун методдору жана формаларын аныктоо, аларды үйрөтүүнүн заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана практикага сунуш кылуу. Иштелип чыккан практикалык сунуштарды эксперимент жолу менен сынактан өткөрүү. |
| **каражаты** | Балдар адабиятындагы чыгармалар |
| **формалары** | «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» сабагы |
| **методдор** | Токтоо, жай окуу, мазмунга жараша эмоцияны туура сактоо, диалогдордогу интонацияларды туура окуу, кырдаалга жараша мимиканы, жестти туура сактап окуу, каармандардын кебине жараша образдуу окуу, балдар мазмунду түшүнүп жатабы-байкап окуу, балдардын кабыл алуусун эске алып окуу, талкуу, ролдук |

| | |
|---|---|
| | оюндар, талаш-тартыштар, аңгеме жүргүзүү, сөздүк жумуштары,мазмунду эске сактоосун байкоо үчүн суроолорду коюп, бекемдөө ж.б. |
| **натыйжа** | - чыгарманы түшүнүү, талдоо деңгээлинин жогорулашы;<br>- көркөм сүйлөө маданиятынын жогорулашы;<br>- балдардын чыгарманын сюжетин өз алдынча талдап үйрөнүүсү ишке ашат;<br>- идеялык мазмунун туура түшүнөт;<br>- каармандардын, алардын образдарын талдап билишет;<br>- тарбиялык таасирин сезишет жана аларга баа беришет. |
| **жыйынтыгь текшерүүчү чен-өлчөм** | 1. Баланын оозеки жоопторун жана иш-аракеттерин талдоо.<br>2. Эгер баланын тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, жүргөн-турганына  баа берүүсүн текшере турган болсок, анда ал анын «жакшы» же «жаман»деген баасы менен баалайт.<br>3. Бала каармандын ички толгонууларына , ой жүгүртүүлөрүнө жана кылык-жоруктарына баа бергиси келсе, анда «туура» же «туура эмес» деген баасы менен баалайт.<br>4. Бул баа берүүлөр баланын адам болуп калыптануусундагы рух таяныч-тирек болор ички баалуулуктарынын деңгээлин чагылдырып турган белгилер экендигин далилдөөчү чен-өлчөм боло алат. |

С.К. Рысбаев: «... изилдөө методу аркылуу жомокту талдап үйрөнүү ыкмаларында тексттин мазмуну жана тарбиялык таасири, балдардын элдик жомокторду баалап-билүүсү эки багытта, т.а. эмоционалдык-психологиялык жана нравалык-этикалык чен-өлчөмдөр менен бааланарын окумуштуулар изилдөөлөрүндө байкашкан. Ал чен-өлчөмдөр мына булар менен түшүндүрүлөт» - деп атаган, биз аны жогоруда көрсөтүлгөн айрым компоненттерге кошуп жаздык [140, 110 б].

Жогорудагы компоненттердин негизинде мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун модели түзүлдү.




**2.1.1 – Сүрөт. Мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун модели.**

## 2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун дидактикалык шарттары, методикасы боюнча изилдөө ишибиздин максат, милдеттерине ылайык көрсөтүлгөн моделди жана сунуштарды педагогикалык процессте экспериментте текшерүү иши болду. Изилдөөбүздө педагогикалык эксперименттин максаты илимий жактан негизги моделдин натыйжалуулугун бала бакчаларда сыноо жана практикага сунуштоо.

*Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары* Ош шаарындагы «Үмүт Наристе», № 35 «Асан-Үсөн», Кара-Суу районундагы Шарк айыл өкмөтүнө караштуу «Раян», Мады айылындагы «Курманжан Датка», Чоң-Алай районундагы Жаш-Тилек айылындагы «Жаш-Тилек Наристе», Чак айылындагы «Чак», Кабык айылындагы «Кабык» бала бакчаларындагы мектепке чейинки билим жана тарбия берүү уюмдары алынды. Жогорудагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы бала бакчалардын эксперименталдык база катары алынышынын критерийлери:

- ✓ бала бакчалардагы педагог, методисттердин билим деңгээлинин жана тажрыйбаларынын жогорулугу;
- ✓ бала бакчалардагы тайпаларда балдардын санынын жетиштүүлүгү;
- ✓ шаар бала бакчалары менен алыскы райондордун бала бакчаларындагы балдар адабиятындагы чыгармаларын окутуудагы айырмачылыктары, тажрыйба алмашуу;
- ✓ бала бакчаларда (айыл жергесинде) заманбап техникалык каражаттар менен жабдылуусу;

Изилдөөгө коюлган максатка жетүү үчүн жогорудагы шарттар жана жагдайлар биздин ишибиздин жүргүзүлүшүнө жардам берди.

*Аныктоочу экспериментинин* учурунда биз негизги параметр деп аталчу диагностикалык иштерди жүргүздүк, анын негизинде: тарбиячы, методисттер менен балдар чыгармалары руханий тарбиялоонун каражаты

катары колдонуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө маектешүүлөр, балдар менен тарбиялык маселелер жөнүндө баарлашуулар, мектепке чейинки чөйрөдө балдардын ишмердүүлүгүнө кыйыр түрүндө байкоо жүргүзүү иштери, балдарды руханий жактан тарбиялоодо көркөм адабиятты колдонуу боюнча ата-энелерге суроолорду берүү, алардын жоопторун классификациялоо иштери.

*Аныктоочу экспериментинин биринчи этабында* (2018-2019-жылдар) – тема методологиялык-теориялык аспектиден иликтөөгө алынды. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, бала бакчаларда балдарга руханий тарбия берүүдө көркөм чыгармаларды окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талданды. Мектепке чейинки курактагы балдар (алардын бала-бакчаларына барып, үйүндө) менен жекече баарлашуу өткөрдүк, анын максаты балдардын руханий маданиятын, адеп-ахлактык абалын, моралдык сезимдеринин калыптануу деңгээлин аныктоо болгон. Бул үчүн биз балдарга **«Менин сүйүктүү бала бакчам»** (Балдар бакчада эмне кылышат, чоңдор алар менен кандай иштешет? Балдар бакчасында кандай кесиптеги адамдар иштейт? Тарбиячы – бул ким? Тарбиячы балдарга кандай мамиле кылат? Балдар алардын эркелетүүсүн, камкордугун сезеби? Балдар бири-бирине кандай мамиле кылышат? Бакчасын жакшы көрөбү? ж.б.). Балдар тарабынан түзүлгөн аңгемеден кийин сунушталган жогорку суроолор боюнча балдар менен жеке баарлашуу өткөрүлдү.

Алардан сырткары балдар менен болгон жеке баарлашууда төмөнкү суроолор камтылган:

- Достук деген эмне?

- Сенин досторуң барбы?

- Эмне үчүн алар сенин досторуң?

- Досторуң жөнүндө ойлоносуңбу?

- Досторуң сенден күнүмдүк жашоодо, оюндарда, жалпы иштерде жардам сурайбы?

- Досторуң сенин жардамыңды күтөбү, сүйүнүшөбү?

- Сен башка адамдарга жана балдарга кандай жардам бересиң?

- Ата-энеңе жардам бересиңби?

- Тарбиячыга кандай жардам бересиң?

- Сенин үйүңдө китеп текче барбы?

- Сенин үйүңдө китептер барбы?

- Атаң же апаң китеп окуйбу?

- Бала бакчага келгенде тарбиячы сага китеп окуп береби?

- Бала бакчада кандай китептер бар?

- Жомок, аңгемелерди билесиңби? Алар эмне жөнүндө?

- Кандай жомокторду угуп, окугуң келет?

- Достук жөнүндө жомок билесиңби?

- Боорукердик жөнүндө жомок билесиңби?

- Достук, боорукердик тууралуу макал-ылакаптарды эстей аласыңбы?

- Сенин чөйрөңдө боорукер адамдар барбы?

- Ата-энең сага китеп сатып береби?

- Жомоктуу китептерди эстей аласыңбы? Өзүңдүн китебиң бар болушун каалайсыңбы?

- Китепканага, китеп дүкөндөрүнө баргансыңбы? Кимдер менен баргансың?

Тилекке каршы, мындай суроолорго балдардын жооптору канаттандырарлык эмес. Көпчүлүк балдар тарбияга тиешеси бар түшүнүктөрдүн маанилерин (жоопкерчилик, достук, боорукердик) так билишпейт жана алар бул сезимдерди башынан өткөргөндүгүн так айта алышпайт. Достору барбы, жокпу, бул куракта буга да маани беришпейт, бирок пайдасы үчүн гана дос болууну жакшы көрүшөт (б.а. бир нерсе бере алган же өзү бир нерсени жасаганды билген балдар менен); ата-энелери жумушта эмне кылышат, балдар билишпейт; боорукердик, достук, эмгек жөнүндө макал-ылакаптарды айта алшыпайт. Балдардын баарынын эле үйдө китептери бар, бирок бардык эле балдар китеп эмне жөнүндө экенин айта алышпайт. Балдар кимдир бирөө жакында окуган жомок же окуя тууралуу

так түшүнүктөрдү беришкен жок. Балдар кээ бир китеп каармандарынын мүнөздөмөсүнө шектеништи. Алар ата-энелери менен көп жерлерге барса да, өлкө, аймак, шаар жөнүндө аз билишет (жерлердин аталыштарын атай алышпайт). Балдардын жакшы көргөн нерселери бар, бирок башкалардын буюмдары менен  кылдаттык менен мамиле жасоо керек дегенди жакшы түшүнүү менен сөз байлыгынын аздыгынан улам муну түшүндүрө алышпайт.

Ошентсе да, эксперименттин жыйынтыктоочу этабында бир нече гана балдар жеке аңгеме түзүү тапшырмасын аткарышты. Көпчүлүгү аңгемелеринде алардан эмнелер жөнүндө суралганын (тарбиячылардын иши жөнүндө, аларга жана бакчанын жумушчуларына, бири-бирине жасаган мамилеси жөнүндө) жетиштүү так чагылдыра алышкан жок. Өткөрүлгөн маекти талдоодон жана мектеп жашына чейинки балдар ойлоп тапкан аңгемелерди талдоодон балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдер жөнүндөгү түшүнүктөрү начар өнүккөндүгүн көрүүгө болот.

*Аныктоочу экспериментинин экинчи этабында* – изилдөө проблемасы боюнча мектепке чейинки мекеменин тажрыйбасын изилдедик.

Бул максатка жетүү үчүн бала бакчаларда өтүлүүчү балдардын «туура» «Көркөм адабият» сабагына ичкерттен байкоо жүргүздүк, сабак мугалимдин жетекчилигинде өттү (төмөндө ал сабактын тиркемеси сунуш кылынган). Биз аныктоо үчүн маанилүү болгон: руханий, адеп-ахлактык сезимдер калыптандыбы (жоопкерчилик, өз ара жардамдашуу, жолдоштордун жана чоңдордун өтүнүчтөрүнө жоопкерчилик) деген маселе болчу.

- Балдар чоңдор менен биргелешип иштөөдөн канааттана алабы?

- Достук, кызыгуу, эмгекчилдик калыптанганбы?

- Ар бир адамдын, анын жалпы иштеги эмгегинин маанисине карата мамиле калыптандыбы?

- Сарамжалдуулук түшүнүгү калыптандыбы?

- Тыкан, абийирдүү болууга умтулуусу калыптандыбы?

Бакчадагы «Көркөм адабият жана искусство» борборуна мугалим ага 8 жардамчыны чакырды, эки гана бала каалоосу менен келди, калганын

мугалим өзүнчө тартууга карата иш-аракет жасады. Ошондо мугалим балдарга: «Китеп биздин досубуз! Алар бизге баарын үйрөтөт! Жана көбүрөөк билүү үчүн, жакшы болуу үчүн биз китепке кайрылабыз!» - деген сөздөрү менен мугалим китептердин жардамга муктаж экенин айтып, балдарга топтун китепканасында чогуу иштөөнү сунуштады. Китептерди чогултуп, кылдаттык менен жайгаштырууну, сырты айрылган китептердин мукабаларын жана барактарын жабыштырууну, жарык чоң китептерди жана иллюстрацияларды көрүнүктүү жерге жайгаштырууну, бирок алгач текчелердеги чаңды аарчып чыгууну, текчелердин жана үстөлдөрдүн кагаз капкагын алмаштырууну эске салды. Мугалим ар бир балага тапшырма берди, балдардын ар биринин эмгеги, пикири баары үчүн маанилүү экенин айтты.

Бирок, тилекке каршы, көпчүлүк балдардын активдүү иштөөгө каалоосу жок, кээде алаксып, бири-бирине көңүл бурбай, өз ара жардамдашкан жок. Балдар мугалимдин өтүнүчүнө гана жооп берип, кээде мугалимге жакшы жардам берише алган жок. Жанзат деген жүрүм-туруму, тартиби жакшы бала кокустан столдун бетине клей төгүп алды, Аксаамай аттуу кыз гана ага бул клейди столдон тазалоого жардам берүүгө ынтызарлык менен жооп берген. Башка балдар аны шылдыңдап күлүштү.

Бакчада балдар үчүн уштурулган жумуштун аягында балдар тарбиячыга анын өтүнүчү боюнча клей төгүлгөн столду тазалоого жардам беришкен, бирок башка тапшырмаларын аткара элек башкаларга жардам бергиси келген эмес.

Байкоо жүргүзүү мезгилинде биз байкагандай, көптөгөн балдар өз алдынча башкаларга жардам берүү үчүн өтө сейрек барышат, бирок мугалимдин өтүнүчү аткарылса да, бул алардын балдар жана адамдар менен бир калыпта эмес мамилесин баса белгилейт, көз каранды болгон адамдардын гана өтүнүчү аткарылат. Мындай көрүнүш, тилекке каршы, азыр шаар бала бакчаларында гана эмес, элет жеринде тарбияланып жаткан мектеп курагына чейинки жалпы балдарга мүнөздүү көрүнүш экен.

*Аныктоочу экспериментинин үчүнчү этабында* балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдерин калыптандыруунун ата-энелер үчүн маанисин аныктоо максатында ата-энелерден арасында сурамжылоо иштерин жүргүздүк. Ата-энелерге төмөнкү суроолор берилди:

- Балаңыздын жардамына ыраазы болосузбу жана аны кантип билдерисиз?

- Алар сизге күнүмдүк турмушта, жалпы иштерде жардам береби?

- Сиздин жакындарыңыз же кошуналарыңыз балаңыздын жардамын айта алышабы?

- Адамдарга жардам берүү жөндөмү кандай сезимдерди пайда кылат?

- Балаңыздын короосунда, тааныштарыңыздын балдарынын арасында достору барбы?

- Балдар бири-бирине кам көрөбү? Ал эми сиздин балаңыз?

- Үйүңүздө китеп текчеси жана балдарга арналып жазылган китептер барбы?

- Балаңызга китеп окуп бересизби?

- Бала кандай китептерди укканды же окуганды жакшы көрөт?

- Качантан бери балаңызга боорукердик, достук, сезимталдык жөнүндө жомок, аңгемелерди окуп жүрөсүз?

- Боорукердик, жөнөкөйлүк, сезимталдык, достук, мекенчил жөнүндөгү макал-лакаптар эсиңиздеби? Күнүмдүк жашоодо балаңызга макалдарды колдоносузбу?

- Балаңызга кайсыл убакытта китеп окуп бересиз?

- Сиз балаңыз менен жаратылышка, китепканага, хобби ийримдерине канча жолу барасыз?

- Балаңызга шаар, аймак, өлкө жөнүндө айтып бересизби?

- Жаратылышка, башка шаарларга саякаттоодон бала кандай таасир калтырат?

- Балаңызга үйдө жаныбарларды же канаттууларды кармоого уруксат бересизби?

- Сиздин оюңузча, оюн учурунда достору менен кандай моралдык сезимдер өнүгөт?

- Үй жаныбарларына кам көрүүдө кандай сезимдер пайда болот?

- Сиз үчүн бала менен бирге иштөөнүн мааниси кандай?

- Баланын китеп менен бат-баттан байланышы кандай сапаттарды пайда кылат?

- Балаңыз менен кандай китептерди окугуңуз келет?

- Балаңыз китепкана жана китеп дүкөнү жөнүндө түшүнүгү барбы?

- Сиздин үйүңүздө балдарга арналган китептер барбы?

- Балаңыз менен кандай китептерди окугуңуз келет?

- Балдар чыгармаларынан атап бере аласызбы?

- Балаңыздын китепканага баргысы келеби?

Берилген жоопторду талдап, ата-энелер балдарынан дээрлик жардам сурабасын, балдардын үйдө туруктуу милдети жок экенин аныктадык. Иштин оордугунан ата-энелер бала менен табияттын булуң-бурчтарына, китепканага, музейлерге барууга үлгүрбөй, кээ бир ата-энелер баланын ал эңсеген күчтүү достору бар же жок экенин билишпейт. Албетте, көпчүлүк ата-энелер балдарына абдан кам көрүшөт, аларга китептерди, оюнчуктарды сатып беришет, бирок алар окугандарынын моралдык пайдасын алдын ала аныктоого аракет кылгандар аз. Алар балдарга өздөрүнүн кичи мекени, өлкөсү, майрамдары тууралуу сейрек айтышат, муну убакыттын жетишсиздигин айтышат. Ата-энелердин жетишээрлик бөлүгү балдарынын жүрүм-турумунун жалпы эрежелери менен тааныш, калганы бала бакчада тарбиялоо процессинде ишке ашат деп эсептеп, алардын руханий, адеп-ахлактык түшүнүктөрү жөнүндө ойлоно электигине күбө болдук.

Жооптордон көрүнүп тургандай, балдар ата-энелерине жумушта жардам берүүгө умтулушпайт, анткени, руханий, адеп-ахлактык сезимдерди тарбиялоону сүрөттөгөн көркөм адабиятты, мүмкүн болгон каалоолорду, шаар, мекен жөнүндө аз билишет, достор, үй-жаныбарларына өзгөчө

камкордук жана сезимталдыкты, башка балдарга жана адамдарга жардам берүүгө көп аракет кылынбагандыгы себеп экендиги аныкталды.

Ата-энелердин жарымынан көбү уулун же кызын мектепке чейинки куракта кандай руханий, адеп-ахлактык сезимдерди жана аларды кантип калыптандыруу керектигин билишпейт. Боорукердик, жоопкерчиликтүүлүк, сезимталдык, өз ара жардамдашуу, эмгекчилдик, боорукердик, достук, мекенге болгон сүйүү сыяктуу сезимдерди калыптандыруу үчүн үй-бүлөдө эң ыңгайлуу шарттарды түзүү зарыл экенин бардык эле ата-энелер түшүнө бербейт.

Сүйлөшүүлөрдүн жоопторунун мазмунуна жана эксперименталдык топтун балдарынын «Көркөм адабият» сабагындагы байкоолорун талдоонун негизинде, балдардын өз алдынча оюн иш-аракеттери, тапшырма-көнүгүүлөрдү аткаруу, китептеги каарман жөнүндө аңгемелешүү же болбосо адеп-ахлактык мааниге ээ болгон макал-лакаптар боюнча аңгемедешүү мезгилинде мектепке чейинки курактагы балдардын адеп-ахлактык сезимдерин калыптандыруу деңгээлинин көрсөткүчтөрүн билүүгө аракет жасадык.

Изилдөөбүздө мектеп жашына чейинки курактагы балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдерин калыптандырууну системалаштыруу иштеринин жыйынтыктарын чыгардык. Алынган маалыматтар эксперименттин калыптандыруучу этабын уюштуруунун зарылдыгын тастыктады.

*Эксперименттин калыптандыруучу этабында* (2019-2020-жылдар) – мектепке чейинки курактагы балдардын моралдык сезимдерин көркөм адабият аркылуу калыптандыруунун методологиясын аныктоодо формативдик эксперименттин максаты: балдар бакчасындагы кенже, ортоңку, жогорку топтогу балдарга руханий сезимдерин көркөм адабият аркылуу калыптандыруунун формативдик эксперименттин максатына жетүү үчүн биз чече турган негизги педагогикалык милдеттер төмөнкүлөр:

- балдардын, ата-энелердин жана тарбиячылардын моралдык жүрүм-турумунун жалпы эрежелери менен тааныштыруу;

- көркөм адабият аркылуу балдардын иш-аракетин уюштуруу үчүн зарыл шарттарды түзүү;

- ар бир баланы тарбиялык мааниси бар көркөм адабият менен системалуу түрдө тааныштыруу;

- мугалим тарабынан көркөм адабият аркылуу уюштурулган балдардын иш-аракети алар тарабынан зарыл деп кабыл алынышы керек;

- мындай иштер балдар үчүн кызыктуу процесс болушу керек.

Балдардын бул иш-аракетин багыттоодо мугалим эки маселенин: окутуу менен тарбиялоонун интеграцияланышын эске алуусу абзел. Көркөм адабият аркылуу руханий, адеп-ахдактык тарбияны калыптандыруу методикасынын негизги мазмунун аныктоо жана аны балдар менен сынап көрүү. Үч, алты жаштагы балдардын руханий, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн өнүктүрүүчү, ошону менен адептүүлүк сезимдерин калыптандырууга өбөлгө түзгөн атайын тандалган көркөм чыгармаларды кошумча окуу.

Формативдик эксперименттин милдеттери чечиле турган көркөм адабият аркылуу балдардын уюшулган иш-аракетинин мазмунун аныктоо үчүн биз мектеп жашына чейинки кенже, ортоңку, жогорку тайпадагы балдардын руханий сезимдерин көркөм адабияттын жардамы менен калыптандыруунун перспективалык планын түздүк. Андай планга төмөнкүлөрдү киргиздик:

- жомок, жазган автордун чыгармачылыгы менен таанышуу, китептеринин көргөзмөсү, адеп-ахлактык темадагы жомок окуу кааналары, окулган чыгармалар боюнча маектешүү, иллюстрациялар боюнча баарлашуу, көнүгүүлөрдү колдонуу ж.б. тарбиялык мааниси бар макал-ылакаптар, ырлар; эмгек сабактары (жомокчунун туулган күнүнө гүл өстүрүү, бул гүлдөрдү багуу боюнча сабактар), балдар жомок окуяларын тарткан, жомоктордун каармандарын айкел кылган визуалдык активдүүлүк класстары, жомоктун негизинде жамааттык тиркеме түзүү, адабий викторина, көнүгүүлөр жана оюндар өткөрүлдү; балдарды сабактан тышкары көркөм

адабият менен тааныштыруу жана башка тарбиялык мааниси бар иштердин түрлөрү, формалары жүргүзүлдү.

Эксперименттин иш планына ылайык башталган мезгилде эле окуу жана тарбиялык милдеттери аныкталган болчу. Бала бакчаларда өткөрүлүүчү сабакардын учурунда балдарды көркөм адабият менен тааныштырууда окуу максаттары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жомок, аңгеме жана башка чыгармаларды угууну үйрөнүү, окууда, жомок айтууда жана баарлашууда балдардын активдүү жана пассивдүү лексикасын байытуу;

- жомоктун, окуянын мазмунун жеткирүү үчүн текстке жакын, майда-чүйдөсүнө чейин үйрөтүү, чыгарманын мазмуну боюнча суроолорго жооп берүүгө, тексттеги сөздөрдү жана сөз айкаштарын жаттоого үйрөнүү, ошону менен кайра айтып берүү көндүмдөрүн жогорулатуу;

- сүрөттөрдүн, оюнчуктардын, пландын негизинде кайталап айтып берүү аркылуу ырааттуу кепти өнүктүрүү;

- баатырдык жана анын башка каармандар менен болгон мамилелерин мүнөздөөгө үйрөтүү;

- чыгармадагы окуялардын ырааттуулугун эске алуу менен логикалык аңгемелөө көндүмдөрүн өркүндөтүү;

- макал-лакаптардын, маанисин түшүнүүгө жана ушул маанини чагылдырган чакан жомок, аңгемелерди түзүүгө үйрөтүү;

- тандалган жазуучунун негизги чыгармалары жөнүндө түшүнүк калыптандыруу, жазуучуга болгон сый-урматты калыптандыруу, түстүү китептерге, иллюстрацияларга жана алардын мазмунуна кызыгууну, көркөм чыгармалар менен класста жана өз алдынча таанышууга умтулууну ойготуу;

- көркөм адабият аркылуу балдардын руханияттык сезимдери жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүү;

- балдардын өз өлкөсүнүн майрамдары жана окуялары жөнүндө түшүнүктөрүн байытуу.

***Мектеп жашына чейинки курактагы балдарга билим берүүнүн милдеттери өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:***

- руханий тарбиялоо: боорукердикке, жоопкерчиликтүүлүккө, жакындарына, теңтуштарына, айланадагыларга жана чоңдорго сылык мамиледе болууга;

- ата-энелерге, достукка, жолдоштукка, айланадагыларга жардам берүү жөндөмүнө тарбиялоо;

- тырышчаактыкка, тапшырылган иш үчүн жоопкерчиликке жана ак ниеттүүлүккө тарбиялоо;

- өз ишине, жакындарынын, жолдошторунун жана башка адамдардын эмгегине урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоо;

- коомдогу жүрүм-турум нормаларына тарбиялоодо сылык болууга, улууларды урматтоого ж.б.

- туулган жерге, мекенге болгон сүйүүгө тарбиялоо;

- ооруга, кыйынчылыкка, оор турмуштук кырдаалга боорукердик сезимдерин өрчүтүү;

- айлана-чөйрөгө камкор мамилени жана жаныбарларга, канаттууларга болгон сүйүү, аларга кам көрүү жана алар менен баарлашуунун кубанычын сезүү каалоосун тарбиялоо;

- өсүмдүктөргө болгон кызыгууну жана аларды өстүрүү каалоосун өрчүтүү.

Формативдик этаптын кийинки милдети эрежелерди аныктоо болду. Биз балдар үчүн жүрүм-турум эрежелерин ата-энелер жана тарбиячылар үчүн эрежелерди аныктадык, бул биздин балдар менен мындан аркы ишибиздин негизи болуп калды. Алар балдар үчүн жүрүм-турум эрежелери: бала бакчадагы балдар чогуу иштешет, ойношот, бири-бирине жардам берүү, урмат көрсөтүү, улуу балдар кичинекейлерге кам көрөт, сезимталдыкты көрсөтөт, бакчадагы жана үйдөгү бардык балдар чоңдорду сыйлашат, аларга баш ийишет, балдар бакчасынын, өзүнүн, жолдошторунун буюм-тайымдарына камкордук көрүүгө, алар чоңдорго жардам берүүгө аракет

кылышат: ар бир топ бөлмөлөрүндө жана балдар бакчасында ыңгайлуулукту, ирээттүүлүктү, тазалыкты сактоо (гүл отургузуу, бурчтагы нерселерди ирээтке келтирүү, топтун жайларынын тазалыгына көз салуу ж.б.).

***Тарбиячылар менен ата-энелер үчүн сунуш кылынуучу эрежелер:***

- бала бакчада алар бардык балдарга аяр жана сезимталдык менен мамиле кылышат, ар бир бала көңүл бурууга, сүйүүгө, боорукер болууга, чоңдор ар дайым жана бардык нерседе балдарга жакшы үлгү көрсөтүп, мугалимдердин ишинде балдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна болгон таасирлердин ырааттуулугу, аларга коюлган талаптардын бирдиктүүлүгү;

- тарбиячылар үй-бүлө менен үзгүлтүксүз иштешет, үй-бүлө бала бакчанын бардык талаптарын аткарат, үй-бүлөдө руханий тарбиялоо, балдарды көркөм адабият менен тааныштыруу үчүн максаттуу шарттар түзүлөт.

Жогоруда саналып өткөн жалпы эрежелер менен бирге эле башка конкреттүү эрежелер да бар: класста, столдо, кийим чечүүчү бөлмөдө, мектепке чейинки билим берүү мекемесинин бакчасында ойноодо жүрүм-турум эрежелерин сактоо. Бул эрежелер балдар бакчасынын билим берүү программасынын негизги талаптарын чагылдырат. Көркөм адабият аркылуу руханий тарбияны калыптандыруу боюнча иш-чараларды уюштуруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө аракеттендик. Ар бир баланы көркөм адабият менен системалуу түрдө тааныштыруу, балдарды башка иштерге тартуу.

Бала бакчадагы жогорку топтун балдары үчүн иш-чараларды уюштуруу. Уюштуруу формасы балдардын саны, убактысы тарбиялык мазмундагы адабий чыгармаларды балдарга сабактан тышкары окуу, күн сайын тарбиячынын же жалпы топтун каалоосу боюнча 20-30 мүнөт жекече-көнүгүүлөрдү өткөрүү:

- окуган китептеги балага жаккан баатырдын портретин тарттыруу же тарбиялык мааниси бар чыгарманын иллюстрациясын кыскача айтып берүү;

- аңгеме түзүү – боорукердик, адамдарга жардам берүү, жаныбарларга жардам берүү, кайраттуулук, эмгекчилдик, достукту көрсөтүүдө, бир күндө 1-2 тапшырма 3-4 баладан 15-20 мүнөт;

- жекече макал-ылакаптарды түшүнүү, аңгеме, жомокторду түзүү алар боюнча, алардын маанисин чагылдыруу, адеп-ахлактык маанидеги ырларды жаттоо (ортоңку, жогорку топтор);

Көркөм адабият менен тааныштыруу иш-чаралары балдар тарабынан зарыл деп таанылышы керек. Балдарга сунушталган иш-чаралар кызыктуу, процесси оюн учурлары жана келечектеги натыйжасы менен кызыктыруучу болушу керек. Балдардын иш-аракетине жетекчилик кылууда мугалим эки маселенин: көндүмдөрдү жана адаттарды үйрөтүүнү жана бул иш-аракетте рухаий, адеп-ахлактык сезимдерди жана сапаттарды тарбиялоону бир эле учурда чечүүнү эске алуусу керек. Формативдик эксперименттин кийинки этабында мектеп жашына чейинки балдардын адеп-ахлактык сезимдерин калыптандыруу боюнча класстарды көркөм адабият аркылуу уюштурулган иш-чараларда сынап көрдүк. Балдардын көркөм адабиятынын жардамы менен моралдык сезимдерин калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштерди пландаштыруу.

*Бала бакчалардагы топтордо ишти апробациялоо төмөнкүдөй этап менен жүргүзүлдү:*

1. Көркөм адабият менен тааныштыруу үчүн балдар менен алдын ала иштөө;

2. Көркөм адабият аркылуу уюштурулган балдардын бара-бара иш-аракеттеринин аткарылышын камсыз кылуу;

3. Балдардын сабактан тышкаркы ар кандай иш-аракеттеринин процессин терең анализдөө.

Мындай иштердин жыйынтыктары диссертациялык изилдөө ишибиздин педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктары деген параграфында айтылат.

## 2.3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары

*Эксперименттин жыйынтыгын талкуулоо иштери:*

Эксперименттик сыноолор оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлгөн. Педагогикалык эксперимент иштери, негизинен, республиканын мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы 7 балдар бакчасында жүргүзүлдү, алар: Ош шаарындагы «Үмүт Наристе», №35 «Асан-Үсөн», Кара-Суу районундагы Шарк айыл өкмөтүнө караштуу «Раян», Мады айылындагы «Курманжан Датка» Чоң-Алай районундагы Жаш-Тилек айылындагы «Жаш-Тилек Наристе», Чак айылындагы «Чак», Кабык айылындагы «Кабык» балдар бакчалары.

Коомдо ааламдашуу процесси жүрүп жаткан мезгилде, ошону менен катар ар бир улуттун өз алдынчалуулугун (национальная идентичность) аңдоо мезгили келген ушул чакта жаш муундарды тарбиялоодо, учурдагы илимий педагогиканын жетишкендиктерин эсепке алуу менен балдар адабиятынын чыгармаларына мурдагыдан да көбүрөөк таянуу жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды терең изилдөө зарылдыгын көрсөттү. Тактап айтканда, акыркы учурда жүрүп жаткан дүйнөлүк коопсуздук, улуттар аралык тирешүүлөр, диний агымдар, экологиялык, экономикалык көйгөйлөр, бүгүнкү күндөгү келечек ээлериндеги руханий баалуулуктардын бөксөрүшүнө алып келиши толук ыктымал.

Педагогиканын, дидактиканын методологиялык негиздери балдар чыгармаларын үйрөнүү процессинде төмөнкүдөй жалпы **дидактикалык принциптерди** жетекчиликке алуунун зарылдыгын көрсөтөт:

- илимийлүүлүк;
- аң-сезимдүүлүк;
- жеткиликтүүлүк;
- көрсөтмөлүүлүк;
- табийгыйлык;
- теория менен практиканын байланышы;
- ырааттуулук, улануучулук;

- билимдин чындыгы, бышыктыгы;
- топтук жана жекелик мамиле;
- тарыхыйлык;
- гумандуулук.

Ошентип, балдар чыгармаларын мектепке чейинки куракта окутууда педагогикалык шарттарды жана дидактикалык принциптерди эске алуу – проблеманы туура түшүнүүгө жана чечүүгө негиз болот. Балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуу аркылуу, анын ичинде азыркы балдар жазуучусу С. Рысбаевдин руханий тарбиялык негизинде жазылган чыгармалары аркылуу берген таалим-тарбия жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы мектепке чейинки курактагы балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдерин калыптандырууда, аларга бекем таасир бере ала турган, алардын жан дүйнөсүн адамгерчиликке, гумандуулукка, жакшылыкка, боорукердикке, сабырдуулукка, аруулукка, үндөй ала турган чыгармаларын үйрөтүү зарылдыгы келип чыкты.

Ушул өңүттөн алып караганда, мектепке чейинки курактагы балдарды маалыматтык коомдо балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу руханий жактан татыктуу тарбиялоодо келечек муундарыбыздын инсан катары өнүгүүсү туура багытта жүрөт.

Учурда Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдар чыгармаларын окуп үйрөнүүгө карата программасында жалпы 64 саат берилген, бул өтө эле жетишсиз.

Балдар чыгармаларындагы чагылдырылган ар бир баалуулукту, чыгарманы окуп, талдоо жүргүзгөн ар бир мугалим, мектепке чейинки курактагы балдардан тарта, жалпы эле адамдар үчүн өзүнүн милдетин аткарбай койбойт. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды: улуттук рухий байлыгыбызды, эл-жерибиздин тарыхын билүү, гумандуулук, мээнеткечтик, Ата-Журтту сүйүү, ыймандуулук, акыйкаттык, абийир тазалыгын калыптандырууга өбөлгө түзүлөт.

Кыргыз балдар адабияты, айрыкча улуттун элдик оозеки чыгармалары калктын кылымдардан бери жыйнап, чогултуп, муундардан муундарга өткөрүп келе жаткан баалуу мурасы. Ал чыгармалар менен элдин жамандык-жакшылык сыяктуу түшүнүктөрү калыптанып келген, демек, калктын кылымдар бою келе жаткан ошол табитине аяр мамиле жасоо бүгүнкү мектеп мугалиминин гана эмес мектепке чейинки курактагылардын тарбиячыларынын да башкы милдети.

Кандай гана керемет шык болбосун, ал өзүнөн өзү, окуп-үйрөнүүсүз, иш-аракетсиз өнүгө албастыгын көптөгөн изилдөөлөр ырастайт.

Баланын катылып жаткан жөндөмдүүлүктөрүнүн ачылышына, ар тараптуу окутуп-өстүрүүгө, балдардын көп кырдуу жөндөмдүүлүктөрүн максаттуу, массалуу түрдө өнүктүрүүгө мектепке чейинки курак чоң мүмкүндүк берет. А.Ж. Муратовдун пикирине ылайык: «Балдардын таанып-билүүсү бөбөк кезде аябагандай тез темп менен өсүп, ар бир көргөн көрүнүш анын компьютердин эстөөсүнө жазылгандай жазылып отурат. Кеп ошол маалыматтардын жана көрүнүштөрдүн кандайча кабыл алынып, баланын «компьютер мээсине«туу» кандайча түшкөндүгү анын кийинки өмүрүнүн чоң шыбагасы болот» [111, 226 б.].

«Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт», - дейт, ошол эле автор Абдыкерим Муратов [111].

Кантип мен мектепке чейинки балдарга руханий баалуулуктарды сиңире алам? Муну көркөм адабият аркылуу жасоого болобу? Балдарды тарбиялоодо, алардын рухий, адеп-ахлактык дүйнөсүн калыптандырууда кыргыз эл жомокторунун ролу баа жеткис. Алардын аркасында жакшылык менен жамандык, ар-намыс жана кадыр-барк сыяктуу түшүнүктөр ачылат. Турмуштун моралдык-этикалык аспектилери козголот. Баатырлардын образдарында ачык чагылдырылган адеп-ахлактык түшүнүктөр чыныгы

жашоодо жана жакындары менен болгон мамилелерде бекемделип, балдардын каалоолорун жана иш-аракеттерин жөнгө салган адеп-ахлак нормаларына айланат. Жомок балдардын жашоосуна кичинекей кезинен тартып өмүр бою руханий азык катары коштоп жүрөт. Психологдор мектепке чейинки куракты жомоктордун доору деп туура аташат. Балдарга жомок окуунун маанилүүлүгүн мектепке чейинки курактагы балдардын ата-энелерине жеткирүү зарыл. Окуу үчүн бала менен ата-эне бири-бири менен жана китеп менен тынч баарлашууга даяр болгон уктаар алдында убакытты колдонуу сунушталат.

Бала жомок угуп, болуп жаткан окуялардын сүрөтүн образдуу түрдө элестетүү, өзүн алардын ордуна коюу, каармандардын сырткы көрүнүшү, кийими, өзүн кандай алып жүрүүсү, кыялдануу мүмкүнчүлүгү бар. Мунун аркасында анын фантазиясы өнүгөт жана бул абдан маанилүү. Бала окуянын жүрүшүндө башына мүшкүл түшкөн баатырлар үчүн тынчсызданып, баары жакшы бүтсө алар үчүн сүйүнөт. Бала баатырлардын жүрүм-турумун түшүнөт, эмне жакшы, эмне жаман экенин өзү чечет, каармандардын мисалынан турмуштук кырдаалда өзүн кандай алып жүрүүнү үйрөнөт. Ал өзүнө үлгү тандайт. Эреже катары, бул адабий чыгарманын оң каарманы, күчтүү, эр жүрөк жана боорукер. Дал ушундай жол менен моралдык идентификациянын механизмдери пайда болуп, ойдон чыгарылган пландагы ички аракет, баланын жеке тажрыйбасы байылат. Толугу менен руханий жана адеп-ахлактык көйгөйлөргө арналган жомоктор бар, бул балдарда руханий-адептик баалуулуктарды жана принциптерди калыптандыруу үчүн аларды педагогикалык практикада кызыгуу менен колдонууга болот: «Эки ач көз аюу», «Каз ак куулар», «Мышык, короз жана түлкү», «Дос издеген ит», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Чыпалак бала» жана башка көптөгөн жомоктордун тизмесин улантууга болот. Китепти окуганда баланын сүйлөө жөндөмү өнүгөт: ал көптөгөн жаңы сөздөрдү, образдуу сөздөрдү үйрөнөт. Жомоктун тили, эреже катары, афоризмдерге, эпитеттерге бай, өтө

экспрессивдүү, поэтикалык. Жомоктордо балдардын оңой кабыл алып, эсинде калган ырлар, поэтикалык саптар көп кездешет.

Мектепке чейинки курактагы балдарды жомок менен тааныштыруу үчүн төмөнкүдөй методдорду колдонсо болот:

1. Мугалим жомокту окуп жатканда, маанисин жакшыраак түшүнүү, каармандардын образын көрсөтүү үчүн иллюстративдик материалды колдонуу зарыл. Балдарды иллюстрациянын негизинде да, автордун сөзүнө карап да өз фантазиясында каармандарды элестетүүгө үйрөтүшүү керек;

2. Жомоктун мазмунун мугалим эркин айтып берүүдө фланелграфта жомокту көрсөтүүнү колдонууга болот. Ал үчүн кийизден же картондон жасалган жомоктогу каармандар керек.

***Баланын жомокту кабылдоосун калыптандыруу үчүн бала-бакчанын мугалими же тарбиячысы төмөнкүдөй ыкмаларды колдоно алат:***

1. *Окуунун экспрессивдүүлүгү* – мугалимдин сөзү эмоционалдык боёк жана экспрессивдүү болушу абдан маанилүү. Бул үчүн мимиканы, жаңсоолорду, интонацияны колдоууга болот.

2. *Кайра окуу* – алдар үчүн жомоктор дайыма кызыктуу. Аларды кайра уккандан ырахат алышат. Кайталап окуганда моделдерди колдонсо болот.

3. *Тандап окуу* – мазмуну жакшыраак өздөштүрүлүшү үчүн, жомоктун эң маанилүү жана айкын үзүндүлөрүн кайра окуй аласыз.

4. *Драмалаштыруу* – балдар өздөрүнө жомоктун каарманын тандап, элестүү жагдайлар дүйнөсүнө кирип, жомок каармандарынын ролун аткарып, алардын образында аракеттенишет, ошол оюраздагы жаңы сезимдер калыптанат.

5. *Баарлашуу* – маектин максаты – жомоктун мазмунун түшүнүү, көркөм сөз каражаттарынан кабардар болуу. Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө ой жүгүртүү, жомоктун мазмуну боюнча суроолорду кошуу, ошондой эле каармандардын аракеттерине баа берүү зарыл.

Бакчада чыгармачылык семинарларды уюштуруп, балдарды сүрөт тартууга, калыптандырууга, кагаздан жана картондон, табигый материалдан жомок каармандарын курууга, алардын образын, мүнөзүн, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн берүүгө чакыра аласыз. Жыйынтыгында чыгармачыл эмгектердин көргөзмөсүн уюштуруу. Өндүрүштүү иш-аракеттин натыйжасы аркасында бала адабий чыгармага, анын каарманына болгон мамилесин билдирүүгө үйрөнөт.

Демек, көркөм адабияттын чыгармаларын максаттуу жана системалуу пайдалануу мектепке чейинки балдарды руханий жана адеп-ахлактык жактан тарбиялоого өбөлгө түзүүчү жагымдуу курал болуп саналат деген жыйынтыкка келсек болот. Балдарда сулуулукту эмоционалдык түрдө кабыл алуу жөндөмүн, адабий чыгармалардын каармандарына боорукердик сезимин калыптандыруу менен руханий жактан өнүккөн, гармониялуу инсандарды тарбиялайбыз.

***Мектепке чейинки балдарды жомок менен тааныштыруу методдору.***

Жомок менен таанышуунун эң кеңири таралган ыкмасы мугалимдин окуусу, т.а. текстти сөзмө-сөз берүү. Көлөмү кичине болгон жомокторду айтып берүүдө балдар жакшы байланышты камсыздайт. Ал эми китепти окуп жатканда кылдаттык менен мамиле кылуу балдарга үлгү болот.

Кийинки ыкма – баяндоо, башкача айтканда, текстти эркин берүү. Айтып жатканда текстти кыскартууга, сөздөрдү кайра ирээтке келтирүүгө, түшүндүрмөлөрдү киргизүүгө ж.б.у.с. жол берилет. Баяндоочунун өтүүдө негизги нерсе балдар угушу үчүн экспрессивдүү сүйлө. Билимди бекемдөө үчүн тааныш жомоктордун негизиндеги дидактикалык оюндар, адабий викториналар сыяктуу ыкмалар пайдалуу. Дактикалык оюндарга мисал катары «Менин жомогумду тап», «Бири башталат – экинчиси уланат», «Мен кайданмын?» (каармандардын сүрөттөлүшү) жана башкалар.

***Жомокту кабыл алууну калыптандыруу ыкмалары.***

Окуунун экспрессивдүүлүгү. Эң негизгиси, балдар уга тургандай кылып көркөм окуу. Экспрессивдүүлүккө түрдүү интонациялар, мимика, кээде жаңсоо аркылуу жетишилет. Бул ыкмалардын баары балдардын жандуу элестетүү образына багытталат.

Кийинки техника – окууну кайталоо. Балдардын кызыгуусун арттырган чакан жомокту кайталоо максатка ылайыктуу. Чоң жомоктон сиз эң маанилүү жана жандуу болгон үзүндүлөрдү кайра окуй аласыз. Кайталап окуу жана баяндоо сүрөт тартуу менен айкалыштырылышы мүмкүн моделдөө. Көркөм сөз балага визуалдык образдарды түзүүгө жардам берет, аларды балдар кайра жаратат.

Тексттин жакшы өздөштүрүлүшүнө өбөлгө түзгөн ыкмалардын бири – тандап окуу (үзүндүлөр, ырлар, аяктоо). Сиз бир нече суроолорду берсеңиз болот (Бул үзүндү кайсы жомоктон? Бул үзүндү аңгемеден же жомоктон? Кантип? Бул жомок бүттү беле? Эгер биринчи окуудан кийин жомок балдарга түшүнүктүү болсо, мугалим эмоционалдык таасирди күчөтө турган бир катар кошумча ыкмаларды, оюнчуктарды, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү көрсөтүү, сахналоо элементтерин, манжалардын кыймылы ж.б. аткаруу керек. Драмалаштыруу жомокту активдүү кабыл алуунун формаларынын бири. Анда бала жомоктогу каармандын ролун ойнойт. Балдарды драмалаштырууга тартуу. Драмалаштырууда балада эрдик, өзүнө ишенүү, өз алдынчалык, чеберчилик сапаттар калыптанат. Бул учурда оозеки трюктарды колдонуу жакшы натыйжа берет. Көбүнчө балдар кээ бир сөздөрдү түшүнүшпөйт. Мындай учурларда аларга жаңы сөздү түшүнүүгө, кырдаалды түшүнүү менен сөз айкаштарын курууга мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Эреже катары, айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүндүрүү менен окууну үзгүлтүккө учуратпоо керек, анткени бул чыгарманын кабылдоосун бузат. Муну окуудан мурун жасаса болот. Кеңири таралган ыкма, тексттин таасирин күчөтүү жана аны жакшыраак түшүнүүгө салым кошуу – бул китептеги иллюстрацияларды текшерүү. Иллюстрациялар

балдарга жайгаштырылган тартипте көрсөтүлөт жомок, бирок окугандан кийин. Кийинки ыкма – жомок жөнүндө сүйлөшүү. Бул татаал техника, көбүнчө бир катар жөнөкөй амалдарды камтыйт – оозеки жана визуалдык. Киришүү (алдын ала) сүйлөшүүлөрү бар окуу алдында жана окугандан кийин кыска (акыркы) сүйлөшүү. Корутунду сүйлөшүүдө балдардын көңүлүн каармандардын моралдык сапаттарына, алардын иш-аракетинин мотивине буруу маанилүү. Баарлашуу жекеден жалпыга өтүшү керек. Мында суроолорго жооп берүү үчүн баа берүүнүн мотивациясы талап кылынат.

***Жомок менен иштөөнүн этаптары.***

Балдарды кыргыз эл жомогу менен тааныштыруу – окуу, жомок айтуу, мазмуну боюнча баарлашуу, иллюстрацияларды кароо-өнүктүрүү максатында жомоктун иш-аракеттерине жана каармандарына эмоционалдык мамиледе өнүктүрүү зарыл.

• Балдардын жомокту эмоционалдык кабыл алуусу – жомоктун мазмунун консолидациялоо максатында балдардын жомоктун мазмунун кайра айтып берүүсү, стол театры, жомоктордун каармандары менен ачык оюндар. Жомок боюнча иштин бул формалары балдар жомоктун маңызын кандай түшүнүшкөнүн билүүгө мүмкүндүк берет.

• Көркөм ишмердүүлүк – моделдөө, чийүү, колдонуу, балдарга жомоктун каармандарына болгон мамилесин билдирүүгө, өз башынан өткөргөн тажрыйбасын чагылдырууга, көндүмдөрдү өнүктүрүүдө жомоктун каармандарынын тагдырына жана иш-аракеттерине боор ооруу, тилектештик ж.б. мүмкүндүк берет.

• Өз алдынча ишке даярдоо – жомоктогу сюжеттерди сахналаштыруу, театралдаштырылган оюндар, жомокторду сахналаштыруу, каармандарды, жомоктогу сюжеттерди колдонуу менен чыгармачылык оюн – балдарды жомоктун каармандарына айландыруу ыкмасы боордоштукту өнүктүрүүгө, жомоктун адеп-ахлактык сабактарын түшүнүү, жомоктун каармандарын гана эмес, айланасындагы адамдардын кыймыл-аракетине баа бере билүүсүнө өбөлгө болот.

**Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары төмөнкүлөрдү көрсөттү:** биринчи деңгээл – жогорку 14 балада (24%), булар боорукердикти, жоопкердүүлүктү, сезимталдыкты көрсөткөн, башка балдар менен оңой байланышып, оюнда, жумушта, иш-аракеттерде аларга жардам берген балдар. Тапшырмаларды аткарууга жана ак ниеттүүлүк менен иштөөгө умтулган, ишти аягына чейин аткаргандар. Алар жолдошторун өздөрүнө жардамга тартышат жана аларга дайыма жардамга келишет, окууну жана эмгекти сүйүшөт. Алар теңтуштарына, чоңдоруна маданияттуу кайрылууну билишет, керек болсо моюн сунууну да билишет. Канааттануу сезими оюнда жана сабакта өз ара жардамдашуудан, көңүл буруудан, ак ниет эмгектен, ошондой эле башка адамкерчилик сезимдер калыптанат.

Мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабияты аркылуу руханий тарбия берүү процессинин жүрүшүндө аталган курактагы балдардын жүрүм-турумуна үстүрттөн (активдүү да пассивдүү да) байкоо иштери жүргүзүлгөн. Иш муну менен эле токтоп калган жок – балдарга бериле турган суроолордун тизмеси даярдалып, алар балдар менен аңгемелешүү мезгилинде берилди. Бала бакчалардагы тарбиячылар менен, балдардын ата-энелери менен ичкертен (активдүү) мамиле түзүлүп, аларга да арналган суроолдорубузду бердик, жоопторун алып, ал жоопторду кийин жалпылаштардык. Мектепке чейинки курактагы баланын руханий, адеп-ахлактык тарбиясынын абалы төмөндө эки таблица аркылуу (педагогикалык экспериментке чейин жана андан кийинки абалы) берилди. Буга удаа кийинки таблицада мектепке чейинки курактагы балдардын ата-энелерине берилген суроолордун проценттик алкакта көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

**2.2.1 – Таблица. Педагогикалык экспериментке чейинки көрсөткүч % менен (мектепке чейинки курактагы балдарга берилген суроолор боюнча)**

| № | Бала бакчалар | Эксперименталдык топ | | | | Контролдук топ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жо-гору | Орто | Төмөн | Жалпы саны | Жо-гору | Орто | Төмөн | Жал-пы саны |
| 1. | Ош шаары, | 14% | 27% | 59 % | 28 | | 34% | 51% | 24 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | "Үмүт- Наристе" б.б. | | | | бала | 15% | | | бала |
| **2.** | Ош шаары, №35 “Асан – Үсөн” б.б. | 15% | 37% | 48% | 40 бала | 17% | 25% | 58% | 32 бала |
| **3.** | Кара-Суу району, “Раян” б.б. | 18% | 29 % | 53% | 32 бала | 13% | 23% | 64% | 20 бала |
| **4.** | Мады айылы, “Курманжан Датка” б.б. | 14% | 46% | 50% | 16 бала | 11% | 31% | 58% | 18 бала |
| **5.** | Чоң-Алай району, “Жаш-Тилек Наристе” б.б. | 10% | 45% | 55% | 12 бала | 10% | 36% | 54% | 15 бала |
| **6.** | Чак айылы, “Чак”б.б. | 11% | 27% | 65% | 14 бала | 11% | 28% | 61% | 20 бала |
| **7.** | Кабык айылы, “Кабык” б.б. | 10% | 30% | 60% | 18 бала | 10% | 38% | 52% | 14 бала |

Таблицада көрүнгөндөй, жалпы өздөштүрүүсү төмөнкү деңгээлдеги балдардын 55%ы кыргыз балдар адабиятындагы чыгармаларды билишпейт. Анткени бала бакчаларда кыргыз тилиндеги адабияттардын саны жетишсиз. Программанын талаптарына ылайык акын же жазуучунун өмүр жолун жана чыгармаларын үйрөтүүгө карата мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги ар бир тарбиячы мугалим алар жөнүндө адабий-теориялык маалыматка ээ эместиги, ошол эле учурда ар бир баланын үйүндө өзүнүн курагына жараша китептердин жоктугу. Эң негизгиси учурда балдар уюлдук телефондор менен көбүрөөк жакын экендиги менен шартталды. 29%ы балдардын балдар адабиятындагы негизги автордук ойду, б.а. идеяны чечмелеп бере албагандыгы. 18%ы балдар жомоктогу каарманды, же сюжеттик чыгармалардагы катышкан каармандарды мүнөздөп бере албаган. 10%ы балдар (төмөнкү деңгээл алган гана окуучуларды сынакка катыштырдык) чыгарма эмне жөнүндө экендигин, б.а., темасын туура аныктап бере алышкан жок. Бул жагдайды биз төмөнкү 2.2.2 - таблица аркылуу көрсөттүк.

**2.2.2 – Таблица. Бала бакчаларда балдар адабиятындагы чыгармаларды өздөштүрүү деңгээлинин төмөн болушунун негизги себептери (% көрсөткүч менен)**

| Бала бакчалар | Баары | Балдар чыгармаларынын кеңири окутулбаган-дыгы | Китептердин жоктугу, же аздыгы | Балдар чыгармаларды түшүнүү кыйынчылыгы |
|---|---|---|---|---|
| Ош шаары, "Үмүт-Наристе" б.б. | 28 | 15% | 31% | 54% |
| Ош шаары, №35 “Асан-Үсөн” б.б. | 40 | 18% | 29% | 53% |
| Кара-Суу району, “Раян” б.б. | 32 | 14% | 38% | 48% |
| Кара-Суу району, “Курманжан Датка” б.б. | 16 | 13% | 36% | 51% |
| Чоң-Алай району, “Жаш-Тилек Наристе” б.б. | 12 | 13% | 40% | 47% |
| Чоң-Алай району, “Чак” б.б. | 14 | 11% | 40% | 49% |
| Чоң-Алай району, “Кабык” б.б. | 18 | 12% | 42% | 46% |

Сүйлөшүүлөрдүн жоопторунун мазмунуна жана эксперименталдык топтун балдарынын «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» сабагындагы байкоолорун талдоонун негизинде, балдардын өз алдынча оюн иш-аракеттери, тапшырма-көнүгүүлөрдү аткаруу, китептеги каарман жөнүндө аңгемелешүү же болбосо адеп-ахлактык мааниге ээ болгон макал, лакаптар боюнча аңгемелешүү мезгилинде мектепке чейинки курактагы балдардын балдар адабиятындагы материалдарды өздөштүрүү деңгээлинин көрсөткүчтөрүн аныктадык.


Изилдөөбүздө мектепке чейинки курактагы балдардын балдар чыгармаларын пайдаланууга карата системалаштыруу иштерин жүргүздүк. Алынган маалыматтар *эксперименттин калыптандыруучу этабын* уюштуруунун зарылдыгын тастыктады.

Адатта, программанын талаптарына ылайык акын же жазуучунун өмүр жолун жана чыгармаларын үйрөтүүгө карата мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги ар бир тарбиячы, методисттер алар жөнүндө адабий-теориялык маалыматка ээ болушу керектигине токтолуп, эксперименттин калыптандыруучу этабында биргелешип иш алып бардык. Анткени, орто жана негизги билим берүүчү мектептердин, атайын жана орто окуу жайларынын, мектеп-гимназия, лицейлердин жана жогорку окуу жайларынын адабият программаларында сааттар бөлүштүрүлүп, авторлордун өмүр жолу жана чыгармалары тереңдетилип үйрөтүлөт. Бирок, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдар чыгармалары алардын курак жашына карата айрым чыгармалар баштапкы фундамент катары окутулат. Балдар чыгармаларын республиканын бала бакчаларында руханий жактан окуп-үйрөтүүнүн проблемалуулугу, (балдар чыгармаларынын кеңири окутулбагандыгы, китептердин жоктугу, же аздыгы, балдар чыгармаларын түшүнүүгө кыйынчылыгы) *биринчиден,* алардын көпчүлүгүнүн окуу программасында болжолдуу тема катарында ырааттуу берилбегендиги менен түшүндүрүлсө, *экинчиден,* ошол эле балдар чыгармаларын окутууга карата методикалык эмгектердин аздыгы, сабакта балдар чыгармачылыгын окутууда мугалим, тарбиячылардын проблемалуу маселелери да ушуну менен түшүндүрүлөт.

Балдар адабиятындагы материалдарды мектепке чейинки курактагы балдарга колдонунун жалпы абалы белгилүү болуп, проблемалар аныкталгандан кийин жети бала бакчадагы эксперименталдык (тажрыйбалык) топторго өзүбүз эксперментатор тарбиячы, методисттер менен бирге иштеп чыккан төмөнкү методикалык ыкмаларды, жолдорду жана каражаттарды сунуш кылдык: окутуунун жаңы интерактивдүү технологияларын сунуштоо; жомоктордун (чыгармалардын) тексттин кайра-кайра окуунун ар кандай формаларын өркүндөтүү; сөздүк (баарлашуу) жумуштарын көп жүргүзүү; балдардын чыгармачылык активдүүлүгүнө кеңири мүмкүнчүлүк берүү; экспериментатор тарбиячы, методисттерге

адабияттын теориясы жана эстетикасы боюнча эмгектерди көбүрөөк сунуш кылуу; балдар жазуучулары менен жолугушууларды өткөрүү; балдарга балдар үчүн жомок жаратуу тапшырмаларын берүү; окуу программасына, окуу китептерине кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү; кошумча материалдарды көбөйтүү; бала бакчаларга барып өзүбүз сабак өтүп туруу; заманбап технологияларды (слайд, анимация, мультимедия, роликтер, интерактивдүү оюндар ж.б.) кеңири колдонууу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Көздөгөн милдеттерге, максатка жетүү үчүн балдар чыгармаларын төмөнкүдөй методдор менен колдонуу эффективдүү экенин көрсөттү. Текстти көркөм окуу, текстти талдоо же балдар чыгармаларын интерпретациялоо жумуштары, балдар чыгармаларынын негизинде иллюстрацияларды тартуу, суроо-жооп, аңгемелешүү методу, талкуу, диспут методу, жомокторду ролдоштуруп аткаруу методу ж.б. (2.1.1 - диаграмма аркылуу бердик)

**2.2.1 – Диаграмма. Калыптандыруучу эксперимент, мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармаларды өздөштүрүү боюнча билимдеринин көрсөткүчү**




Мектепке чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун методикасын (салттуу жана инновациялык методдордун, формалардын, каражаттардын жана ыкмалардын комплекси) киргизүү жана апробациялоо боюнча окутуп үйрөтүүчү педагогикалык эксперимент анын натыйжалуулугун көрсөттү. Биз иштеп чыккан критерийлер боюнча бааланган салыштырмалуу натыйжалар педагогикалык эксперименттин жыйынтыктоочу (2.2.3. жана 2.2.4.- таблицада) бөлүмүндө берилди.

Педагогиканын, дидактиканын методологиялык негиздери балдар чыгармаларын үйрөнүү процессинде төмөнкүдөй жалпы **дидактикалык принциптерди** жетекчиликке алуунун зарылдыгын көрсөттү: илимийлүүлүк; аң-сезимдүүлүк; жеткиликтүүлүк; көрсөтмөлүүлүк; табийгыйлык; теория менен практиканын байланышы; ырааттуулук, улануучулук; билимдин чындыгы, бышыктыгы; топтук жана жекелик мамиле; тарыхыйлык; гумандуулук.

Балдар чыгармаларын мектепке чейинки куракта окутууда педагогикалык шарттарды жана дидактикалык принциптерди эске алуу – проблеманы туура түшүнүүгө жана чечүүгө негиз болду.

**2.2.3 – Таблица. Педагогикалык эксперименттен кийинки көрсөткүч % менен (мектепке чейинки курактагы балдарга берилген суроолор боюнча)**

| № | Бала бакчалар | Эксперименталдык топ | | | | Контролдук топ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жо-гору | Орто | Төмөн | Жалпы саны | Жо-гору | Орто | Тө-мөн | Жалпы саны |
| 1. | Ош шаары, "Үмүт- Наристе" б.б. | 14% | 27% | 59 % | 28 бала | 15% | 34% | 51% | 24 бала |
| 2. | Ош шаары, №35 "Асан – Үсөн" б.б. | 15% | 37% | 48% | 40 бала | 17% | 25% | 58% | 32 бала |
| 3. | Кара-Суу району, "Раян" б.б. | 18% | 29 % | 53% | 32 бала | 13% | 23% | 64% | 20 бала |
| 4. | Мады айылы, "Курманжан Датка" б.б. | 14% | 46% | 50% | 16 бала | 11% | 31% | 58% | 18 бала |
| 5. | Чоң-Алай району, "Жаш тилек Наристе" б.б. | 10% | 45% | 55% | 12 бала | 10% | 36% | 54% | 15 бала |
| 6. | Чак айылы, "Чак"балдар б.б. | 11% | 27% | 65% | 14 бала | 11% | 28% | 61% | 20 бала |
| 7. | Кабык айылы, "Кабык" б.б. | 10% | 30% | 60% | 18 бала | 10% | 38% | 52% | 14 бала |

Үчүнчү деңгээл эң төмөнкү, моралдык жүрүм-турумдун нормаларын билбеген же ошого карабастан эрежелерди жана талаптарды билгендиктен, аларды жеке аткарууну зарыл деп эсептебеген 6 балада (35%). Балдар иш

жүзүндө жоопкерчиликтүүлүктүн, боорукердиктин, өз ара жардамдашуунун, достуктун көрүнүштөрүнө, чынчылдыктын, адилеттүүлүктүн көрүнүштөрүнө умтулушпайт, тартипти бузууга кайдыгер карашат, баштаган ишин аягына чыгарышпайт. Биргелешкен иштерге жана эмгекке азыраак катышууга аракет кылышат, кызыктуу нерселерге, оюндарга умтулушпайт, группалаштары жана башка тайпадагы балдар менен начар байланышта болушат, көбүнчө ачуусу келип, талап койгондо таарынышат. Моралдык сезимдер калыптанбайт.

**2.2.4 – Таблица.** **Педагогикалык эксперименттин үчүнчү этабынын көрсөткүчүт % менен (балдардын ата-энелерине берилген суроолор боюнча)**

| № | Бала бакчалар | Эксперименталдык топтун ата-энелери | | | | Контролдук топтун ата-энелери | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жо-гору | Орто | Төмөн | Жалпы саны | Жо-гору | Орто | Тө-мөн | Жал-пы |
| **1.** | Ош шаары, "Үмүт-Наристе" б.б. | 50 % | 35 % | 15 % | 41 | 43 % | 43 % | 34 % | 26 |
| **2.** | Ош шаары, №35 “Асан – Үсөн” б.б. | 41,6 % | 49 % | 9, 5 % | 38 | 46 % | 44 % | 20 % | 30 |
| **3.** | Кара-Суу району, “Раян” б.б. | 41 % | 59 % | 0, 5 % | 37 | 45 % | 45 % | 10 % | 43 |
| **4.** | Мады айылы, “Курманжан Датка” б.б. | 47 % | 62 % | 0 % | 28 | 58 % | 30 % | 12 % | 26 |
| **5.** | Чоң-Алай району, “Жаш тилек” б.б. | 30 % | 61 % | 9 % | 20 | 60 % | 40 % | 0 % | 25 |
| **6.** | Чак айылы, “Чак” б.б. | 27 % | 50 % | 33 % | 38 | 55 % | 30 % | 15 % | 32 |
| **7.** | Кабык айылы, “Кабык” б.б. | 65 % | 45 % | 0 % | 31 | 54 % | 46 % | 0 % | 20 |

**2.2.5 – Таблица. Бала бакчаларда балдар чыгармаларды өздөштүрүү боюнча билиминин сапаты (тажрыйбанын соңку этабы).**

| Иштин мазмуну | Педагогикалык экспер-ке чейин | Педагогикалык эксперименттен кийин |
|---|---|---|
| **Максаты** | МЧББУ (бала бакчаларда) балдар чыгармаларын окутуу; | МЧББ (балдар бакчасында) балдар чыгармаларын окутуу аркылуу руханий маданиятын, адеп-ахлактык абалын, моралдык сезимдеринин калыптануу деңгээлин аныктоо; |
| **Колдонул-** | Текст менен | аңгемелешүү, окуу, баяндоо, жекече жана |

| | | |
|---|---|---|
| **ган методдор жана ыкмалар** | тааныштыруу, чыгарманын мазмунун сурап билүү, чыгармадагы сюжетти өздөштүрүү, балдардын сюжетти айтып берүүсү: | топто иштөө, музыка менен айкалыштырып окуу, оюнчуктар менен окуу интерактивдүү усулдар; |
| **Уюштуруу форма-лары** | Сабак: | сабак, сабактан тышкаркы иштер: стол театры, картон же фанера менен иштөө, куурчак жана көлөкө театры, сүрөттөрдү репродукциялоо, фланелограф, диафильмдер, мультфильмдер, телешоулар ж.б. |
| **Иштин натый-жасы** | Балдар чыгарманын сюжетин жарым-жартылай билет, мазмунун толук айта албайт. Балдар чыгармаларындагы жанрларды талдай алуу төмөнкү көрсөткүчкө ээ. Түшүнүктөрүн айтып берүүдө, лексикалык сөз байлыктын жоктугу ж.б. | көркөм адабиятка кызыгууну өнүктүрүүдө: түрдүү жанрдагы чыгармаларды ар тараптуу кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүү; чыгармалардын мазмунун өздөштүрүү жана ага эмоц-дык жооп берүү; көркөм адабияттын өзгөч-рү жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу; жанрлар: (ыр, жомок, табышмак, анекдот, проза, драма ж.б.); композиция жөнүндө, тилдеги образдардын эң жөнөкөй элементтери жөнүндө; адабий-көркөм табитти; чыгарманы түшүнүп, сезе билүү; аңгемелердин, жомоктордун, ырлардын музыкалуулугун, үндүүлүгүн, ыргагын сезе билүүсү; |
| **Көрсөт-күчтөр** | Балдар окулган тексттин мазмунун түшүнө алуусу, чыгармадагы бир гана идеяны айтып берүүсү, үшүнүксүз сөздөрдү сурап билүүсү | - жомок, аңгеме ж.б. чыгармаларды угууну үйрөнүү;<br>-окууда, жомок айтууда жана баарлашууда балдардын активдүү жана пассивдүү лексикасын байытуу;<br>- жомоктун, окуянын мазмунун жеткирүү үчүн текстке жакын, майда-чүйдөсүнө чейин үйрөтүү;<br>-жазуучунун негизги чыгармалары жөнүндө түшүнүк калыптандыруу, жазуучуга болгон сый-урматты калыптандыруу; |


Натыйжада, жүргүзүлгөн сандык жана сапаттык талдоо мектепке чейинки курактагы балдардын балдар адабиятындагы чыгармаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берди. Балдарга берилген суроолор, тапшырмалар боюнча эксперименттин бардык этаптарында


жүргүзүлгөн "Кеп өстүрүү жана көркөм адабият" сабагындагы байкоонун, алардын өз алдынча оюн аракеттерин талдоонун, ошондой эле жооптордун негизинде ата-энелердин анкетасын текшерүүнүн негизинде талдоого алдык. Тажрыйбанын соңку этабында бала бакчаларда балдар чыгармаларын өздөштүрүү боюнча билиминин сапатын таблица, диаграмма аркылуу көрсөттүк. Изилдөө ишти баштаган мезгилде аныктап алган максат-милдеттердин аткарылышы, натыйжалары боюнча фактылар, жоболор менен жыйынтык жасадык.

**2.2.4 – Таблица. Педагогикалык эксперименттин текшерүүчү (жыйынтыктоочу) этабында балдар адабиятындагы чыгармаларды өздөштүрүү боюнча билимдеринин салыштырма көрсөткүчү (% менен)**

| текшерүү тобу (ТТ) | | | эксперименттик топ (ЭТ) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 33% | 50% | 17% | 25% | 46% | 29% |

Бул таблицадан көрүнүп тургандай, атайын эксперимент башталганга чейин текшерүү тобу (ТТ) менен эксперименттик топ (ЭТ) (төмөнкү деңгээл – 33% жана 34%, ортоңку деңгээл – 51% жана 49%, жогорку деңгээл – 16% жана 17%) болуп, негизинен көрсөткүч бири-бирине жакын эле болсо, эксперименттин натыйжасында анын жыйынтыгы менен көрсөткүчтөрү (төмөнкү деңгээл – 31% жана 24%, ортоңку деңгээл – 50% жана 48%, жогорку деңгээл – 19% жана 28%) болуп, руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы материалдарды колдонууга негизделген методикалык сунуштар аркылуу окутуу 10%дын айланасында майнаптуу экендигин көрсөттү. Биз бул көрсөткүчтү 2.2.2. - сүрөт аркылуу бердик.




**2.2.2 – Сүрөт. Балдар адабиятындагы чыгармаларды өздөштүрүү боюнча балдардын билиминин сапаты (тажрыйбанын соңку этабы % көрсөткүч менен МЧББУгы 7 бала бакча).**

Ошентип, жүргүзүлгөн сандык жана сапаттык талдоо мектепке чейинки курактагы балдардын руханий тарбиянын калыптануу деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берди, муну жеке баарлашуу учурунда балдардын берген жоопторунун мазмуну, балдардын өз алдынча башкарууга жөндөмсүздүгү боюнча баалоого болот. Берилген суроолор боюнча жөнөкөй жана түшүнүктүү аңгемелерди түзүү жана текшерүү экспериментинин бардык этаптарында балдар менен жүргүзүлгөн “Көркөм адабият” сабагындагы байкоолорду жана балдардын өз алдынча оюн аракеттерин талдоо, ошондой эле жооптордун негизинде ата-энелердин анкетасынан талдоого алдык. Мунун баары балдардын көпчүлүгүндө руханий тарбиянын калыптануу деңгээли орточо (41%) жана төмөнкү (35%) экенин аныктоого мүмкүндүк берди.

Ата-энелердин жоопторун талдап көрүп, ата-энелердин көбү руханий жактан тарбиялоого көп көңүл бурушпайт, балдарда тарбиянын идеялары көркөм адабияттын жардамы менен калыптандырууга үй-бүлөдө жагымдуу шарттарды түзүшпөйт, демек, биз руханий кризистен чыгууга муктаж экенбиз деген жыйынтыкка келдик.

Канткен менен кыргыз эли улуу эл, башынан нечендеген тарыхый кыйчалыш мезгилдерди кечирсе да муундарды тарбиялоо ишинде оозеки адабий мурастарынан тартып бүгүнкү балдарга арналган көркөм чыгармаларга чейин уникалдуу маданий мурастарды жараткан калктын билим берүү менен тарбия иштеринин келечеги жок эмес.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын пайдалануу боюнча педагогикалык эксперимент маселесин караган жыйынтыктоочу главада үч маанилүү маселе каралды, алар:

**«Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын пайдалануу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган экинчи баптын биринчи бөлүмүндө *«Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»* мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын окутуу боюнча изилдөөбүздүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн биз анын методологиясын, дидактикалык принциптерин аныктап алууга аракеттендик. Балдар адабиятын окутуу боюнча методикалык изилдөөлөр, педагог классиктердин эмгектери, балдардын курак жашына карата кандай ишмердүүлүктү жүргүзүү керектигин аныктаган психологиялык изилдөөлөр, балдар чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк сапаттарын ачып көрсөткөн эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер, билим берүү системасынын багыттарын чагылдырган нормативдик документтер: мыйзамдар, окуу планы, балдар адабиятын окутуунун концепциялары, стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары, педагог, мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячылары, мугалимдердин тажрыйбалары  бул ирет биздин изилдөө ишибизге таяныч болуп берди. Жогорудагы эмгектерге негизденип, руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын үйрөтүүнүн үлгүлөрүн түздүк, азыркы мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, бала бакчалардагы практикасына ырааттуу жана максаттуу талдоо жүргүздүк, анализден-синтезге келдик, педагогикалык эксперименттин максатын, багытын, жүрүшүн белгилеп, анын натыйжаларын  алдык.  Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана методдору каралган бөлүмдө педагогикалык методология маселелери,

педагогикалык изилдөө иштерин жүргүзүүдө колдонулуучу методдор тууралуу кенен сөз болду.

Экинчи баптын экинчи бөлүмүндө *«Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү»* педагогикалык эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин жүрүшү өзүнчө каралып, мында эксперименттин аныктоочу жана калыптандыруучу этаптарында жүргүзүлгөн жумуштар тууралуу айтылды.

Эксперимент жүргүзүү учурунда биз негизги параметр деп аталчу диагностикалык иштерди жүргүздүк, анын негизинде: тарбиячы, методисттер менен балдар чыгармалары руханий тарбиялоонун каражаты катары колдонуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө маектешүүлөр, балдар менен тарбиялык маселелер жөнүндө баарлашуулар, мектепке чейинки чөйрөдө балдардын ишмердүүлүгүнө кыйыр түрүндө байкоо жүргүзүү иштери, балдарды руханий жактан тарбиялоодо көркөм адабиятты колдонуу боюнча ата-энелерге суроолорду берүү, алардын жоопторун классификациялоо иштерин аныктоочу экспериментинин үч этабында каралды. Изилдөөбүздө мектеп жашына чейинки курактагы балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдерин калыптандырууну системалаштыруу иштеринин жыйынтыктарын чыгардык. Алынган маалыматтар эксперименттин калыптандыруучу этабын уюштуруунун зарылдыгын тастыктады. Формативдик эксперименттин милдеттери чечиле турган көркөм адабият аркылуу балдардын уюшулган иш-аракетинин мазмунун аныктоо үчүн биз мектеп жашына чейинки кенже, ортоңку, жогорку тайпадагы балдардын руханий сезимдерин көркөм адабияттын жардамы менен калыптандыруунун перспективалык планын түздүк. Жыйынтыгында мектеп жашына чейинки курактагы балдарга билим берүүнүн милдеттерин аныктоодо тарбиячылар менен ата-энелер үчүн эрежелерди сунуштадык.

Экинчи баптын үчүнчү *«Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары»* жыйынтыктоочу бөлүмүндө изилдөө ишибиздин алкагында жүргүзүлгөн эксперименттин жыйынтыктары тууралуу айтылып, педагогиканын, дидактиканын методологиялык негиздери балдар

чыгармаларын үйрөнүү процессинде жалпы дидактикалык принциптерди жетекчиликке алуунун зарылдыгы көрсөтүлдү. Мектепке чейинки курактагы баланын руханий, адеп-ахлактык тарбиясынын абалы эки таблица аркылуу (педагогикалык экспериментке чейин жана андан кийинки абалы) берилди.

Ошентип, жүргүзүлгөн сандык жана сапаттык талдоо мектепке чейинки курактагы балдардын руханий тарбиянын калыптануу деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берди, муну жеке баарлашуу учурунда балдардын берген жоопторунун мазмуну, балдардын өз алдынча башкарууга жөндөмсүздүгү боюнча баалоого болот. Берилген суроолор боюнча жөнөкөй жана түшүнүктүү аңгемелерди түзүү жана текшерүү экспериментинин бардык этаптарында балдар менен жүргүзүлгөн «Көркөм адабият» сабагындагы байкоолорду жана балдардын өз алдынча оюн аракеттерин талдоо, ошондой эле жооптордун негизинде ата-энелердин анкетасынан талдоого алдык. Тажрыйбанын соңку этабында бала бакчаларда балдар чыгармаларды өздөштүрүү боюнча билиминин сапатын өздөштүрүү боюча таблица аркылуу көрсөттүк. Изилдөө ишти баштаган мезгилде аныктап алган максат-милдеттердин аткарылышы, натыйжалары боюнча фактылар, жоболор менен жыйынтык жасалды.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛАНЫН РУХАНИЙ ТАРБИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА БАЛДАР ЧЫГАРМАЛАРЫН КОЛДОНУУНУН ФОРМАЛАРЫ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ.

## 3.1. Балдар чыгармаларын колдонуунун формалары жана методдору.

Учурда балдарга арналган көркөм сөз мурасын түрдүү ыкмалар менен окутууда мугалим, тарбиячы, методисттер илимдин, техниканын жетишкендиктери менен айкалыштыруусу керек. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү аркылуу "окутуунун технологиялары" ар дайым пайдаланып, ошол эле учурда "окутуу методдорун", "сабактардын формаларын" жана "билим, тарбия берүүнүн каражаттарын" айкалыштырып келет. Негизинен бул туура деп айтууга болот. Анткени, бул концептин активдүү пайдалануусун башка орус, батыш илимпоз, окумуштуулары да колдоп келишет. Азыркы учурда балдарды руханий, адеп-ахлактык тарбиясына, жакшы жүрүм-турумга, аруулук менен адамгерчиликтин эрежелерине, принциптүү көз караш нормаларына, коом турмушунун закон-ченемдерине, алыс жакынды божомолдой билүүгө карата көркөм адабияттын үлгүлөрүн окутуунун формаларын жана методдорун аныктап алуу зарылдыгы турат.

Баланын жаш курагы жогорулаган сайын таанып-билүүгө болгон аракети менен кызыгуусу, жалпы маданий деңгээлдери артып, толукталып, анын руханий жана социалдык активдүүлүгү күчөйт. Анын баарын кыргыз оозеки көркөм сөз өнөрүнөн тарта, жөө жомоктору менен жомоктору өнүктүрөт. Буга М. Сулайманов "Наристе, кенжетай жана тестиер балдардын баары тең көзү менен көрүп, кулагы менен укканга алымсынбайт, аларга болуп көрбөгөндөй шумдуктуу, небир күчөткүч, кыял жаңырыгындай баяндама-түшүнүктөр керек болот, ошолор гана анын жан-туюмун

канааттандырат. Дал ошол фантазиянын өзү балага чыгармачылык, ойдон кураштыруу ылхамын буюрат. Бала жөн жатпай изденет, кыял туундуларына жетүүнү самайт" - деп баса белгилеген [173, 4 б].

Бала бакчада өтүлүүчү сабак-оюн негизги форма болгонун себеби, анда мугалим тарбиячы менен баланын ишинин эң негизги бөлүктөрү аткарылат. Мектепке чейинки курактагы балага балдар адабиятын колдонуу ишин уюштуруунун негизги формасы катарында өркүндөтүү учурдун талабы. Мисал катары алып карай турган болсок башка өнүккөн бай өлкөлөрдө бала бакчадагы баланын айрымдарын, жекече же аз сандагы тайпаларын окутууну өзгөчөлөп, атайын программалар менен индивидуалдаштырып окутууга көңүл бурулуп келет. Ал эми көпчүлүк бала бакчаларда жалаң гана баланын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим, тарбия берүүгө өтүшкөн. Бул жагдайды эске ала турган болсок, анда окутуунун майнаптуулугу жогорулап, мугалим, тарбиячынын окуу орундарын жана түрдүү окуу каражаттарын өз ыгы менен туура пайдаланууга өбөлгө түзөт.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында өтүлүүчү "кеп өстүрүү жана көркөм адабият" сабагынын илимий методикасын окумуштуу, методисттер ишенимдүү негиздөөгө аракет жасап келүүдө. Балдар адабияты тарбиялоонун кыймылдаткыч күчү деп айтууга негиз бар. Анткени, бала бакчаларда окутулуучу предметтердин ичинен негизгиси балдар адабияты болуп эсептелет. Көркөм окуп берүүдө, баланын образдуу ойлонуусу кең ааламды көздөй ишенимдүү кадам шилтетип, аны аралап кирүүгө мүмкүндүк түзүп берет. Бөбөктөр менен мектеп жашындагы кенже балдарга билим, тарбия берүүдө балдар адабияты аруулукка тарбиялоонун негизги куралдарынын бири деп эсептептөө туура деп айтсак болот. Ошондуктан, биринчи кезекте курак баскычтарына жараша баланын купулуна толгон, жан дүйнөсүн ойгото алган чыгармаларды жаратуу учурдун талабы.

Баланын психологиялык түзүлүшү ар кайсы куракка мүнөздүү болгон өзүнчө бүтүндүктү түзүп тургандыктан, анын бир канча жылдык же күнүмдүк жашоосу чоң адамдардан айырмаланып турат. Ошондуктан

балдарга арнап чыгарма жаратуунун жана балалык жашоосу менен айкылыштыруунун ыктары түрдүүчө болот. Муну орус жазуучусу Л. Толстой төмөнкүчө ырастайт: "Балдар үчүн китептердеги көркөм тилдин үстүндө иштөө тим эле азап, жан алкымдан кармайт, себеби баары тең кооз, кыска, жөнөкөй, эң башкысы, жатык, ийкемдүүлүктүн айкашы күтүлөт" [14].

Мектепке жашына чейинки коомдук тарбиялык мекемелерине тартылган күндөн баштап, баланын керектөө-муктаждыктары бир кыйла арбыйт. Сүрөт тартууга, бир катар оюнчуктарды конструкциялоого, окуп берилген жомок-аңгемелердин сюжет мотивдери боюнча кыймылдуу оюндарды уюштурууга жетишет. Бул курактагы баланын кыялдануусу бир кыйла өөрчүп, чоң адамдардын жоруктарын туурап, алардын айрым элестерин кайрадан өндүрүүгө жарап калышат.  Бала үч жашынан тартып акыл-эси торолуп, бою-башын түзөп, баам-парасаты артып, өзүн-өзү көзөмөлдөөгө жарап калат. Ошол мезгилден тартып китепке аралашып, өзүнөн чоңдордон китеп окуп берүүнү талап кылып калат, аны барган сайын адатка айландыра баштайт. Демек, баланы эрте курактан баштап эле көркөм чыгармадагы каармандардын жоруктарына көнүктүрүү оң натыйжасын берет. Анткени өзүнө жаккан каармандарынын жоруктарын сөз менен сүрөттөп айтып берүү наристе үчүн "окутуу эмес, көнүгүүгө" айланып, аны өзү образдуу-логикалуу ойлоого өтүүнүн өткөөл шартын түзүп калат.

Мектеп жашына чейинки китептин талакерлерине (3-5 жаштагы балдар) өз алдынча китеп окууга үйрөтүүнүн шарттарын түзүп алуу ата-энеге жана бала бакчадагы тарбиячыга бир канча түйшүктү жаратат. "Демек, үйдө баланы китеп окууга үйрөтүүдө бала үчүн китеп окуу чөйрөсүн түзүү – абдан маанилүү педагогикалык да милдет болуп калмакчы – деп жазат С.К. Рысбаев – муну мектеп мугалими гана эмес, алгач ирет ата-эне ойлонушу шарт" [ 29]. Ошондой эле балдар жазуучу өз эмгектеринде баланы китеп окууга тартуу үчүн бир канча педагогикалык шарттарын белгилеген.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун формаларын ушул кезге чейин бир канча окумуштуу методисттер изилдеп келишет. Балдар

жазуучусу С.К. Рысбаев баланы китеп окууга үйрөтүүдө окуунун бир канча түрлөрүн, формаларын көрсөткөн. Алар:

- ✓ ээрчишип окуу;
- ✓ укканын окуу;
- ✓ таржымалап окуу;
- ✓ даярданып окуу;
- ✓ кубалашып окуу;
- ✓ бөлүктөргө бөлүп окуу;
- ✓ улантып окуу;
- ✓ башкарып окуу;
- ✓ ролдошуп окуу ж.б. [с.рысбаев 27 б.]

Руханий дүйнөлөрү жактан айырмалуу турушкан бул курактагы балдардын акыл-эсине сабак болорлук иш-аракетти түрдүү формада уюштуруу үй-бүлөдөгү ата-эне менен бала бакчадагы тарбиячы, методисттердин аткаруу түйшүгү күчөйт. Бул курак үчүн жамандык менен жакшылыктын ортосун айырмалоо социалдык чөйрө таасирдүү фактор да катары биринчи орунда турат. Бала китепке сергек мамиле жасайт. Ал көп китептердин ичинен өзүнө керектүүлөрүн гана талдап алат. Балдар үчүн китептеги көркөм сүрөттөөнүн мурдагы китептерде кезикпеген жаңы ыкмалары, каармандардын мурдагыдан башкача жоруктары керек болот. Өзүнө жаккан адабий каармандардын жоруктарын тууроо жана анын сөздөрүн кайталап сүйлөө мектеп жашына чейинки балдар үчүн мүнөздүү касиеттердин бири.

Бала бакчада окутуу, тарбиялоо иши түрдүү формада уюштурулат. Баланын сүйлөө кебин калыптандырууда жана өнүктүрүү технологиясында тарбиячы, методисттер көркөм адабият менен иштөөдө эки формасын колдонуп келет:

- чыгарманы көркөм окуу, окуганын түшүндүрүп айтып берүү, чакан көлөмдөгү ырларды, табышмактарды, макал-лакаптарды айттыруу;

- бала бакчаларда өтүлүүчү майрамдык иш-аракеттерде оозеки чыгармалардын сюжетин каармандарга бөлүп образ жаратуу;

Учурда адам баласынын аңдоо муктаждыгынын аймагы артып, илим, техника, искусство азыркы заман балдарындагы көз караштын, жүрүм-турумдун жалпы касиеттерин жаңыча аныктап, аларды жаңыча ойлонуп, жаңырган адептүүлүктүн нормаларына ылайык өнүктүрүү, мүнөз-пейилин калыптандыруу, мекенчилдик милдетин көрсөтүп берүү жумушу азыркы учурда коомдук турмуштун эң негизги көйгөйүнө айланып, биздин турмушубуздагы кайра куруунун далили болуп турат. Мындай көйгөйдү чечүүдө өзгөчө каражат балдар адабиятына таандык экени талашсыз факт. Ушул көйгөйлүү жагдайды билим берүүнүн бардык звенолору сыяктуу эле үй-бүлө бала бакчадан баштоо эң натыйжалуу деп айтууга болот.

Ошондуктан бала бакчадагы тарбиячы, методисттер тарбия, билим берүүдө төмөнкүлөрдү айкалыштыруусу абзел:

1. Окутуу жана тарбиялоонун методикалык ыкмаларында баланын таанып-билүүсүн өнүктүрүүгө ыңгайлуу кырдаалды түзүүнү, ошол эле учурда баланын күндөлүк жүрүш-турушунда инсандагы адептүүлүктү калыптандыра турган шартты түзүүнү талап кылат.
2. Өтүлүп жаткан сабак илимий, изилдөө негизде баланын жашоосу менен айкалышуусу.
3. Баланын жетишкендиктерин эске алуу менен кошумча каражаттарды (анимация, мультимедия, санариптик) колдонуусу.
4. Баланын алган билимдерин турмушта пайдалануусу, ишке аткаруусу
5. Өз алдынча ойлонууга түрткү берген мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, кабыл алуу, талдоо, салыштырып, тыянак чыгаруу өздөштүрүү.

Жалпы эле окутуп, тарбиялоодо окутуунун усулдарын классификацияларын кездештирүүгө болот. Мисалы И.Я. Лернер, М.Н. Скаткин баланын таанып-билүү ишмердигин уюштуруунун төмөнкүчө топторго бөлгөн:

- көрсөтмөлүү-түшүндүрүү;
- репродуктивдүү;
- проблемалуу баяндоо;
- аз-аздан изденүү же эвристикалык;
- изилдөө усулу [ 213 б.].

Мектеп жашына чейинки курактагы баланын билимди өздөштүрүүдөгү таанып-билүү ишмердүүлүгү негизги мүнөзгө ээ. Анткени аларда бар нерсени же болуп өткөндөрдү божомолдоп үйрөнүү, таануу – көркөм ойдун курамасы, кыялдануусу аркылуу ишке ашат. Дал ошол учурда чөйрөнү аңдап-туюунун натыйжалуу формасы катары көркөм сөз сөөлөттөрү менен жөө жомоктордон баштап жомоктор тарбиянын башатын биздин ата-бабаларыбыз баскычтуу уюштурган деп айтууга болот.

"Элдик оозеки көркөм мурас тарбиялагыч жана тааныткыч маңызынан, жагымдуу жана ийкемдүү касиетинен бери бардык курак баскычтагы балдар үчүн универсалдуу жөрөлгөгө ээ. Ал аркылуу наристе 2-3 жашынан тартыпбиринчи жолу чоң дүйнөгө аралашат, агарат, сүйүнүч менен кайгыга беттешет, адилет менен карөзгөйлүк сыяктуу түшүнүктөр бул курактагы бала үчүн бир кыйла татаал, ачыгын айтканда, күтүлбөгөн жагымсыз жаңылыктарды туят жана моюнга алууга мажбур болот. Эл жомогу болсо бала үчүн аалам-дүйнө таануунун биринчи жана жападан жалгыз татыктуу куралы болуп эсептелет" [34 б.].

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы иштелип келе жаткан "Наристе" (480 саат), 3 жаштан 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү "Балалык" программасында берилген материалдарды бала бакчанын тарбиячы, методисттери балдардын учурдагы талабын эске алып, тарбиялоо милдетин чечүүгө аракеттенүүсү керек.

Балдар адабиятын изилдөөгө алган М. Түлөгабыловдун пикиринде "Балдарга арналган чыгармалардын максаты жана милдети эмнеде? Баарыдан мурда, балдарды кичинесинен эле рухий дүйнөнүн кучагына алып, аларды ар тараптан сезимтал, сергек өстүрүүгө кам көрүп, тарбиялаганында жана

алардын жан-дилине нукура элдик адеп-ахлак, эстетикалык түшүнүктү сиңдиргендигинде [14 б.].

Билим берүүнүн максатын жана мазмунун так аныктап, аларды ишке ашырууда негизги жана жардамчы методдордун негизинде илимий изилдөө иштери жүргүзүлүп келет. Биз диссертациялык изилдөө ишибизде окутуу, тарбиялоо ишмердүүлүгүндө негизги деп атаган метод, формаларды натыйжалуу колдонуу үчүн анын максат, милдети менен бирге эле обьект жана предметине көңүл буруубуз абзел. Анткени обьективдүү дүйнөнү таанып-билүүдөгү кыйынчылыктарды жеңгенине сыймыктанып, билимди өздөштүрүү мээнетиндеги ийгилигине ырахаттанбаган бала – бактысыз адам.

Демек, окутуунун методу (ыкма) – баланын билим, ык, машыгууларга ээ кылып, алардын акыл күчтөрүн өстүрүү, дүйнөгө болгон илимий көз караштарын калыптандыруу максатында мугалим, тарбиячы менен баланын биргелешип иштөө жолдору [207 б.].

Мугалим, тарбиячынын эң негизги каражаттары – окуу программасынын талабына ылайык тандалып алынган окуу материалы, "кеп өстүрүү жана көркөм адабият" сабагына даярдалган таанып билүү маселелери, баланын акыл чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктөрүнө жетекчилик кылуу усулдары, дидактикалык каражаттар жана көрсөтмөлүүлүк, балдардын окуу эмгегин уюштуруу формалары, алардын билимдерин текшерүү, баалоо ыктары жана усулдары . Ошондуктан тарбиячы, методисттер баланын материалды кантип өздөштүрөрүн, окуу предметине анын кызыгуусун кантип пайда болоорун, кандай кырдаалда баланын балдар адабиятындагы чыгармаларды терең түшүнүп кабыл алып, ой жүгүртүү менен бышыктап эсине сактап, билимин жашоодо ийгиликтүү пайдалана аларын жакшы билүүсү керек.

Балдар адабиятына бүткөн дидактикалык ырааттуулук, комбинациялык, идеялык-тематикалык айкаштыкты, түр-жанр жактан тутумду такай жетекчиликти алууну изилдөчү окумуштуу методисттер туура деп эсептешет. Ошол себептен балдар адабияты жөнүндөгү окуу куралы

жалпы эле көркөм адабият тууралуу окуу куралына коюлуучу талаптардын өлчөмүнөн бир кыйла айырмаланып турат. "Бул, биринчиден, анын адабиятташтыруумаңызынан мурун, педагогикалаштыруу нугуна жакындыгы тарбиялоонун үстөмдүүлүгү менен түшүндүрүлсө, экинчиден, жалпы эле чоңдор үчүн адабияттагы жалпылоонун мейкиндиниге караганда, балдар адабиятында конкрет көрсөтмөлүүлүктөн, нерсе-буюмдун же окуялардын башкалардан болгон белгилерин ачык сүрөттөп берилиши менен да аныкталат. Балдарга арналган көркөм чыгармадагы ар бир сүйлөм же сөз айкашынан сүрөттүү баян жаралышы күтүлөт. Ал сүрөттү бала өз каалоосу менен тартат, аны чоңдор үчүн адабияттан болгон дагы бир айырмасы ушунда турат десе болот"-деп балдар адабиятын теориялык жактан изилдөөгө алган [ 26 б.].

Демек, изилдөөбүзгө ылайык балдар бакчасындагы "кеп өстүрүү жана көркөм адабият" бөлүмү төмөнкү компоненттерден болуусу абзел.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды балдардын окуп-үйрөнүүсүн илимий-методикалык көйгөйлөрүн С.К. Рысбаев "Кыргыз тили жана адабияты сабактарындагы негизги иш-аракеттердин бири – текст менен иштөө болуп саналат. Албетте, текст менен иштөөдө бир канча иш-аракеттердин комплекси жүзөгө ашат, аны менен бирге, балдар ал иш-аракеттерди аткарууга машыгууда ага ылайык компетенциялардын комплексине ээ болуулары талап кылынат"-деп бир канча мисалдарды келтирген [192 б.].

Мектеп жашына чейинки курактагы баланын негизги ишмердүүлүгү баарлашуу жана оюн болуп эсептелет. Ошондуктан, балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонууда баланын кебин өнүктүрүүгө карата бир канча ыкмаларды колдонунуусу керек.

***Мисалы, балдар адабиятындагы чыгармаларды бала бакчаларда колдонуунун ыкмаларына токтолсок:***

- баарлашуу – суроо-жооп;
- чыгарманын атын талдоо – оозеки;

- чыгарманы сюжетин талдап түшүнүү;
- чыгарманын мазмунун талдап түшүнүү;
- чыгарманын идеясын талдап түшүнүү;
- чыгармага музыкалык коштоолор;
- дидактикалык оюндар;
- оюн – сахна;
- театралдык оюндар;
- иллюстрацияларды колдонуу;
- анимация, мультимедия;
- сүрөттөр менен иштөө, көргөзмөлөр;
- мимика, жесть;
- көнүгүүлөр.

Мектеп жашына чейинки балдар угуп эмес, көрүп тарбиялануучулар болгондуктан, ар бир баланы жомоктогу каармандардын образын берүү натыйжалуу болот. Анткени бала эркин аткаруу учурунда чыгарманы оңой түшүнгөндөй жана өз алдынча жалпылоого үйрөтүп, ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттырып, кызыгуусун жаратат. Айталы жаңылмач, табышмак, апыртма (калп), макал, ылакаптар өзүнчө бир бүтүн көркөм туюнтманын тобун түзүп, ритмикалык кубулуштарды, куюлушкан уйкаштыгы менен руханий сезимге күчтүү таасир калтырат.

"Балдар адабияты чындыкты социалдык, эстетикалык аспектиде көркөм реалдуу, тарыхый конкреттүү чагылтып жаш муундарга дүйнө туюндурууда, турмуш сабагын берүүдө жана аларды кичинесинен боорукер, адилеттүү, гумандуу атуулдук инсандыкка калыптандырып тарбиялоодо өзгөчө ийкемдүү идеологиялык курал"-деп даана белгтлеп кеткен М. Түлөгабылов [10 б.].

Ал эми бала бакчада көркөм чыгарманы дидактикалык оюндар менен айкалыштыруу да натыйжалуу. Чынында оюн аркылуу баланын аң-сезими, таанып-билүүсү өсөт. Оюн аркылуу бала өз алдынча чоң турмушта жашайт. Ошондон улам балада кийинки келечек турмушунун негизи түптөлүп,

билгени, тажрыйбасы артыла баштайт. Себеби образдуу өз алдынча билгенин кайталоо балдардын табияты. Элдик педагогиканын акылмандыгы балдар оюнуна башынан чоң маани берип келгендигинде. Демек, оюн баланын реалдуу жашоого өтүүдө ден соолугу чың, чыйрак, сезимтал болууга даярдаган жана ага адеп-ахлак, эстетикалык тарбия берген бирден-бир каражат. Баланын кебин өнүктүрүүдөгү методикалык ыкмалар *оозеки, визуалдык* жана *оюн* болуп үч топтон турат:

– оозеки; кайталоо, түшүндүрүү, суроо-жооп, баарлашуу

– визуалдык; техника, иллюстрация ж.б.

– оюн; дидактикалык оюндар.

***Балдарды көркөм адабияттар менен тааныштырууда бала бакчадагы китеп текчелери, китеп бурчтарынын негизги максаттары:***




Кыргыз балдар адабиятын изилдөөгө алган А.Ж. Муратов балдар адабиятына мүнөздүү төмөнкү белгилерди атап көрсөткөн:

- Чыгармаларда балдарга негизги ролду берүү, көбүрөөк учурда башкы каармандар катары балдарды катыштыруу;
- Тематикасы боюнса балдардын курагына ылайык келиши;
- Башка чыгармаларга салыштырмалуу алганда көлөмүнүн кыскалыгы;
- Китептердин сүрөттөр, ар кандай иддюстрациялар менен коштолушу, коздолушу, тамгаларынын (шрифт) чоңураактыгы;
- Тилинин жөнөкөйлүгү, түшүнүктүүлүгү;
- Диалогдорду көбүрөөк коюу;
- Сүрөттөөлөрдү чексиз созо бербөө;
- Кызыктуу окуялардын арбындыгы;

- Сюжетинде кескин бурулуштардын, чексиз ретроспециялардын кездешпеши, сюжетинин чыңалууда, жыйнактуу алып барылышы;

- Окуялардын тезирээк алмашып, биринин ордуна улам экинчисинин келип турушу;

- Каармандардын мүнөзүнүн предметтүү жана көз алдына алардын иши жана жүрүш-турушу менен ачылышы;

- Бактылуу бүтүмү (кара ниеттиктин үстүнөн ак ниеттиктин салтанат курушу);

- Тарбиялоо максатынын түздөн түз көрүнүшү [18 б.].

Жогоруда балдар адабиятына мүнөздүү белгилердин ичинен мектеп жашына чейинки балдарга арналган ырлардын көркөм табияты көбүчө жакын, элестүү ыкмаларды колдонууну талап кылат жана мазмунун окуялуу, аракеттүү келет. Баланын курак баскычына жараша ырларда көркөм сөз каражаттардын ар кандай татаал түрлөрү кеңири пайдаланылат. Булар менен баланын эне тилиндеги лексикалык байлыгы арбый баштайт, кооз, таасирдүү, элестүү көркөм сөз орун алат. Мисалы, бешик ырлардын мазмуну, тематикасы наристенин өз ата-энесинин, айлана-чөйрөдөгүлөрдүн жашоо-шартынан алынып, аларда кандайдыр деңгээлде ошол ырды жараткан кишилердин дүйнөгө көз карашы, коомго, заманга мамилеси чагылтылат. Бул туурасында М. Түлөгабылов мындай деп жазат: "Бешик ырларында ээде айрым туюнтмалар, ыр саптар кайталанат. Муну менен наристенин эске тутуусу өнүктүрүлөт, сөз маанисине түшүнүүсү артып, акыры тили чыга баштайт. Мына ошондуктан эне тилдин башаты бешик ырлары деп эсептелинет" [20].

Айталы алдей-алдей ырында ымыркай баланын торолушу үчүн биринчи айлары менен коштолуп, ырдын көлөмү – ыр сабактар создугуп чубала бербейт (1-2 композициядан анча ашпайт). Ритмикалык өлчөмү – негизинен 7-8 муундан; ыргагы 4-3 же 4-4 муунактан, уйкаштыгы – туташ, эгиз, сыңар ж.б. болот.

Алдей -алдей ак бөбөк,

Ак бешикке жат, бөбөк.

Кунан койду сой, бөбөк,

Куйругуна той, бөбөк.

Алдей, бөпөм, ыйлаба,

Менин жаным кыйнаба.

Атаң тойго кетиптир,

Ак кесе толгон эт келет.

Энең тойго кетиптир,

Эмчеги толгон сүт келет.

Алдей бөбөк ыйлаба,

Эжекеңди кыйнаба.

Бала ушинтип отуруп жөнөкөйдөн татаалга карай чоң адамдар менен бирге өз алдынча кадамын шилтеп, мезгил аралыгы, мейкиндик алкагы боюнча чексиз узун жолун көркөм сөз каражаттары менен баштайт. Балдардын жаш өзгөчөлүгү жогорулаган сайын көркөм адабиятка кызыктыруунун туура ыкмаларын тандоо керек. Бала бакчаларда *биринчи кеже жана экинчи кенже тайпадагы балдарга* чыгарманы көркөм окуу жана жомок, аңгеме уюштуруу ыкмаларына токтолсок:

1. *Балага көркөм чыгарманы айтып берүү же көркөм окуу;*

2. *Бир темага бириктирилген бир нече чыгармаларды окуу* (жаз, жаныбарлардын жашоосу жөнүндөгү ырларды жана аңгемелерди окуп берүү).

Мисалы, кумурска менен аарынын эртеден кечке тынбаган эмгегин, жеп жүргөн бал аарынын ошондой эмгегинин үзүрү экенин наристе өмүрүндө биринчи жолу билет. Ал эми кумурсканын кандай экенин, эмнеликтен күчтүү экенин ырдан баамдатууга болот.

Кыргоол кызыл болгон,

Куйругу узун болгон.

Эмгек кылбай,

Музга тайган.

Буту сынган.

– Муз, муз, сен эмнеликтен

Күчтүү болдуң?

– А мен күчтүү болсом,

Күнгө эрир белем.

– Күн, күн, сен эмнеликтен

Күчтүү болдуң?

– Мен күчтүү болсом,

Бетимди булут басаар беле ...

Чыгарма баштан аяк суроо-жооп иретинде аңгемелешүүдөн турат. Ушуга карап "Кумурска менен түлкүнүн" жомогун айкалыштыруу, бир жанрдагы (моралдык мазмундагы эки аңгеме) же бир нече жанрдагы чыгармаларды айкалыштыруу. Мында жаңы материалдарды өтүүдө мурдатан тааныш болгон чыгармалар коштолуусу керек. Бул учурда аңгеменин да, ырдын да эки түрү тең көркөм, ар биринин өз алдынча тарбиялык мааниси бар.

3. *Искусствонун ар кандай түрлөрүнө таандык чыгармаларды айкалыштыруу:* балдар жазуучуларынын чыгармаларын окууда белгилүү сүрөтчүнүн сүрөтүнөн репродукцияларды көрсөтүү.

4. *Визуалдык материалды колдонуу менен окуу жана баяндоо;* оюнчуктар менен окуу жана жомок айтуу (жомок айтып берүүдө оюнчуктарды көрсөтүү жана алар менен болгон аракеттер коштолот); стол театры (картон же фанера); куурчак жана сахна театры, фланелограф; диафильмдер, фильмдер, телешоуларды көргөзүү.

5. *Баланын сүйлөө кебин өнүктүрүүдө окуу сабагын:* сабактын мазмуну менен логикалык жактан байланыштыруу (жаңылмачтар, макал, лакаптар табышмактар); окуу сабактын өз алдынча бөлүгү болушу мүмкүн (материалды бекемдөө катары ырларды же аңгемени кайра окуу).

Мектепке чейинки курактагы балдардын окуу өзгөчөлүктөрү, окуу процесси физиологиялык көз караштан алганда өтө татаал. Көрүү жана угуу

анализаторунун бир эле мезгилде өз ара аракеттенүүсү талап кылынат. Алынган маалымат анын бир нече бөлүмүндө мээге айландырылат. Ошол эле учурда жаңы ассоциативдик шилтемелер түзүлөт. Ошентип, окуу учурунда мээ үйрөтүлүп, өрчүйт.

"Бала кезинде окуу – бул коомдун формалдуу талабы гана эмес, өнүгүүнүн эң маанилүү фактору"-деп грек ойчулдары бекеринен айтпаса керек [114 б].

Адабий чыгарма когнитивдик, эстетикалык жана адеп-ахлактык функцияларды аткарууга тийиш экендигин, башкача айтканда, ал балага акыл-эс, руханий, тарбия берүүнүн каражаты болушу керектигин эске алуу керек.

Мектеп жашына чейинки балдар эмоционалдуулук мүнөздүү, бирок кабылдоосунун дифференционалдуулугу азыраак, байкагандарын максаттуу анализ жүргүзүүсү жетишсиз, кабылдоодо башкыны, маңыздууну айырмалай албайт, ырааттуу байкоо процессин уюштура билбейт. Психологдор көңүл буруусунун алсыздыгын, туруксуздугун белгилешет. Ал эми көңүл коюусу жаңы, күтүлбөгөн, ачык, көрсөтмөлүү нерселерге, экинчи даражадагы деталдарга багытталган.

А. Макаренко бул жөнүндө "балдар кыймылды, аракетти жакшы көрүшө тургандыктан, окуя, жагдай, улам алмашып, орун которулуп турушуна ушунчалык кызыгышат" - деп туура баамдаган [227 б].

Балдардын мээси дагы эле жигердүү өнүгүп келе жаткандыктан, алар чоңдор сыяктуу маалыматты кабыл ала алышпайт. Эстутум жана логикалык байланыштар жөндөмү дагы эле калыптануу процессинде болгондуктан, ар бир жаңы бөлүм сайын, мурунку бөлүмдөрүн эстеп калуусуна жардам берүү керек. Алар үчүн чоң көлөмдөгү маалыматты кабыл алуу кыйын болгондуктан, кызыгуу сөз түрүндө эмес, мазмунуна байланыштуу болот, окуу баланын ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта кабыл алынат. Бул мектепке чейинки курактагы балдар адабиятынын чыгармаларына төмөнкүдөй талаптарды алып келет:

- кичинекей көлөм – ал жаш курагына жана өнүгүүсүнө жараша көбөйөт;
- жөнөкөй сүйлөмдөр;
- эң төмөнкү татаал экспрессивдик каражаттар; (салыштыруу, метафора)
- мындан тышкары, жаркыраган, кооз сүрөттөрү бар китептерди тандоо сунушталат;

Сүрөттөр образдардын бүтүндүгүн түзүүгө жана фантазиянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Н.А. Добролюбов мындай деп жазат: "Балдар үчүн көркөм адабиятты тандоо ата-энелер үчүн абдан кызыктуу окуя. Бул балаңыз менен бир аз балалык жашоого мүмкүнчүлүк ..., дүкөндөгү китептерди баланын өзү тандап алганы окууга кошумча түрткү болгон каражат деп эсептөө зарыл" [14 б].

Балдар адабиятындагы көркөм чыгармалардын үстүндө түрдүү методикалык иштердин өзгөчөлүгүн аныктоого, профессионалдык табиятын көрсөтүүгө өзгөчө  М. Горький, Н.К. Крупская, А.В. Луначарский, А.С. Макаренко, К. Чуковский, В. Сухамлинский, А.И. Герцен, Л.Н. Толстой, К.Д. Ушинский маанилүү салымдарын кошкон. Алар көркөм чыгармалар аркылуу айлана-чөйрө, турмушту, табигый кубулушту жана адамдар ортосундагы мамилелерди аңдап билүүдө алар жардамдаш болууга тийиш экенин, жаңы замандын шартына ылайык, жаңы жеткинчектерди тарбиялоодо олуттуу кызмат кыларын дайыма баса белгилешкен.

М. Горький: "Адам коомунда табигый күчтөрүн баш ийдирүү үчүн; эмгекчил, адамдардын саламаттыгы, узак өмүр сүрүүсү үчүн; алардын бүткүл дүйнөдөгү биримдиги, азаттыгы үчүн; таланттарынын, жөндөмдөрүнүнар жактуу келип, эч чектөөсүз өркүндөп өсүшү үчүн айыгышкан күрөш жүрүп жатат. Мына ушул принцип балдарга арналган бардык адабияттардын да, эң кичинекей бөбөктөргө арнала турган ар бир китептин өзөгү болууга тийиш" [58 б].

Кыргыз балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды М. Түлөгабылов, М. Сулайманов, К. Абакиров, О. Сооронов, С. Рысбаев, Г. Орозова, А. Муратов, К. Исаковдор ар кандай өңүттөн талдоого алган. Алардын

эмгектерин баалабай коюу мүмкүн эмес. Педагогика илимдеринин доктору, балдар жазуучусу С. Рысбаев жазгандай: "...бүгүнкү күндө биздин кыргыз балдар адабиятыбыз теориялык жактан да, практикалык жактан да, б.а., илимий-методикалык жактан жакшы изилденбеген. Кыргыз мектебинде балдар адабияты республикабызда мектеп жаралган күндөн бери окутулуп келе жатса да, ал эчак эле фундаменталдуу илимий-методикалык изилдөөлөрдүн обьектиси болууга тийиш болсо да, илимпоздорубуз менен методисттерибиз ага ушу кезге чейин жең түрүп кирише элек" [4 б].

Балдар адабиятындагы чыгармаларды кабыл алууда жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүдөй курак баскычына жараша методикалык иштерди туура жүргүзүү зарыл:

Мектепке жашына чейинки бала бакчадагы *биринчи, экинчи кенже тайпадагы балдар* – төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт: текстти түшүнүүнүн баланын жеке тажрыйбасынан көз карандылыгы; окуялар бири - биринин артынан ээрчип жүргөндө оңой кабыл алынган байланыштарды орнотуу; башкы каарманды көңүл борборунда сактоо, балдар көбүнчө анын сезимдерин жана кыймыл - аракет мотивдерин түшүнүшпөйт; баатырларга болгон эмоционалдык мамиленин ачык сүрөттөө; сөздүн ритмикалык жактан уюшулган структурасын сактоо.

Мектепке жашына чейинки *ортоңку тайпадагы балдар* – текстти түшүнүүдө бир аз өзгөрүүлөр болот, бул баланын жашоосунун жана адабий тажрыйбасынын кеңейишине байланыштуу. Балдар сюжетте жөнөкөй себептик байланыштарды орнотушат, жалпысынан алар каармандардын аракеттерине туура баа беришет.

Мектеп жашына чейинки *чоң тайпадагы балдар* – балдар жеке тажрыйбасында болбогон окуяларды түшүнө башташат, аларды баатырдын иш-аракеттери гана эмес, тажрыйбалардын, сезимдердин мотивдери кызыктырат. Баатырларга болгон эмоционалдык мамиле баланын чыгарманын бүт конфликтин түшүнүүсүнүн жана баатырдын бардык мүнөздөмөлөрүн эске алуунун негизинде пайда болот. Балдар текстти

мазмунунун жана формасынын биримдигинде кабыл алуу жөндөмүн өрчүтүшөт. Көркөм чыгармадагы башкы каарманды түшүнүү татаалдашат, чыгарманын формасынын айрым өзгөчөлүктөрү ишке ашат (жомоктогу туруктуу бурулуштар, ритм, рифма).

Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги мугалим, тарбиячы, методисттер жана балдар менен биргеликте сабакта көркөм окуу жана жомок айтуу методикасын уюштуруунун М.М. Конина ишмердүүлүктүн бир нече түрүн бөлүп көрсөткөн [97, 133-138 бб.].

Балдар үчүн көркөм окуу жана жомок айтуу техникасынын негизги ыкмалары төмөнкүлөр:

- Мугалим китепти көркөм окуп чыгуусу: бул тексттин сөзмө-сөз берилиши. Окурман, автордун тилин сактап, жазуучунун ойлорунун бардык өңдөрүн жеткирип, угармандардын акылына жана сезимине таасир этүүсүнө өбөлгө түзөт.
- Мугалим, тарбиячынын жатка айтып берүүсү: бул тексттин салыштырмалуу акысыз которулушу (сөздөрдүн мүмкүн болушунча өзгөрүшү, аларды алмаштыруу, чечмелөө). Жомок айтуу балдардын көңүлүн бурууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет.
- Жаттап үйрөнүү акркылуу айтып берүү: чыгарманы берүү ыкмасын тандоо (окуу же жомок айтуу) чыгарманын жанрына жана угуучулардын жаш курагына жараша болот.
- Сахналаштыруу: бул ыкманы көркөм чыгарма менен экинчи деңгээлде таанышуунун каражаты катары кароого болот.

"Дүйнөнүн татаалдыгы, ала-тоолуктардын жалпы аалам менен байланышынын тереңдеши, илимий билимдердин интеграциясынын мурда болуп көрбөгөндөй активдеши, батыштан келип жаткан массалык маданияттын, адабий окуу жана кыргыз адабияты сабагын башка нукка буруунун жаңы талабын койду" [34 б].

Ааламдашуу доорунун татаалдыгы, маалыматтардын ашкере жыштыгы окуучулардын адабий көркөм тексттерди кабыл алуу түйшүгүн

таталдаштырган мезгилде өзгөчө мектеп жашына чейинки курактагы балдарга визуалдык материалды колдонуп, окуу жана жомок айтуу балага компьютер менен китепти айкалыштыруу . Мисалы:

а) оюнчуктар менен окуу жана айтуу ("Акылдуу бала" жомогун кайталап айтып берүү оюнчуктарды көрсөтүү жана алар менен болгон аракеттер менен коштолот);

б) стол театры;

в) куурчак жана көлөкө театры, фланельграф;

г) презентациялар, фильмдер, телешоулар;

Көркөм окуу жана жомок айтуу сабагын өткөрүү методикасы жана анын курулушу сабактын түрүнө, адабий материалдын мазмунуна жана балдардын жаш курагына жараша бөлүштүрүлөт. Типтүү иштин структурасын үч бөлүккө бөлүүгө болот:

*Биринчи бөлүктө* чыгарма менен таанышуу – тарбиячынын көркөм окуусу өтөт, негизги максаты – көркөм сөз аркылуу балдарды туура жана ачык-айкын кабылдоону камсыз кылуу.

Окуунун алдында кыскача киришүү сүйлөшүүсү, балдарды кабыл алууга даярдоо, алардын тажрыйбаларын, учурдагы окуяларды чыгарманын темасы менен байланыштыруу, жазуучу менен таанышуу болушу мүмкүн: портрет (сүрөтүн) көрсөтүү, чыгармачылык жөнүндө кыскача окуя (жогорку тайпа), тааныштарды эскерүү ушул автордун чыгармалары, китептерди көрүү, аларга иллюстрациялар, теманын айкындыгын көрсөтүү, оюн кырдаалын түзүү, көйгөйлүү суроо берүү, түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүп берүү ж.б.

Эгерде балдар китепти кабыл алууга мурунку эмгеги менен даярданса, анда табышмактын, ырдын, сүрөттүн жардамы менен алардын кызыгуусун ойготуу. Андан кийин, чыгарманы, анын жанрын (аңгеме, жомок, поэма), автордун ысымын атоо керек.

Окуп жатып, балдарга суроолорду, дисциплинардык эскертүүлөр менен текстти кабыл алуудан алагды кылбоо керек, үнүн көтөрүү же төмөндөтүү,

жест, мимика жетиштүү. Окуунун аягында, балдар уккан нерсесинин таасири алуусуна бир аз тыныгуу керек.

*Экинчи бөлүктө,* окулган чыгармалар жөнүндө маектешүү жүргүзүлөт, ал чыгарманын жанрын, негизги мазмунун, структурасынын өзгөчөлүктөрүн, көркөм сөз каражаттарын аныктоого жардам берет.

– мектепке жашына чейинки балдарды чыгармада түзүлгөн кырдаалга киргизүүгө, аларды иш-чаралардын катышуучусу кылууга мүмкүндүк берүү; чыгарманын негизги маанисин, анын көйгөйүн аныктоого багыттоо мисалы чыгармадан суроолорду берүү;

– мазмунун көбөйтүүгө багытталган чыгарманы ким жазганын эстөөгө үндөө.

Ошондой эле балага чыгарманы кабылдоону өркүндөтүү үчүн ар кандай төмөнкүдөй ыкмаларды колдонуун мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүндө аткаруу зарыл:

- тааныш эмес сөздөрдүн түшүндүрмөсү;
- тексттин сөздөрүнө синонимдерди, антонимдерди тандоо;
- баатырларды мүнөздөө, иш-аракеттердин мотивдерин аныктоо, башкы каармандар катары балдарды көрсөтүү;
- текстти түшүнүүнү тереңдетүүчү, аны тактаган, көркөм образдарды кыйла толук ачкан чыгармалардын мазмунуна ылайык иллюстрацияларды кароо;
- чыгармадан айрым сөз айкаштарын көбөйтүү;
- чыгарманы ролдор боюнча, иллюстрациялар, схемалар боюнча кайра чыгаруу;
- салыштыруу, эпитеттер, синонимдер, антонимдерди тандап алуу, көркөм чыгармадан сөз жана фраза үчүн рифмаларды тандоо боюнча чыгармачыл тапшырмалар;
- чыгарманын мазмунунун сөздөрүн, иш - аракеттерин, жаңсоолорун берүү;
- чыгарманын үзүндүлөрүн сахналаштыруу;

- бактылуу бүтүм;

*Үчүнчү бөлүктө,* эмоционалдык таасирди бекемдөө жана кабыл алынган нерсени тереңдетүү үчүн текстти (эгер кыска болсо) же үзүндүлөрдү кайталап окууну уюштуруу. Мындай куракта чыгармалардын баланын эмоцияларына тийгизген таасири күчтүүлүгү эске алынуу менен руханий тарбиянын түптөлүшүнө чоң өбөлгө түзөт.

А. Муратов жана К. Исаков өз эмгектеринин биринде мындай деп жазышат: "Кайсыл бала жаш чагынан өзүнө ылайык чыгармаларды бара-бара тепкич-тепкич менен жаш курагына ылайык окуп отурса, акыры ал таланттуу жана талаптуу окурман даражасына жетет, эгер ал дароо эле асмандагы айга асылгандай татаал чыгарманы качырып кирсе, бара - бара анын китептен көңүлү калып, а түгүл адамзаттын бул улуу табылгасынан биротоло кол үзүп салышы ыктымал" [ 9 б].

Көркөм адабият менен иштөөнүн мүнөздүү белгилеринин дагы бири – оптимизимдин өтө күчтүүлүгү. Ал балдардын руханий дүйнөсүн, тунук аңдоо сезимин, туюнуусун эргитип, үмүт-тилектерин, бийик идеаларын поэтизациялоого алып келет. Мындан балдар кандай кыйын, алаамат кезеңде болсо да, акыры келип жамандыкты жакшылык жеңип чыгар чындыктын негизин көрө алышат.

Эгерде, мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбиячы, методисттер балдарга көркөм адабият менен иштөөнүн методикасын уюштурууда, баланын ар кыл кызыгуусун эске алса, анда анын назарына илимий ачылыштарды, техниканын абдан татаал кубулуштарын сунуш кыла алат. Көркөм адабияттагы илимий – фантастикалык чыгармалардын болушу да ушундан.

Улуттук адабий илимибиз азыркы илимий-техниканын дүркүрөгөн өнүгүү жолуна түшкөн учурда мурдагы өнүккөн тажрыйбаларга негизделип, зарылчылыгына жараша илимий-методикалык жактан небак такталган балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды жугумдуу методдор менен

иштөө, баланын эстетикалык аспектиде көркөм реалдуу, тарыхый конкреттүү чагылтуу, жаш муундарга дүйнөнү туюндуруу болуп турат.

Балдар дабиятындагы көркөм чыгармалар менен тааныштыруунун, уюштуруу формаларынын бири ата-энелер менен иштөө ыкмалары. Анткени тарбиячы, методисттер менен ата-энелердин биргелешип иш алып баруусу алда канча натыйжалуу болот. Анткени үй-бүлөдө ата-эне балага байкоо жүргүзүү аркылуу маанилүү жыйынтык чыгарып, көркөм эстетикалык табиятын аныктоого алып туруусу, баланын абийир, ар-намыс, адеп, ыймандуулуктун жол жобо, эреже-тартиптерин сиңире баштайт. Бала бакчадагы ар бир тайпадагы (1/2-кенже тайпа, ортоңку тайпа, жогорку тайпа) балдар менен көркөм сөз каражаттарын тарбиячы, методististер азыркы балдардын көркөм табитин канааттандыруучу ыкмалар менен иштөөдө, баланын жеке өзүнө бүткөн шык, таланттарын эске албаса да жакшы натыйжа бере албайт. Ал үчүн баланын ата-энелери менен иштөө алда канча жеңил болот. Мисалы;

– ата-энелер чогулуштары;

– ата-энелер менен баарлашуу (суроо-жооп);

– ата-энелердин кеңештери;

– ата-эне-бала чыгармачылык борбору;

– ата-эне-бала китеп бурчу;

– ата-эне-бала китеп окуу күнү;

– ата-эне-бала жомок жаратуу, аткаруу;

– ата-эне-бала жомок-оюн;

– ата-энелер менен сахна, театр көрүнүштөрү;

– ата-эне-бала китеп майрамы.

Мектеп жашына чейинки кайсыл тайпадагы балдар болсо да жомокту ата-эне менен биргелешип ишмердүүлүк аткаруусу биринчи ирет кызыктуу көркөм дүйнөгө аралашып, болуп көрбөгөндөй фантастикалык учкул кыялга жетеленет. М. Горький айткандай, фантастикасыз эч бир жомок болбойт жана болууга да мүмкүн эмес. Себеби, фантастиканын жардамы менен эл

өзүнүн дүйнөгө көз карашын, түшүнүгүн чагылдырып келген. Баланын түрдүү шартка ылайык өз келечегине ишенимдүү караган учкул кыялын, тилектерин ишенимдүү максатка жеткирет.

Албетте, адам баласы жаратылыштын сырын, табигат мыйзамын анчалык аңдап биле элек кезинде чоңдордун (ата-эне, мугалим, тарбиячы) жардамы менен окулган чыгармалар аркылуу кереметтүү образдарды жаратып алып, алар аркылуу өзүнүн турмушка мамилесин туюндуруп келет. Жазуучубуз Ч. Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемесиндеги Авалбектин образын буга далил катары айтсак болот. Балдар үчүн жанрлардын ичинен илимий фантазияга зор маани берген сынчылар да, балдарды жаңы пикир жаратып, келечек күндөр жөнүндө ойлонтуучу техниканын жетишкендиктери, билим кереметтери жөнүндө көп айтып келишет.

Азыркы учурда, бөбөктөрүбүздөн тарта маданияттуу, руханий жактан көңүлдүү тарбиялап өстүрүп, аларды каараман азаматтардан, билимдин, эмгектин досторунан кылып тарбиялоодо биринчи кезекте балдар үчүн эң сонун китептер тез аранын ичинде заманбап шартка ылайыктуу чыгаруу милдетибиз турат. Ошондой эле китептердин дагы бир өзгөчөлүгү кооз жабдуулар менен кичинекей балдардын көңүлүнөн түнөк таба турган болуусу керек. Тилекке каршы, мындай китептерди чыгаруудан биздин полиграфиябыз азыр деле аксап, коңшу элдерге салыштырмалуу артта калып бара жатабыз. Эгер, деп жазат Г. Белинский: "... китеп кооз сүрөттөр менен жабдылса, бала "анатомияны" да колдон түшүрбөй тургандыгын" баса белгилеген [477 б.].

Ошентип, мектеп жашына чейинки курактагы баланы балдар адабиятындагы чыгармалар менен тааныштыруу белгилүү бир каарманга болгон симпатиядан автордун позициясын түшүнүүгө жана андан ары көркөм дүйнөнү жалпыланган кабыл алууга жана ага болгон мамилесин аңдап билүүгө чейинки жолдун бир түрү катары көрсөтүлүшү мүмкүн.

Көркөм адабият балдардын инсандыгын өнүктүрүүнүн тарбиялык гана эмес, билим берүүчүлүк милдеттерин да чечет.

## 3.2. Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятындагы материалдарды колдонуу аркылуу руханий тарбия, билимин калыптандыруу технологиясы

Коомдун жана экономиканын терең билимге, күнүмдүк көндүмдөргө гана эмес, анык бир инсандык сапаттарга ээ болгон жаш жеткинчектерди даярдоо муктаждыгы билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө алып келди. Кыргыз Республикасынын бүтүндөй билим берүү системасы, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү уюмдарында бүгүнкү күндө реформалоо процессин баштан кечирип жаткан кези.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын негизги максаты – баланын келечек жашоосуна пайдубал куруу, үзүрлүү тарбия берүү. Демек, балдар адабияты жаш муундарга үзүрлүү тарбия берүү максаты боюнча педагогика менен психологияга да тутумдаш. Баланын мүнөздүк сапаттары менен тарбиясынын калыптанышы жана өнүгүү (физиологиялык, индивидуалдуулугу, мүнөздөрү, мамилеси, өзүн-өзү башкаруусу) процесстери, баланын күнүмдүк жашоодогу болуп жаткан иш-аракеттердин топтомунан өз идеяларын жарата баштайт. Балалык курактагы шыктын жаралышына көркөм сөз чыгармачылыктын аткарган кызматы, ролу да чоң. Ал эми педагогикалык психологиянын түшүндүрмөсүнө таянсак, мектеп жашына чейинки бөбөктөрдүн чөйрөнү аңдоо сезими курчап турган заттарды өздөштүрүүдөн уланып, аны өзү наристеге ылайык салыштырмалуу ой жүгүртүүнүн теориялык актысын уютат.

В.Г. Белинский: "Балдар китептери тарбия үчүн жазылат, ал эми тарбия – улуу иш, аны менен адамдардын тагдыры чечилет. Жаш муундар келечек ээси болгондуктан, аларга туура тарбия берүү – балдар адабиятынын ыйык милдети. Ал аркылуу улуттук баалуу мурастар, көркөм дөөлөттөр балдардын чыныгы инсан болуп калыптануусунда атуулдук сезимин козгогудай, рухий жан дүйнөсүн өстүргүдөй пайдаланылат"-деп туура изилдөөгө алган [4 б.].

Кыргыз балдар адабиятын сыны менен адабият таануу илими ар тараптуу жетилүү, калыптануу жолуна түшүп, учурда мектеп жашына чейинки балдарга уюштуруу формалары жүргүзүлүп келүүдө. Өнүгүүнүн заманбап шартында балдар адабиятындагы жарык көргөн жана жаңыдан жарык көргөн чыгармаларга баа берүүчү, балага жардам берип, туура жол көрсөтүүчү нукура көркөм сөз каражаттарын талапка ылайык эффективдүүлүгүн жогорулатуу шарттарын койду. Анткени чоңдор адабиятына караганда, балдар адабиятынын коллективдүү күйөрмандарынын көп сандуулугу, мисалы жазуучу, адабиятчы сынчылар гана эмес, агартуу тармагынын жоопкерлери, мектеп жана балдар бакчасынын тарбиячы, методисттеринен тарабынан балдар үчүн китептерге жүктөлгөн талап-каалоо маанисинде, күндөлүк иш тажрыйбаларынын натыйжасы катары баян эткен балалык пикирлерин күчтөндүрүп, арттыруу учурдун негизги көйгөйү. Мектеп жашына чейинки балдардын жүрүм-турумдун жакшы салттарына, адептүүлүккө тарбиялоо милдети балдар адабиятынын негизги маселелеринин бири.

Адамзат тукум улагычы болгон перзенттерибизди тарбиялоонун бирден бир каражаты болгон "балдар адабиятын жана аны чыгарган элдин ролу өтө чоң" деп, маселени методологиялык жактан туура аныктап келишет. Жалпы эле коомдук мамилелер жана балдар турмушу өз учурундагы тарыхый шартка жараша туура, реалдуу чагылдырылгандыктан, алардын балдар чыгармаларынын идеялык-тематикалыкаларында, сюжеттик мазмундарында, образ системаларында келечеги кең жаңы замандын жаш муундары көркөм чагылдырылып, мындан ары карай мектеп жашына чейинки курактагы балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды өнүктүрүү технологияларын уюштуруу талабы турат.

Бала бакчаларда баланын курак баскычына жараша (кенже тайпа, ортоңку тайпа, жогорку тайпа) окутуу, үйрөтүү иши түрдүү формада уюштурулат. Ушул күнгө чейин окутуу ишин уюштуруунун формалары көп өзгөрүүлөргө учурап келген. Ар бир курактагы балдардын туруктуу тобун

жамаатка бириктирип окутуу белгилүү жадыбалдын негизинде уюштурулуп келет. Мектепке жашына чейинки курактагы балдардын психолониялык, физиологиялык өнүгүүсүн эске ала турган болсок мектеп окуучуларынан бир топ айырмачылыктары бар. Ошол уюштурулган форманы – сабак деп аташат. Демек, сабак өз максатына жетүү үчүн меттеддор, каражаттар, ыкмалар менен байланышатуу, бала бакчадагы мугалим, тарбиячы аны жаңы техногиялар менен жүзөгө ашырат. Жалпылап айтканда окутуунун технологиясына окумуштуу методисттер, практик педагогдор тарабынан улам жаңыланып, толукталып келет.

Технология өзүнчө дисциплина катары немец окумуштуусу Иоганн Бекман негиздеген. Ал технологиялар боюнча бир катар эмгектерди жараткан жана ушул терминди да сунуштаган.

«Окутуунун технологиясы түшүнүгү, - деп жазат Н. Ибраева, XX кылымдын 50-жылдарынын аягында пайда болуп, педагогикалык илимде салыштырмалуу жаңы багыт. Ал эң биринчи америкалык, анан батыш европалык мектептерди реформалаган учурларда пайда болгон. Андыктан терминдин өзү биздин өлкөдө (СССРде) пайдаланылбаган. Ошентсе да Н.Ф Гальпериндин, П.М. Талызинанын, Эрдниевдин, Беспальконун изилдөөлөрүндө технологиялык багыт орун ээлеп келген. Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн: «техне»-искусство, чеберчилик, өнөр, «логос» – илим, окуу. Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген эмес эле. Мына эми бүгүнкү күнү, Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа берилип, эске алына баштады. Кайсы иш-аракетти кылбайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П. Беспалько). Искусство интуицияга, технология илимге негизденет. Эгерде технология иштелип чыга элек болсо, интуициялары

күчтүү, ийкемдүү адамдар жакшы жыйынтыкка жете алышат, б.а. жекече чеберчилик, өнөр алдыга чыгат» [133, 244 б.].

Кыргыз Совет энциклопедиясында технология термини төмөнкүчө чечмеленет: "технология (гр. techne – өнөр, устаттык, билгичтик жана логика) ар кыл өндүрүш тармагында, курулушта ж.б. чийки зат, материал же буюмдарды алуу, иштетүү жолдору менен ыкмалардын жалпы аты". Технологияны илим катары милдети – практикада көбүрөөк эффективдүү жана үнөмдүү өндүрүш процесстерин аныктоо жана колдонуу максатында физикалык, химиялык ж.б. мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачуу Ал эми педагогикалык техника катары окуучуларга жетиштүү жогорку сапаттагы керектүү билимдердин чындыгында эле өндүрүлүп чыгарылган болушу үчүн колдонулуучу же колдонуу керек болгон бардык материалдык каражаттары түшүнүлөт [108 б.].

Балдар адабиятындагы материалдарды окутуунун алгылыктуу методдорун аныктоо жана каражаттарын иштеп чыгуу, аларды классификациялоо жана системалаштыруу инновациялык педагогикалык технологиялардын пайда болушуна алып келди. Сабактын материалы менен балдарды кызыктырып, аны аөздөштүрүүсүнө кам көрүп, тарбиячы бала бакчадагы тайпадагы балдардын сабак учурундагы ишин көзөмөлдөөгө милдеттүү. Балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун өзгөрүүсү техникалык каражаттардын жардамы менен формалдаштыруу учурда актуалдуу. Материалды системалуу баяндоодо кошумча анимация, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен пайдалануу натыйжалуураак өбөлгө түзөт.

*Балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун технологиясын төмөнкү үч негизги звенодо төмөнкүчө карай турган болсок, алар:*

1) Көрсөтмө берүү учурунда тарбиячы тайпадагы балдардын баарына тема боюнча баштапкы түшүнүктүү берүү;
2) Балдарга тапшырма берилген учурда, аны аткаруу үчүн балдардын өз алдынча иштөөсү;

3) Жалпылап тыянак чыгаруу, суроо-жооп, талкуу, өз алдынча жетишкендик.

Бала бакчадагы тайпанын жамааттык ишин ар бир тарбиялануучунун активдүү жекече иши менен ийгиликтүү айкалыштырган окутуунун формасын изденүүнүн актуалдуулугу туура пайдаланууга өбөлгө түзөт. Инсандын өнүгүүсүндө, тажрыйбага ээ болуусуна жана окутуунун технологияларын, методдорун колдонуу бөбөктөр менен жеткинчектер үчүн оор. Себеби, алар чынында окурмандар эмес, баарыдан мурда угармандар. Ошондуктан чоңураак балдарга караганда улам кичинекейлер менен тил таап сүйлөшүү татаал. Ушул фактынын өзү эле көрүп, угуп тарбиялануучулар менен иштөө өтө кылдаттыкты, өтө устаттыкты талап кылат. Жаңы технологияларды билүүгө, аларды колдонууну, алардын күчтүү жана алсыз жактарын түшүнүүгө, маалыматтык коомдун жаралышы менен байланышкан компетенциялар тарбиячы, мугалимди сынчыл мамилеге жөндөмдүүлүктү аныктайт.

Билим берүүнүн, тарбиялоонун өнүгүшүнүн жалпы тенденциялары катары балдар адабиятындагы материалдарды мектеп жашына чейинки балдарга колдонуунун негизги максаттарынын бири болуп инсандын интеллектуалдык жана адеп-ахлактык, руханий өнүгүүсүн, көркөм образдуу ой жүгүртүүсүнө, маалыматтык каражаттар менен иш алып баруусуна өбөлгө түзөт.

Балдар бакчасында балдар адабиятындагф материалдарды колдонуу аркылуу тарбия, билим берүүдөгү технологиялардын уюштуруу формалары, методдордун айкалышуусу менен каражаттарын аныктап алууда: көркөм чыгарманы окуу, баланын угуп кабыл алуусу; өтүлүүчү сабактын түзүлүшү жана мазмунунун иштелип чыгуусу; балдардын өз алдынча иш алып баруусу; көзөмөлдөөнүн формалары окутуу ыкмаларынын уланышы, баланын жетишкендик мүмкүнчүлүктөрүн аныгыракк аңдап билүүгө, ал эми мугалим, тарбиячыга – баланын ишмердүүлүгүн натыйжалуу нукта аныктоого шарт түзүлөт.

Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу технологияларын биз төмөнкү (3.2.1) таблица аркылуу көрсөттүк.

**3.2.1 – таблица. Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун технологиялары**

| **Технологиялардын жана методдордун түрлөрү** | **Методдордун жана технологиялардын формалары** | |
|---|---|---|
| Салттык<br>технологиялар | окуп берүү,<br>кайра кайталоо,<br>суроо-жооп | күнүмдүк сабак,<br>жалпылап иштөө,<br>өз алдынча иштөө ж.б. |
| Оюн эмес технологиялар<br>жана ыкмалар-1 | инновациялык<br>технологиялар<br>жана окутуунун<br>активдүү<br>ыкмалары | визуалдык,<br>сүйлөө көнүгүүсү,<br>чыгарманын негизинде<br>тартылган сүрөттөр |
| Оюн технологиялары жана<br>ыкмалары | | рефлекстүү ролдук<br>оюндар,<br>уюштуруучулук-ишкердик<br>оюндар,<br>сүйлөө кебин өнүктүрүүчү<br>оюндар,<br>чынжырча байланыш<br>оюндары,<br>манжа оюндар ж.б.<br>сахна, театр оюндары |
| Оюн эмес технологиялар<br>жана ыкмалар-2 | | кейс-метод,<br>мээ чабуулу,<br>топтор жана жекече иш<br>алып баруу,<br>дельфи, аңгеме ыкмасы |

| | | |
|---|---|---|
| Курама технологиялар жана ыкмалар | | сынчыл ойломду өнүктүрүү стратегиялары, психологиялык жана социалдык-психологиялык |

Автордун дидактикалык жомогу моралдык компетенттүүлүктүн бир катар функцияларын аткарууга шарт түзөт: аракеттин өз вариантын куруу үчүн ылайыктуу маалыматты тандап алуу; жомоктун каарманынын ийгилиги менен кемчиликтеринен алган билимдерин колдонуу; мүмкүн болгон альтернативаларды көрүү жана тандоо мүмкүнчүлүгү; тышкы дүйнө менен өз ара аракеттенүүнүн зарылдыгын түшүнүү. Автордун дидактикалык жомогу мугалимге эмоционалдык чыңалуудан, толкундануудан, тынчсыздануудан, агрессивдүүлүктөн, өзүнө жана башкаларга ишенбөөчүлүктөн арылууга мүмкүнчүлүк алуу гана эмес, баланын ишенимине ээ болууга да жардам берет.

Белгилей кетүүчү жагдай, балдар бакчасында биздин практикалык иш-аракеттерибиз балдар менен этап менен жүргүзүлгөн. Жазуучунун жомоктору менен иштөөнүн биринчи, когнитивдик-мотивациялык этабында биз балдардын жомоктор, аңгемелер аркылуу руханий жана адеп-ахлак жөнүндө алгачкы билимдерге ээ болушуна чоң көңүл бурдук, ошондой эле балдардын руханий, адеп-ахлактык көйгөйлөргө кызыгуусун калыптандырдык. Жомоктордо балдар адилеттик, ар-намыс, берилгендик ж.б.у.с. адабиятка жеке мамилесин тереңдетүү. Эмоционалдык баалоо стадиясында мугалимдин негизги көңүлү балдардын руханий жана адеп-ахлак категорияларына болгон жеке мамилесин жаш курагына ылайыктуу деңгээлде калыптандырууга бурулган. Эгерде биринчи этапта балдар проблема боюнча негизги билимдерди алышса, экинчисинде бул этапта балдар үй-бүлөгө жана руханий баалуулуктарга болгон мамилесин билдирүүдө баалуулуктар боюнча өз билимдерин ишке ашыра алышы керек. Тема боюнча андан ары балдардын үй-бүлөлүк рухий өнүгүү салттары

жөнүндө билимдерин системалаштырды жана жаңылады, башкалардын үй-бүлө жашоосуна байкоо жүргүзүү менен «үй-бүлө гармониясы», «карыларды сыйлоо», «ата-энеге баш ийүү» жана тескерисинче «үй-бүлөлүк келишпестик» сыяктуу кубулуштардын себеп-натыйжа байланыштарын түзүүгө мүмкүндүк берди.

Иш-чаранын этабында жомоктогу окуяларды сахналаштыруу менен чагылдыруу берилди. Бул, биринчиден, баланын ойдон чыгарылган жагдайлар чөйрөсүнө кирип, чыгарманын каармандарына акыл-эси менен жардам бере баштаганына, ага карата жаңы сезимдерди эмоционалдык жактан баштан кечиришине салым кошот. Кичинекей балдар үчүн бул жомоктогудай окуялардын сыртында позицияны ээлеп, жомоктук кубулуштарды сырттан алгандай кароо, абстракциялоо жөндөмү мурдатан эле мүнөздүү. Башкача айтканда, башталгыч мектеп жашындагы бала стресстик кырдаалдарда терс жүрүм-турумдук реакцияларды жеңе алат. Бул куракта адамдын иш-аракетинин социалдык мааниси, анын ички мааниси жана айланасындагы адамдар, чоңдор жана теңтуштар тарабынан бааланышы бала үчүн чечүүчү мааниге ээ болот.

Мектепке чейинки курактагы балдарды адеп-ахлактык жана руханий тарбиялоо үзгүлтүксүздүгү төмөндөгүлөр менен камсыз кылынышы мүмкүн: балдар бакчасында рухий-адептик тарбиялоо программасынын мазмуну боюнча балдардын жаш мүмкүнчүлүктөрүн, социалдык, интеллектуалдык жана алардын моралдык өнүгүүсүнүн тажрыйбасы жана деңгээли, камсыз кылуучу автордун дидактикалык жомогун колдонуунун технологиялары. Мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөөнүн өзгөчө шарттарын, мазмунун, каражаттарын, формаларын жана ыкмаларын, баланын руханий-адептик түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын түпкү маанисин акырындык менен өздөштүрүү.

Мектепке чейинки курактагы балдардын рухий-адептик жактан тарбиялоо процесси баланын чоңдор (тарбиячы, ата-эне) менен активдүү жана кызыккан баарлашуусун шарттайт жана бул тарбиялык иштин

натыйжалуулугунун милдеттүү шарты болуп саналат, анын негизинде баланын руханий, адеп-ахлак нормаларына ылайыктуулугу калыптанат.

Үй-бүлөлүк тарбияда автордун дидактикалык жомогун колдонуу үчүн мектепке чейинки балдардын ата-энелери бул процесске үйдөн даяр болушу керек. Мындай даярдык иштери ар кандай формаларды камтыйт: ата-энелердин топтук чогулуштары, жеке жана топтук консультациялар, анда ата-энелер жомок менен иштөө методологиясы менен таанышып гана тим болбостон, жомокторду окууга, балдардын суроолоруна жооп берүүгө ж.б.

*Автордун дидактикалык жомогу менен иштөө технологисы:*

1. Жомок окуу жана ага мугалим тарабынан талдоо;

2. Балдар менен иштөөнүн максаттарын калыптандыруу;

3. Ишти этап-этабы менен пландаштыруу;

4. Жомок менен иштөөнүн натыйжасы, кол өнөрчүлүк, сүрөт көргөзмөлөрү, өз жазуусунун жыйынтыгы, спектаклдерди көрсөтүү ж.б.

Ата-энелер менен иш алып баруу менен катар мектепке чейинки курактагы балдардын руханий тарбиялоого жана алардын деңгээлин жогорулатуу максатында автордун дидактикалык жомогунун технологиясын колдонуу боюнча да кошумча эксперименталдык изилдөө жүргүзүлдү.

Балдар үчүн көркөм чыгарманы колдонуу критерийлери:

1. Баланын курактык өзгөчөлүгүнө дал келүүсү;
2. Балдардын психологиялык өзгөчөлүгү;
3. Көркөм чыгарманын жеткиликтүүлүгү;
4. Көркөм чыгарманын кыыктуу, сюжеттүүлүгү;
5. Конкреттүү педагогикалык милдеттер.

Тандалган критерий боюнча мектепке чейинки кенже топтордун руханий, адеп-ахлактык тарбиясынын деңгээлин аныктоонун диагностикалык методикасы – баланын акыл-эс, таанып-билүүчүлүк, салыштыруу, издөө, жаңы билимдерди алууну үйрөнүү бир эле учурда изилдөө үчүн оозеки жана реалдуу жүрүм-турумдагы боорукердик жана симпатия сезимдери колдонулган, анткени бул техника инсандын моралдык

жагын бүтүндөй кароо эмпатия жана симпатия түшүнүгү реалдуу көрүнүш менен канчалык дал келерин аныктоо үчүн кенже мектеп окуучусунун оозеки жана реалдуу жүрүм-турумундагы адеп-ахлактык тарбиясынын аныкталган деңгээлдери салыштырылат.

Биринчи этапта балдар менен иштөө эксперимент толуктоочу вербалдык методдордун комплексин колдонууну камтыды. Автордун дидактикалык жомокторунун мазмуну боюнча баарлашуу, аңгеме инсандар аралык байланышка байкоо жүргүзүү иштери менен коштолуп олтурду. Мунун жыйынтыктары диссертациялык изилдөөбүздүн акыркы параграфында (педагогикалык эксперимент иштеринин жыйынтыктарында) каралган. Ошондуктан биз мектеп жашына чейинки балдардын көркөм чыгарманы кабылдоосуна активдүү түрдө келип кирген жанр менен түрлөрдү, балдардын көркөм табитин өнүктүрүп, кол кабыш жасай турган чыгармаларды, ылайыктуу мазмунун менен формаларын гана колдонобуз. Балдардын жан дүйнөсүндөгү болуп жаткан ички туюмун башкаларга түспөлдөштүрүү, жорук жосундары аркылуу башка нерселердин касиеттерин чагылдыруу, тагыраак айтканда, өтмө мааниде колдонуу түшүнүгүнө улам курак баскычы жогорулаган сайын ээ болуша алышат.


*Сабак – жомок технологиясы (бирге ойлоо, бирге аракеттенүү, авторлош болуу):*

1. Активдүү өздөштүрүлгөн билимдер бекемирээк эсте тутулат;
2. Өнүгүү, чыгармачыл ойлоо натыйжалуулугу;
3. Окуяларды чечмелөө, бир этаптан экинчи этапка өтүү;
4. Сюжет жана образ түзүмдөрү;
5. Каармандардын образын өздөштүрүү, кабылдоо;
6. Көйгөйлүү суроолорду чечүү;
7. Жомоктун тарбиялык максатына жетүү.

Айталы бала бакчадагы балдардын тайпадагы топтору менен өз алдынча жомок жаратуусу баланын көркөм ой жоруусу, акыл-эси, учкул кыял, сезимталдыгы жөпжөнөкөй тилде эркин жандуу образдар менен

аткаруусу кээде мугалим, тарбиячыны деле таң калтырат. Анткени балада байкоого караганда, илимий тактыкка караганда, божомол куруу көбүрөөк үстөмдүк кылат. Бала бакчадагы эки эле тайпанын баласы бир эле көркөм чыгарма боюнча түшүнүктөрү ар түрдүү болот. Буга Ш. Бейшеналиевдин "Табышмакчы Чынара" аңгемесинин идеялык мотиви мисал боло алат. Төрт жашар Чынара ата-энеден үйрөнгөн жомок, табышмактарынын базасында, үй эмеректеринин, мисалы телефон, телевизордун белгилерине салыштырып, отуруп, өзүмдүк табышмактары менен жомокторун жарата баштайт. Баланын ойдон көркөм курaштыруусу – чыгармачылыгы алда канча өөрчүйт. Буга жараша анын өздүк мотивдери бир кыйла такталып, эмоциясы күчөйт, ар тараптан чыйрала баштайт. Биз жомок менен иштөөнүн этаптарын төмөнкү (3.2.2) таблица аркылуу бердик.

**3.2.2 – сүрөт. Мектеп жашына чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун технологиялары**




Балдардын сүйүктүү чыгармаларынын бири жомокко М. Горькийдин байкоосу менен караганда: "Жомоктордогу адамдын жардамчысы коён, түлкү жана карышкыр, адаттагы айбанаттар жөнүндөгү жомокторго караганда, элдерлин ортосундагы социалдык мамилелерди даанараак ашкерелеп турат"-деп туура белгилеген [79]. Чындыгында жомоктогу

образдар аткаруучу кызматына караганда, социалдык кызматты көбүрөөк туюндуруп турат. Жомоктогу окуянын ырааттуу нукта өнүгүшү жана бири-бири менен айкашып чырмалышы, себептен улам натыйжанын туулушу жана аларга болгон баланын ишенимин бекемдөө жомоктцн негизги сапатын түзүп, анын жагымдуу касиетин кошо ырастап турат. Айталы элдик жөө жомоктордун ичинен мына булардын сюжети 3-4 жаштагы балдарга өтө кызыктуу: "Абышка менен түлкү", "Мышык, түлкү, аюу, карышкыр", "Айбандардын достугу", "Кыргый менен түлкү", "Түлкү, ташбака жана чапкене" ж.б.

Жомоктун таасирдүүлүгү анын традициялуу мотивдеринен да ачык байкалат. Окуя дайыма көңүлдүү аяктайт, адилет күч карөзгөйдү жеңиши менен бүтөт да окуянын чыгуу себебин туюнтат. Мектеп жашына чейинки балдардын ортоңку тайпадагы балдарга жомок менен иштөө технологиясы бир аз татаал. Ушундан улам балдарды оюн ишмердүүлүгүн колдонуу технологиясы кайсыл жанрдагы чыгарма болбосун натыйжалуу максатка жетүүгө жардам берет.

"Билим берүү процессинде оюн тигил же бул предметтин кандайча колдонулушу жөнүндөгү суроону чечүүдөгү ийкемдүүлүктү караштырган, оюн процессинде баланын учурдагы негизги абалы, келечекти божомолдогон эрктүү, ички мотивдештирилген ишмердик катары каралат" [134].

*Оюн ишмердүүлүгүндө колдонулуучу технологиялар:*

- өтүлүүчү материалды, чыгарманын негизги максатын түшүнүүдө дидактикалык оюндар;
- сабак учурунда жолдоштору менен баарлашуу жүрөт (ой-пикир бөлүшөт);
- бири-экинчисинин оюн толуктайт, өздүк ишеним пайда болот;
- кыймыл-аракеттин, түрдүү эмоциянын пайда болушу;
- өз алдынча иштөө, түшүнүктөрдү эркин кабыл алуусу;
- жекече чыгарманын мазмунун тактоо;
- оозеки баяндоодо көндүмдөрдүн калыптануусу ишке ашат.

Бала чыгарманы оюн иишмердүүлүгү аркылуу кабыл алуусу үчүн аны биз төмөнкүчө түрлөрүн белгиледик:

- образ жаратуу оюндары;
- вербалдык оюндар;
- кыймылдуу оюндар;
- эмоционалдык оюндар

Уюштуруунун мындай формасы баланын таанып-билүүсү аркылуу тарбиялоо мүнөзүндөгү чыгармалардын сюжеттик курулушунун өтө жөнөкөйлүүлүгү, окуялардын кызыктуулугу, тилинин жатыктыгы менен бөтөнчөлөнөт.

"Адамды курчап турган обьективдүү чындык эмоцияны козгойт жана эмоциянын жардамы менен дүйнө таанылат. Адам баласынын эмоциясыз чындыкты изилдөө эч качан болбогон жана болбойт. Жазуучулардын, акындардын улуу эмгектери да дайым эмоциянын таасиринде жаралган. Анткени тигил же бул иш-аракетти аткарууда эмоциялык абал адамдын өзүндөгү ички жашыруун энергиясын колдонууга мүмкүндүк берет" [183 б.].

*Оюн технологиясы:" Ыр куржун"*

1. Балдарга арналган ырлардын көркөм пафосу, адеп-салт нормаларынын калыптанышы;

2. Көркөм идеяныны ыраатуулугу;

3. Образдуу-конкреттүүлүк, сүрөт-живопись менен шайкештүүлүк;

4. Уйкаштык, мазмундун кенендиги, ойдун чукулдугу;

5. Тил жана стиль курулушунун уйкаштыгы.

Айталы мектеп жашына чейинки өзү окуй албай, бирөөнүн оозунан угуп отурган бала окуянын аягына чыга электе эле өзүнүн көркөм ойлоосу аркылуу уланткысы келет. Анткени алар окуяга тикеден-тике аралашып, сүрөттөөгө жана чечүүгө аракеттенет. Дидактикалык жанрдын системасындагы ырларды мектеп жашына чейинки бөбөктөргө тыбыштар менен муунду, сөз айкаштарын туура айта албай, ачык-так сүйлөөгө

жарабаган балдардын сүйлөө тилин түзөтүү, байланыштуу речин өнүктүрүү максатында түрдүү техологиялар менен колдонуп келет.

"Фольклордогу балдар ырынын тарбиялык мааниси терең. Баланын кичинесинен дени сак, сезимтал, сергек, акылдуу, адептүү өсүшүн көзөмөлдөп, эмгекчил болууга үндөп, чыныгы адам болууга тарбиялоо – балдар ырынын негизги максаты болгон. Ошондуктан кадимки педагогикадагыдай эле мында да дене, акыл, адеп-ахлак, эмгек, эстетикалык тарбия балдар ырынын өзөгүн түзүп турат [17]".

Мектеп жашына чейинки курактагы балдарды "ыр куржун" технологиясы аркылуу ырлардын мазмунун турмуш-тиричилик менен байланыштырып, берилген суроолордун негизинде тарбиялык мааниси дааналанып турат. Мисалы айбанаттар жөнүндөгү ырларга токтолсок:

Татынакай улагым,
Улагымдын маарашын
Кулак коюп угамын.
Жар бооруна токтолбой
Таштан-ташка октолду ай.
Ойнойт менин улагым,
Улагымдын маарашын
Кайта-кайта угамын.

"Улагым" деген бул ырдын бир топ түрү бар. Алардын мазмуну улам кийинки учурлар менен жаңыланып, лирикалык каармандын образын ар тараптан көрсөтөт. Айрымдарына баланын улагына кам көрүүсү анын конкреттүү эмгеги менен бекемделет. Бала бакчадагы ортоңку жана жогорку тайпадагы балдардын бири экинчисине улай ыр саптарын айтып, "ыр куржунун" толтурушат. Улам куржунду кийинкиси толуктап, айтылан ырлар экинчисин ойлонтуп, эстеп калууга түрткү берсе, кээ бир балдар эстеп калган сөздөрү аркылуу уйкаштык түзүмүн түзгүсү келет. Дагы бир кызыктуу ырды тарбиячы көркөм образдуу айтып койсо, балдардын ыр куржуну ого бетер кампайгансып, кудуңдашып калышат. Мисалы, тарбиячы:

Жүргүлө балдар жүргүлө,
Жер кыдырып көрөбүз.
Ар бир ишке машыгып,
Чыйрак болсун денебиз.
Сурнай тартып, ыр ырдап,
Жердин гүлүн теребиз.
Сонун-сонун таштарды,
Издеп таап келебиз.


Балдар адабиятына таандык таасирдүү жанрлардын дагы бири макал менен ылакап. Балдарга руханий тарбия берүүдө макал менен ылакаптар тарбиялык таалими, көздөгөн максаты боюнча негизинен бири-бирине өтө жакын. Айрым учурда бирин экинчисинен ажыратуу кыйын. Ошого карабастан ар биринин өзүнө мүнөздүү белгилери бар. Балага тарбия берүүдө макал программалуу келет. Ал үчүн балага атайын убакыт бөлүп эмес, иш-аракеттин баардык учурунда макал, ылакаптарды орундуу колдонуу туура болот.

*Сүрөттүү жомоктор технологиясы:*

Өтүлүүчү чыгарманын атын аталышын таап, эмне жөнүндө экендигин билүү, деги эле көркөм чыгарманын толугу менен түшүнүү этабы сүрөттөр менен коштолуусу мектеп жашына чейинки балдарга мүнөздүү белгилердин бири. Көркөм чыгарманын түз маанисинде өсүп бараткан окуяга баланын өзүнчө мазмунун кошо аралаштырып, а тургай маселени тикедеден-тике балдар түшүнсө көркөм идеянын ырааттуу таржымалын кошо айтып берет. Себеби балдар адабиятынын каада-салттарынын бири мына ошондо болуу керек. Балдар чыгармачылык жөндөм аркылуу ушунчалык жаркын, кызыктуу жана жагымдуу баян куруп, ар кыл түстө тартылган сүрөттөр, өсүмдүктөр менен гүлдөрдүн, жандуу-жаныбарлар менен маданий эстеликтердин көркүнө байкоо салып, аны күчөтүп айтып берүүгө жасаган живопистүү-көрсөтмөлүү көркөм каражаттары баланын кыялдуу жомокторго саякаты

десе да болот. Чыгармачылык жөндөмдөө уюштурууну төмөнкү (3.2.3) таблица аркылуу көрсөттүк.

**3.2.3 – сүрөт. Мектеп жашына чейинки балдардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү технологиясы**




Мектеп жашына чейинки балдардын бардыгын жазуучу, акындар айтмакчы көргөн нерсесин түш сыяктуу тынчы жок түйшүк менен кабылдашат. Баладагы жандуу кызыгуу туюмдары болсо, өзүнүн кезектеги өнүгүү этабын – шыктын жаралышын камсыз кылып, кыял чабыттары анын жанын жай алдырбайт. Ошентип, балада чыгармачыл өнөргө түпкүлүктүү шарт түзүлүп, орошон турмушка дуушар болгон кезден, баягы жылдыздуу шык канаттуу кыялга, ал тургай, талантка айланып калган эле деп айтууга болот. Кыргыз элинин улуу сүрөтчү, живописи Г. Айтиевдин балалык күндө таасир берген көркөм чыгарманын буга далил. Ал өз балалыгын эскерүүдө көркөм сөз өнөрүн мындайча сүрөттөйт: "Тайкем кечинде жомок айтканда, ички жан дүйнөм ушунчалык толгонуп, сүрөттүү баяндоолорум толкуп-ташып, ошол сүрөттөрдү жок дегенде дубалдын бооруна түшүрүп калбасам, жаным жай алчу эмес". Г. Айтиевд биздин улуттук сүрөтчүлүк өнөрүбүздүн туу башында туруп, анын пайдубалын түзүп, искусствобуздун бир тармагы катары жетилишине себепчи болгон образ катары жандуу туюлат. Анын тулку-турпаты азыркы жеткинчектерибизди жашоого туура карап, мезгил

закымын ыкчам, бирок үнөмдүү пайдаланууга үйрөтө алышы менен үлгү болуп турат.

Анткени мектеп жашына чейинки балдардын курама сүрөттөр аркылуу төмөнкү чыгарманын негизин жарата алышы мүмкүн.

- ✓ чыгарманын көлөмү чакан;
- ✓ чыгарманын окуялары чакан;
- ✓ чыгарманын сюжети тыкан;
- ✓ чыгарманын баяндоо манерасы жатык (жөнөкөй);
- ✓ чыгарманын тили жөнөкөй жана образдуу

"Китеп балдарга өткөн заман тууралуу алардын ата-энелерине караганда жакшыраак жана акылдуураак сөз айтып бере алат. Өзгөчө азыр, биздин турмуш чоң бурулушта турган кезде, дагы эле болсо келечегин күңүрт түшүнгөн адамдар жашап келишет, алар кечээ өздөрүн эзип, думуктурган заманасын көксөгөнүнө кантесиң, акыл жармачтары ошол эле"- деп М. Горький өз эмгектеринин биринде ачык-айкын түшүндүргөн [309].

Бул түшүнүктү азыркы ааламдашуу мезгили менен салыштырып карай турган болсок, дагы эле болсо көпчүлүк ата-энелер эски эле түшүнүк менен кала бергендей туюлуп кетет. Балдар чыгармаларындагы нагыз дидактикалык-педагогикалык табышмактары менен жаңылмачтар мектепке чейинки жаштагы балдарга көркөм-эстетикалык жана педагогикалык психологиянын алкагын туташтырган өзгөчө каражат десе болот. Угуучу окурмандар бул балдар бакчасындагы балдар, убакыт өтүп алар окурман болушат. Тарбиячы, методист чыгарманын драмалык мазмунун балага ачып берүү үчүн кадимки сахналык чыгармага мүнөздүү деталдарды айкалыштырат. Буга мисал катары атайын функцияны аткарып турган каармандын ролун ыр менен берүү кудурети мүмкүн экенине карабай туруп, анын ордуна түшүндүрмөлүү кара сөздөрдү орундуу колдонгондугун айтмакчыбыз. Ошол эле учурда тарбиячы предметтерди ылайыктуу жабдып, алардын образ туюмдуулугун камсыздоо үчүн бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап отурат.

Айрым жаш балдар китептердеги жакшы көргөн сүрөттөрүн улам кескилеп, кыркып отуруп өз алдынча сүрөттүү жомок жараткан балдар жок эмес. Ата-эне, тарбиячылардын аңдоосунда көркөм сөз тарбиясы бала үчүн жападан жалгыз болбосо да, биринчи зарылчылык, негизги ырыс-насип – баланын көркөм өнүгүшү анын кийинки тагдырын кошо аныктоо туура деп айтсак болот. Балдар үчүн жараткан акын, жазуучулардын чыгармаларындагы тарбиялык маңызы, искусство катары табияты, курак - баскычтарга дал келиши тараптан өзгөчө баркка ээ. Чыгармадагы каармандар табигый турпаты кадимки инсан-атуулдар, жорук-жосуну, көркөм образдуулугу тараптан балдар менен аралаш өскөн, бирок ар бири өзүнчө өң-жүзүнө ээ, тилге машык, эркин, оюнкараак, жөпжөнөкөй катары белгиленет.


Табышмактуу сүрөттөр аркылуу ар бир баланын өзүнүн жагымдуу мазмуну менен айырмаланып, көркөмдүүлүктүн күтүлбөгөн кооздук жомогу кээде өзүнө ишенимдүү көркөм ойдон кураштыруусу артат. Бул *биринчиден,* балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, аларга ылайыктап, көркөм ойдон кураштырган жаңыча шарттагы табышмактар менен аңгемелери жаратууга жардам берсе, *экинчиден,* эл оозунда жашап жүргөн табышмактар менен жаңылмачтарды кайрадан иштеп, кооздоп айтып жетишүүгө мүмкүндүк берет. Мектепке чейинки жана кенже мектеп балдарынын руханий муктаждыктарын эсепке алып, алардын ой-санаасын, байланыштуу кебин сөз байлыгын, тапкыч сергектигин, зирек-баамчылдыгын өркүндөтүү максатында көптөгөн табышмактарды, жаңылмачтарды, бат айтмаларды жаратат, кенже класстар үчүн болсо алар адабий окуу китептерин түзөт. Мектеп жашына чейинки балдардын сөз өнөрүнө машыктыруу иши алардын активдүү сөз байлыгын байытуу менен кошо жүргүзүлөт. Көркөм адабият өзгөчө ар бир акын, жазуучулардын лексикага бай чыгармалары зор кызмат аткарат. Кыргыз балдар адабиятындагы профессионалдуулук, эне тидибиздин мүмкүнчүлүгү менен айтканда, элдик салт менен анын психологиясына жарашкан чыныгы балдар адабияты кырзыз балдар жазуучуларынан байкалат десек туура болот.

Бул тууралуу А.С. Макаренко мындайча жазат: "Эгерде адамдын алды жакта кубанычтуу эч нерсеси болбосо, ал жарык дүйнөдө жашап тура албайт. Адамдын жашоого болгон стимулу эртеңки кубанычка алып баруучу келечек жолуна тарбиялоо дегендикке жатат" [339].

Мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдар үчүн асыл топурактуу Ата Журт менен өзөндүү өрүштөрү, табият коолдугу менен анын байлыктары – миң түрдүү канаттуу-перенделери менен жапайы-аңдары, жанга жагымдуу бадалдары менен өсүмдүк-гүлдөрү, кагылтыр тоолору менен мүрөк суулары тууралуу поэтикалык чыгармаларды жазып берген балдар жазуучуларынын эмгектери баалуу. Анткени балдарга арнаган чыгармаларында тематикасы менен көркөм пафосу катары кичинекей атуулдагы адеп-салт нормаларынын калыптанышы тууралуу маселени негизги орунга коюшат.

Бала окуяга кошумча маани берүү үчүн ***түшүндүрмөлүү – көрсөтмөлүүлүк*** максаты менен тартылган китептеги сүрөттөрдү тексттен мурда эле ошол сүрөткө ой-санаасы менен тигилип карайт. Бала эмес, чоң адам деле бул сүрөт-окуяга ыйман сыры менен кадала тиктеп, көпкө турат, аң-таң болуп, бою жыйрылып, мууну бошойт, адабият менен живопись-искусствонун карым-катнашы жөнүндөгү маселени этибар албаса да, сүрөттүү окуяга өз баасын берүүгө мажбур болот. Чыгарманын көркөм мазмунунун молдугунан улам деле, тил жана стиль курулушунан, сюжет структурасы менен окуя түрмөктөрүнүн жасалгасы жагдайынан деле жаш окурман, угуучулардын купулуна толуп, белгилүү даражадагы көркөм эстетикалык руханий азык алып келет. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоодогу ата-эненин жоопкерчилиги, социалдык коомдун катышы, кол-кабыш жасоо түйшүгү көркөм өнүгүүнүн шарттуулугун арттыруу ар бирибиздин милдетибиз.

**3.2.4 – сүрөт. Тамга – сөз, сүйлөм – текст – баланын кебин өнүктүрүүдөгү "Сабак – Саякаттуу жомок" технологиясы.**




Көркөм чыгарманы окууда, ***оозеки кепте:***

- окулган чыгарма боюнча сүйлөшүү;
- окулган чыгарманы кайра айтып берүү;
- окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү

Көркөм чыгарманы окуунун ***практикалык аткарылышы:***

- оюн-драматизация;
- дидактикалык оюндар;
- сүрөт тартуу иш-аракети (түстүү боёктор, скультура)
- манжалар менен иштөө (апликация)
- сахна, театр көрүнүштөрү

Көркөм чыгарманы окууда ***көрсөтмөлүүлүк:***

- оюнчук, иллюстрация;
- анимация, мультифилим, видео б.
- балдар театры ж.б.

Каармандын баштан кечирген окуясын автордук баяндоодо туюндуруу балдар үчүн чыгарманын бир бөтөнчөлүгү катары эсептелинет. Себеби мындай ыкма, биринчиден, балдар турмушуна байкоо жүргүзүү үчүн кенен шарт түзөт. Экинчиден, кичинекей каармандын бар дүйнөсү, ой-санаасы, жүрүм-туруму, эрк сапаты жакшы ачылат. Анткени балдарга туюмдуу болсун үчүн сүрөттөлүп жаткан окуяны ошол окуяга тикеден-тике катышы бар адамдын эскерүүсү иретинде баяндоо ыкмасы да бул жерде максатка ылайыктуу келип отурат. Адамдар арасындагы жана жеке адамдын турпатындагы ынтымактуулук касиеттери анын өзү менен кошо төрөлө турган нерсе эмес, ал тарбиянын предмети болуп эсептелет. Балдар бул касиетке эртелеп, үй-бүлөдө жана бала бакчадагы курактан тартып көнүктүрүлүшү зарыл, ансыз ата-энеге жана коомго кыйын болору учурдун заманы аныктап койду. Баланы өзүнчө китеп окуй тургандан тартып, жакшы китептерди окууну, улуулардын таалимин алууну өспүрүм өзүнчө сабак кылып алуусу тийиш болгон ишке маани берүү керектиги ойлондурбай койбойт.

Жорук-жосуну жактан токтоно электиги, олку-солкулугу, жашыктыгы жана ашкере баёлугу менен балдар айырмаланат. Мектеп жашына чейинки балдардын көркөм табити, туюу жана кабыл алуу жөндөмү окуянын кызыктуулугун, кубулжуган түстөрдү, күтүүсүз келген жаңылыктарды талап кылат. Анын баарын көркөм сөз каражаттары болгон китептен издешет. Китеп окуу балдар үчүн турмуштун жаңы сюжети, андан сезим үчүн азык, жаңы маалымат алгылары келет. Себеби бала өзүн эч качан бала катары эсептебейт, өзүн чоңдорго теңештирип, алардан төмөн болуунун каалашпайт. Анын үстүнө, мектепке жашына чейинкилер чөйрөгө болгон көз карашын ырастап, жамаат ичиндеги өз ордун табууга болгон аракети дал ушул курактан башталат.

Балдар адабиятындагы чыгармаларды мектеп жашына чейинки курактагы балдарга түрдүү форма, метод, технологиялар менен колдонуунун негизги милдеттеринин бири катары балдарды руханий жактан тарбиялоо

иши, оболу үй-бүлөдөн башталып бала бакча менен уланып отурат. Баланын жоругундагы алгачкы урунттуу белгилери үй-бүлө, бала бакчадан түптөлүп, үй-бүлөдө түзүлгөндөн кийин, анын образы менен ата-энелердин образдары кошо өсүп чыгышы табигый маселе болуп эсептелет. Баланын балдар бакчасынан алышкан билим, тарбиясын сүрөттөө зарылчылыгына байланыштуу үчүнчү бир маанилүү образ системасы – мугалим, тарбиячылардын образдары да өнүгүп чыга келет. Ошондуктан мектепке чейинки курактагы балдардын коомдук мамиледен өзгөчө бөлүп сүрөттөлбөстөн, өзүн курчап турган айлана-чөйрө менен тыгыз мамиле-байланышта, коомдогу адамдар менен болгон ар тараптуу мамиле катнаштарда көрсөтүлөт. Балдар бакчалары менен үй-бүлөнүн ортосундагы байланыштуу иш-формалаынын дайыма эле сактала бербеши, кээ бир ата-энелердин баланы тарбиялоого туура мамиле жасоонун ордуна, тарбиячы, мугалим тарабынан берилип жаткан таалим-тарбияга өзүн карама-каршы коюп, азыркы учурда балага туура келбеген каада-салттын таңуулоого, аны менен белгилүү өлчөмдөгү залакасын тийгизүү сыяктуу учурлар юолуп жаткандыгы анык.

Демек, баланы руханий жактан тарбиялоодогу бала бакча менен үй-бүлөнүнкарым-катнашын, алардын биргелешип жүргүзүлүүчү иш-формаларын, методдорун, окутуу, колдонуу технологияларын өзүнчө көйгөйлүү процесс деп айтсак жаңылышпайбыз.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

Мектеп жашына чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун формалары, методдору жана технологиялары аттуу жыйынтыктоочу бапта үч негизги деп аталган маселелер каралды, алар:

**"Мектеп жашына чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун формалары, методдору жана технологиялары"** деген үчүнчү баптын *"Балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун формалары жана методдору"* биринчи бөлүмүндө учурдагы балдар адабиятындагы материалдарды колдонуунун формалары, метоодору жана окутуунун, колдонуунун технологиялары өзүнчө каралды. Билим, тарбия берүү олуттуу жаңылануу тарыхый доордогу бөгөттөрдү, таймаш-күрөштөрдү, бут тоскон каршылыктарды кыйратуудан улам жаңы агымдын талабына жараша калыптана берет. Тарыхый окуялар көркөм чыгармачылыкка таасирин тийгизип, жакшылыгын жугузбай койбойт. Акыркы жылдарда коомубузда жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, жаңыча ойлоо, адам тагдырына аздектеп мамиле жасоого карата кыргыз балдар адабиятына да таасирин тийгизип келүүдө.

Балдар дүйнөсүнө балалык баёлуктун даражасына эмес, сүрөткердин жоопкерчилигинен туруп мамиле кылуу керектигин көрсөттү. Балдар үчүн жана балдар тууралуу кантип жана кандайча руханий тарбияны калыптандырса боло тургандыгын үлгү-жоболорун ушул көркөм балдар чыгармаларынан экендигин аңдап-билүүбүз абзел.

Бирок, балдардын турмуш-тиричилигин, жорук-жосундарын сүрөткерче байкап, мектеп жашына чейинки балдардын мүнөзүндөгү пайда болуп жаткан жаңы сапатын, психологиялык түр-дүйнөсүн таамай аныктап, аларды балалык кыялдануусуна ылайык көркөм каражаттар менен өзгөчө ыкмалар аркылуу ачып берүү маселеси балдар чыгармаларындагы негизги улуу даража. Баланын жан-дүйнөсүн ачып, психологиялык өзгөчөлүктөрүн туура сүрөттөгөн чыгармалар менен балага руханий тарбиянын азыгын топтоо көркөм сөз каражаттарынын башкы максаты.Ошондой болсо да ата-

эне, тарбиячы бул ишке өтө жоопкерчилик менен мамиле жасап, балдар адабиятынын спецификасын туура өздөштүрүп, коюлган көйгөйдү баланын сезүү, кабыл алуу, ой-жүгүртүү, дүйнөнү көркөм кабылдоо аракеттерине ылайыктап чечүүгө болот.

Үчүнчү баптын *"Мектепке чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу аркылуу руханий тарбиясын, билимин калыптандыруунун технологиялары"* аттуу экинчи бөлүмүндө изилдөөгө алынган учурдагы мектеп жашына чейинки балдардын талабына жараша образ түзүүнүн жаңы ыкмаларын, уюштуруунун жаңы формаларын, колдонуу технологияларын, мазмунун, урунттуу көркөм деталдарды изилдөөгө арналды. Илим менен техниканын гүлдөп өсүшүнө, учурдагы сыналгы менен үналгынын жана көркөм тасмалар менен балдар театрларынын ар кыл курак баскычтагы балдар үчүн берип жаткан массалык маалыматтар менен бирге, жакшы жазылган адабий чыгармалар балдардын жан-жолдошуна айлантууну адамзаттын баары тең ойлонгондо гана, келечек муундун жолу туура нукта бара жаткандыгын байкоого болот. Кыргыз балдар адабиятынын фондусун түзүп, жумалык, айлык чыгуучу маалымат каражаттарын көркөм чыгармага басым жасап, балдар китептерин жеткиликтүү ишке ашыруу да биринчи маселелердин бири. Балдар адабияты жалаң тестиерлер менен өспөрөмдөргө арнап табият таануу, техника, дене тарбия жана тарых илимдерининин азыркы ачылыштардын кабарлаган серияларды тартуулоочу каражат катары билүү ар бир тарбиячынын эсинде болушу керек.

Азыркы кыргыз балдардын, мектеп жашына чейинки курактагы балдардан тартып, илимий-популярдуу жана коомдук-саясий чыгармалар менен куралдаштырып, туура багытта бара жатабы же жокпу аны билүүбүз керек. Анткени мектепке чейинки билим берүү программасынын негизинде балдар көркөм адабияттагы чыгармалар менен чектелген формада гана таанышып, анчейин түшүнүк ала алышпай, аларды өз ыктыярлары менен үйрөнүп алуусу жакшы натыйжа берет деп да эч ким айта албайт.

Учурда тарбиячы менен баланын ортосунда жарыяланбаган, бирок айкын туюлуп турган күрөштөр бар. Мисалы, бала бакчадагы балдар дагы эле болсо тарбиячыларды жадатып, сабагына жана тарбиялык жумушуна кайдыгер карашат. Мунун өзү, биринчиден, мектеп жашына чейинки балдар менен өспүрүмдөрдүн өсүү өзгөчөлүктөрүнөн, экинчиден, жалпыга милдеттүү билим берүү көйгөйүн ишке ашыруунун татаал мүнөздүүлүгүнөн келип чыгат. Мектеп жашына чейинки балдардын кулк-мүнөзүндөгү ушундай көрүнүштөрдү бала бакчанын тарбиячысы байкоо жүргүзүү менен тарбия маселесине кылдат мамиле жасоого тийиш. Тактап айтканда балдар адабиятындагы көркөм чыгармалардагы каармандын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун тарбиялоого айкалыштырууда, калыпка салуу жана аны натыйжалуу бүтүрүүсү керек.

Балдар үчүн жагымдуу образ жана сюжет куруунун жаңы ыктарын, кызыктуу уюшулган конфиликтерди, көркөм каражаттарды тарбиячы сабакта түрдүү технологиялар менен уютуруусу азыркы учурда абдан маанилүү. Анкени материалдарды өздөштүрүү ыкмалардын көпчүлүгү кийинки өтүлүүчү сабактардын максатына жетүүгө өбөлгө түзөт.

Учурда балдар илим менен техниканын жаңылыктарын жапатырмак талашып окушууда. Бирок, кыргыз балдар адабиятынын абалын иликтеген кээ бир илимий эмгектер жазылып, китепчелердин жарык көрүшү бир аз ойлондуруп, алдыңкы прогрессивдүү элдердин балдар адабияты деген көркөм чыгармачылыктын профессионалдуу өзүнчө бир тармагын пайда кылып, өнүктүрүп, аны теориялык, практикалык жалпылоонун жаңыча ой туундуларына биз практикалык сунуштарыбызды гана билдирсек дейбиз.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Демек, диссетациялык изилдөө ишибизди жыйынтыктоонун соңунда биринчи, экинчи, үчүнчү баптын ар бир бөлүмүнүн корутундуларынын негизинде жалпылаштырып төмөкүдөй жыйынтыктарды чыгардык:

1. Кыргыз балдар адабиятынын социалдык-коомдук маанисин ачууга, адабияттын мектеп жашына чейинки балдарга таасирин, ролун ачып берүүдө, туруктуу көңүл бурушуна, көркөм чеберчиликтин мындан ары артышына бир эле балдар бакчасындагы тарбиячы, методисттер эле эмес, руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын өнүгүшү үчүн белгилүү даражадагы коомдук пикир дагы болушу керек экендиги белгилүү болду. Руханий тарбия берүүгө карата элдик оозеки чыгармачылыктын өз ара тармактанган түрлөрүнөн тартып, балдар акын, жазуучулардын чыгармаларын, балдар адабиятын изилдөөгө алган теорик-практиктердин ишин анализдөөгө алдык. Балдар чыгармаларынын жетилүү мезгили, эгемендүүлүккө чейинки жана андан кийинки абалын да изилдөө ишибизде талдап, мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы өтүлүп жаткан программалардагы темаларга токтолдук. Руханият түшүндүрмөсүнө жалпы анализ жүргүзүп, балдар адабиятынын ролун толуктоого аракет жасадык. Негизи эле балдар адабиятынын табиятына кайрылып, алардын үй-бүлөдөгү, бала бакчадагы балдарды тарбиялоодогу негизги каражат экендигин ачып көрсөттүк.

2. Балдар адабиятындагы көркөм чыгармалар аркылуу баланын курак баскычына жара руханий тарбия берүүгө карата максат, милдеттерди ишке ашырууда изилдөө ишибиздин обьектисин жана предметин аныктоого жетиштик. Балдар чыгармалары руханий тарбиянын курамдык бөлүгү болгон көркөм-эстетикалык тарбиянын кубаттуу каражатына айланат. Көркөм сөз байлыктын, анын законченемдерин жаңыча багытта кайра өндүрүп, коомдук турмуштун кыймылы, анын коoздугу менен байланыштыра заманбап методдор, формалар менен уюштуруу керектигине токтолдук. Жалпы эле балдар адабиятын мектеп жашына чейинки курактагы балдарга колдонуунун негизги этаптарын бөлүп, алардын психологиялык (кабыл алуу, эс, ойлоо,

көңүл буруу ж.б.) абалына карай чыгармаларды кантип? эмненин негизинде окутуу керектигине басым жасадык. Анткени мектеп жашына чейинки курактагы балдардын негизги ишмердүүлүгү оюн жана баарлашуу. Балалык жашоонун өзү баланын баёлук сезими менен айырмалангандыктан, аларга тарбия, билим берүүдөкөркөм чыгарманын ролу чоң экендигин белгилеп кеттик.

3. Билим, тарбия берүү системасы бир орунда турбайт. Тарбия бул адам баласынын түбөлүктүү категориясы. Аны менен адамдардын тагдыры чечилери баарбызга маалым. Ал индивид болуп төрөлгөн учурдан баштап эле тарбия менен тарбиячыга муктаж. Антпесе ал жөн эле жашап турууга да мүмкүн эмес. Демек, тарбиялоонун негизги каражаты кеп, тактап айтканда көркөм чыгармалар. Көркөм чыгарманын бирден-бир милдети жеткинчектерди турмуш жоболорунун келечек багытына тарбиялоодогу мааниси мына ушунда деп айтууга болот. Баланын кийинки жашоосунда окурман болушу, балдардын чөйрөгө болгон тую сезимдерин, мамиле-катнашын өнүктүрөт. Кубулуштардын закон-ченемдери менен тааныштырат.

4. Кыргыз балдар адабиятындагы чыгармалар биздин улуттук маданиятка чоң салым, кымбат мурас болуп кызмат кылганын учур өзү айкындады. Болгону ошол көркөм чыгармаларды мезгилдин талабына, анын орчундуу талаптарына басым жасап, окуу, тарбия эмгегин баланын негизги ишмерчилигин түзүп алуу, үй-бүлө менен коштолуп, социялдык коом менен ишке ашары анык экени билинип турат. Ошол маселелерди коомго туюндуруу ыкмаларында баланын ички жан дүйнөсүн, ишенимдерин, патриоттук сезимдерин жогорку деңгээлге чыгаруу, ынтымактыкты чыңдоо милдеттерин койду.

Диссертациялык ишибизди изилдөөгө алган мезгилде аныктап алган милдеттердин аткарылуусуна токтолсок, жалпы илимий ишибиз башында коюлган максат-милдетине жетти деген үмүттөбүз.

**Биринчи милдет боюнча:** Мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоонун теориялык жактан үйрөнүлүп, мектепке чейинки билим

берүү уюмдарындагы бала бакчалардан, мектептен, үй-бүлөдөн жана коомчулук менен ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттыранын бири экендигин, бул педагогика илиминде актуалдуу маселе экендигин белгилөөгө мүмкүндүк берди.

**Экинчи милдет боюнча:** Мектеп жашына чейинки балдарды руханий жактан тарбиялоо процессинде балдар адабиятынын ролун толуктоодо, балдардын курак жашына карата көркөм чыгарманын идеясын түшүнүүгө жана ойлоо аркылуу талдоого карата болгон конкреттүү мамилелерине келе турган болсок, чыгармадагы образдар аркылуу чечмеленүүчү идеяга берген баасынын өлчөмү жалпы жана окшош белгилерине караганда, ар бирине мүнөздүү жалкылык жана кабылдоосундагы спецификалуулуктун негизги учуру дал ушунда турат.

**Үчүнчү милдет боюнча:** Балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутуунун алгылыктуу методдорун аныктоодо, мектеп жашына чейинки баланын балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды тереңдетип жана эмоционалдуу өздөштүрүп кетүүсүнө шарт түзүүчү методдордун жана ыкмалардын системасынын көз каранды. Анткени жеткинчектер өзүн-өзү тарбиялоого өтө элек учурда, балдар чыгармаларын окутуунун метот, ыкмаларын аныктап, бул багытта көркөм эмоциянын, образдардын таасири менен күчү аркылуу пайда болгон өспүрүмдүн социалдык активдүүлүгү анын өсүп жетилишиндеги негизги факторлордун бири экендигине токтолдук. Балдар адабиятындагы чыгармаларды талдоо, алдыңкы тарбиячы, методисттердин жардамы менен изилдөөбүздүн эксперименталдык иши учурунда көркөм чыгармаларды окутуунун натыйжалуу методдору аныкталды.

**Төртүнчү милдет боюнча:** Алгылыктуу методдор педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүүдөн өттү жана аны практикага колдонууга сунуш кылынды.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Балдар адабиятындагы көркөм чыгармалар аркылуу мектепке чейинки балдарды руханий, адеп-ахлактык жактан тарбиялоо системасынын өндүрүмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун коомчулук, илимпоздор, практик мугалимдер, тарбиячылар жана ата-энелер менен биргелешип камсыз кылган педагогикалык шарттарды жана уюштуруу ченемдери аныкталышы шарт.

2. Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий, адеп-ахлактык билим жана тарбия процессин административдик, педагогикалык, психологиялык башкаруунун принциптерин, технологияларын, методдорун, формаларын жана каражаттарын иштеп чыгуу боюнча илимий изилдөө иштерин системалуу жүргүзүү жагы камсыз кылынышы керек.

3. Балдар адабиятындагы чыгармаларды адабий-теориялык жана педагогикалык жактан изилдөө, аларды бала бакчалардын сабактарында окутуу, алар аркылуу тарбиялоонун мыкты үлгүлөрүн колдонууну, республикалык масштабда кенен жайылтуу практикалансын.

4. Балдар чыгармалары аркылуу балдарды руханий жактан тарбиялоонун комплекстүү программаларын иштеп чыгуу жана аларды эксперименталдык иште сынап көрүү.

5. Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагындагы балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо боюнча автордун дидактикалык жомогун колдонуу технологиясын ишке ашыруунун өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылган педагогикалык шарттарды системалаштыруу.

6. Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагындагы балдарда өздөрүнүн жүрүм-турумуна түрткү берүү үчүн башка адамдардын адеп-ахлактык иштеринин маңызын түшүнүүгө жана ишке ашырууга умтулуунун калыптануу деңгээлдеринин үзгүлтүксүздүгүн педагогикалык, психология илим тармагында изилдөө иштерин жолго коюу зарылдыгы бар.

# ПАЙДАЛАНЫЛГЫН АДАБИЯТТАР


1. Абдраева, Н.Э. Педагогикалык жогорку окуу жайларында "Балдар адабияты" дисциплинасын окутуунун методикасы [Текст]: пед.илимд.канд.дисс: 13.00.02 / Э.Н. Абдраева. – Бишкек, 2016. – 213 б.
2. Абдраева, Н.Э. Педагогикалык жогорку окуу жайларынды "Балдар адабияты" дисциплинасын окутуунун методикасы [Текст]: пед.илимд.канд. авторефераты: 13.00.02 / Э.Н. Абдраева. – Бишкек, 2016. – 44 б.
3. Абдыраимова, Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей. Монография [Текст] / Р.А. Абдыраимова. – Киев, 1997. – 187 с.
4. Аванесова, В.Н. Обучение самых маленьких в детском саду [Текст] / В.Н. Аванесова. – М.: Просвещение, 1968. – 190 с.
5. Каирова, И.А. Азбука нравственного воспитания [Текст]: Пособие для учителя под.ред. 3-е изд., перераб. и доп. / И.А. Каирова, О.С. Богдановой. – М.: Просвещение, 1979. – 318 с.
6. Алексеева, А.В. Особенности поведения застенчивых детей и методы их воспитания [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.02 / А.В. Алексеева. – Л.: 1976. – 13 с.
7. Алексеенкова, Е.Г. Зависимость эмоционального отношения дошкольников к персонажам сказки от её композиции [Текст] / Е.Г. Алексеенкова. – М.: Вопросы психологии, 2006. – № 6. 39 – 47с.
8. Алимбеков, А. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы (тарыхы, азыркысы, көйгөйлөрү) [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 2020. – 61-62 б.
9. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / А. Алимбеков. – Б.: 2001. – 43 б.
10. Айтымбет кызы Айгул. Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү абалы жана келечеги [Текст]: тарых илимд. канд. диссертация: 07.00.02 / Айтымбет кызы Айгул. – Бишкек, – 57-276 б.

11. Антонова, Т.В. Особенности общения старших дошкольников со сверстниками [Текст] / Т.В. Антонова. – М.: Дошкольное воспитание, 1975. № 10, – 34-38 с.
12. Апышов, Б. Педагогика [Текст] / Б. Апышев, Д. Бабаев, Т. Жоробеков. – Бишкек, 2002. – 5-7 б.
13. Аржанова, А.Н. Чувство дружбы у детей дошкольного возраста. В кн.: Ученые записки Андижанского пед. ин-та, 1987, вып. [Текст] / А. Аржанова. – Москва, 1987. – 234 с.
14. Аркин, Е.А. Родителям о воспитании [Текст] / А.Е. Аркин. – Москва, 1987. – 165 с.
15. Аркин, Е.А. Дошкольный возраст [Текст]: 5-е изд., доп. переработанное / А.Е. Аркин. – М.: Педагогика, 1988. – 71 с.
16. Артемова, Л.В. О характере взаимоотношений среди дошкольников [Текст]: кн. коллектив, личность ребенка, внутри коллективные отношения / Л.В. Артемова. – М.: 1970. – 160-167 с.
17. Артемова, Л.В. Организация взаимовлияния детей в игре [Текст]: Дошкольное воспитание / Л.В. Артемова. – М.: 1972. – № 6. – 46-50 с.
18. Артемова, Л.В. Формирование общественных черт характера в процессе взаимоотношений старших дошкольников [Текст]: Дошкольное воспитание / Л.В. Артемова. – М.: 1970. – № 3. – 45-51 с.
19. Асаналиев, Б. Жомоктор [Текст] / Б.Асаналиев. – Б.: 2014. – 203 б.
20. Асаналиев, Б. Селкинчек: ырлар, табышмактар, жаңылмачтар, калптар, аңгемелер, жомоктор [Текст] / Б.Асаналиев. – Б.: 2013. – 26 б.
21. Асаналиева, М.М. Духовное воспитание в творчестве детских писателей [Текст] / М.М. Асаналиева [Эллектронный ресурс]. – Б.: "Вестник КРСУ" 2021. – №2. – 79-84 с. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44951925
22. Асипова, Н.А. Демократиялык коомдо жаштарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо [Текст]: Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы / Н.А. Асипова, Д.Айтымбетова. – 2007. – №5. – 72-76 б.

23. Асипова, Н.А. Проблемы духовно-нравственного воспитания в новых экономических условиях [Текст]: Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова / Н.А. Асипова. – 2007. – №5. – 72-76 б.
24. Бабаева, Т.И. Формирование доброжелательного отношения детей старшего дошкольного возраста к сверстникам в процессе общения [Текст]: автореф. дисс. канд.пед.наук: 13.00.01 / Т.И. Бабаева. – Л.: 1973. – 23 с.
25. Байгазиев, С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз: Мектеп мугалимдери, билим берүү кызматкерлери үчүн [Текст] / С.О. Байгазиев // Эл агартуу журналынын 70 жылдыгына карата. – Бишкек, 1998. – 100 б.
26. Байгазиев, С.О. Инсандын ич жактан жаңылануусунун зарылдыгы [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 1998. – 30 б.
27. Балаты Балдар бакчасы үчүн хрестоматия [Текст] / [Сартбаев К., А. Мурataлиева, А. Искакова, ж. б.]. – Ф.: Мектеп, 1989. – 256 б.
